
# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ
# КООМДУК КООПСУЗДУКТУН
# ЭЛ АРАЛЫК ИЗИЛДӨӨСҮ 2015

## СОҢКУ ОТЧЕТ







реформы
И РЕЗУЛЬТАТ

«Реформа жана  жыйынтык үчүн» Жарандык союзу

## Кыргызстандагы коомдук коопсуздуктун эл аралык изилдөөсү – 2015

# Финалдык отчет

Бул билдирүү 2015-жылы Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн «Коомдук коопсуздукту эл аралык изилдөөнүн» жыйынтыктарын камтыйт. Изилдөөнүн демилгечиси “Реформа жана жыйынтык үчүн” Жарандык союзу, социологиялык сурамжылоону ГОРБИ компаниясы (Грузия) түздөн түз уюштурган. Ушул документ, жүргүзүлгөн изилдөө боюнча ГОРБИнин акыркы отчетун жана Тильбург Университетинин (Нидерланды) криминология профессору Ян Ван Дайктын талдоосун камтыйт.

Басылмада берилген маалымдарга жана ушул басылманы жайылтууга байланыштуу суроолор боюнча icvs@reforma.kg электродук дарегине кайрылыңыздар.

Бул басылма Америка Кошмо Штаттарынын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Басылманын мазмуну үчүн «Реформа жана жыйынтык үчүн» Жарандык союзу жооптуу жана ал USAID же Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн көз карашын сөзсүз түрдө чагылдырuусу шарт эмес. Ушул басылма кыргыз, орус жана англис тилдеринде жеткиликтүү. Башка тилдерде мааниси бурмаланган жана түшүндүрүлгөн учурда, орус тилдеги нускасы негизги документ болуп саналат.

**Мазмуну**

"Реформа жана жыйынтык үчүн" Жарандык союзунан кириш сөзу........................................9

1. Резюме ........................................................................................................11

2. Кириш сөз......................................................................................................15

3. Тандоонун демографиясы ..............................................................................16

4. Ар кандай түрдөгү укук бузуулардын жайылуу деңгээли ..................................20

5. Укук бузуулардын түрлөрү..............................................................................21

5.1. Унаа каражаттарына карата укук бузуулардын натыйжасындагы виктимизация . 21

5.1.1. Автомобилди айдап качуу.............................................................................22

5.1.2. Автомобилдин ичинен уурдоо .....................................................................24

5.1.3. Мотоциклди уурдоо......................................................................................25

5.1.4. Велосипедди уурдоо.....................................................................................26

**5.2.** Бузуу менен уурдоолодун жана уурдоолордун башка түрлөрүнүн натыйжасындагы виктимизация ....................................................................... 27

5.2.1. Мал уурдоо .................................................................................................27

5.2.2. Турак жайга кирүү менен уурдоо (бузуу менен).........................................28

5.2.3. Жеке мүлктү уурдоо ....................................................................................30

**5.3. Зомбулук кылмыштардын натыйжасындагы виктимизация**............................... 31

5.3.1. Тоноочулук ................................................................................................. 31

5.3.2. Рэкет ...........................................................................................................33

5.3.3. Кол салуу/Коркутуу ......................................................................................33

5.3.4. Анкетаны өз алдынча толтуруу [аялдар үчүн гана] ......................................36

**5.4. Салттуу эмес кылмыштарды (укук бузууларды) жасоонун натыйжасындагы виктимизация** ................................................................................................ 40

5.4.1. Банк картасы/онлайн алдамчылык ....................................................................................40
5.4.2. Керектөөчүлөрдү алдоо ...................................................................................41
5.4.3. Паракорлук........................................................................................................43
6. Укук бузуулар жөнүндө милицияга арыз берүү жана жапа чеккендерди канааттандыруу.......45
7. Укук коргоо органдары тарабынан укук тартибин камсыз кылууга (укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнө) калктын мамилеси ..............................................................56
7.1.1. Жарандардын милиция менен баарлашуусу......................................................58
7.1.2. Өзүнүн демилгеси боюнча милицияга кайрылуу ..............................................58
7.1.3. Рулда отурган респондентти Жол-кайгуул кызматы тарабынан токтотуу.............61
7.1.4. Жөө респондентти токтотуу ..................................................................................64
8. Тобокелдик топтору ..........................................................................................69
9. Кылмыштын курмандыктарына жардам көрсөтүү ....................................................75
10. Уюшкан кылмыштуулуктун алдында коркуу ..........................................................76
11. Ар кандай суроолор: жазалоо, коңшулаштык жана алдын алуу чаралары......................82
12. Кыргызстандагы кылмыштуулук глобалдуу перспективанын көз карашы менен .....................85

**Кыргызстандагы кылмыштуулук таблицалардын тизмеси**

Таблица 3-1: Регион боюнча тандоонун өлчөмү ........................................................ 16
Таблица 3-2: "Кыргызстанда коомдук коопсуздукту" изилдоо үчүн тандоонун мүнөздөмөсү ............................................................................................................ 18
Таблица 4-1: Жайылуунун деңгээли ........................................................................ 20
Таблица 5-1: Автомобилге ээлик кылуу .................................................................. 22
Таблица 5-2: Автомобилди айдап качуу.................................................................... 23
Таблица 5-3: Автомобилди айдап качуу – автомобилди кайтарып берүү? .......................... 23
Таблица 5-4: Автомобилдин ичинен уурдоо .............................................................. 24
Таблица 5-5: Мотоциклге ээлик кылуу ...................................................................... 25
Таблица 5-6: Мотоциклди айдап качуу ...................................................................... 25

Таблица 5-7: Велосипедге ээлик кылуу ........................................................................ 26
Таблица 5-8: Велосипедди уурдоо ............................................................................. 26
Таблица 5-9: Малга ээлик кылуу ................................................................................ 27
Таблица 5-10: Малды уурдоо ...................................................................................... 27
Таблица 5-11: Мал уурдалган жер .............................................................................. 28
Таблица 5-12: Бузуу менен уурдоо ............................................................................. 28
Таблица 5-13: Бузуу менен уурдоо – мүлк уурдалдыбы? .......................................... 29
Таблица 5-14: Бузуу менен уурдоо – келтирилген зыянды баалоо ........................... 29
Таблица 5-15: Бузуу менен уурдоо – компенсация .................................................. 30
Таблица 5-16: Уурдоо ................................................................................................... 30
Таблица 5-17: Уурдоо – чөнтөк уурулугу .................................................................... 31
Таблица 5-18: Тоноочулук ........................................................................................... 31
Таблица 5-19: Тоноочулук – буюмдар уурдалдыбы ? ................................................. 32
Таблица 5-20: Тоноочулук – курал колдонуу мененби? ............................................. 32
Таблица 5-21: Рэкет ..................................................................................................... 33
Таблица 5-22: Кол салуу .............................................................................................. 34
Таблица 5-23: Кол салуу – Коркутуу же күч колдонуу? .............................................. 34
Таблица 5-24: Кол салуу – курал колдонуу менен? .................................................... 35
Таблица 5-25: Кол салуу – үчүнчү жактардын катышуусу менен? ............................. 35
Таблица 5-26: Кол салуу - үчүнчү жактын тарабынан жардам көрсөтүлдүбү? ........... 35
Таблица 5-27: Кол салуу – алкоголдун таасири астында? ......................................... 36
Таблица 5-28: Кол салуу – жаракат алындыбы? ......................................................... 36
Таблица 5-29: Сексуалдык негиздеги кылмыштар ...................................................... 37
Таблица 5-30: Сексуалдык зомбулук – зомбулуктун түрү ........................................... 38
Таблица 5-31: Сексуалдык зомбулук - укук бузуучу менен кандай мамиледе? ......... 38
Таблица 5-32: Кыз ала качуу ....................................................................................... 39
Таблица 5-33: Кыз ала качуу – алдын ала макулдугун берүү ..................................... 39
Таблица 5-34: Банк картасы/онлайн алдамчылык ...................................................... 40
Таблица 5-35: Банк картасы/онлайн алдмчылык – бир нерсе уурдалдыбы? ............. 41

Таблица 5-36: Банк картасы/онлайн алдамчылык – уурдоонун түрү .................................... 41
Таблица 5-37: Керектөөчүлөрдү алдоо .................................................................... 41
Таблица 5-38: Керектөөчүлөрдү алдоо – алдоонун түрү ........................................... 42
Таблиц 5-39: Керектөөчүлөрдү алдоо - Интернет аркылуубу? .................................. 42
Таблица 5-40: Паракорлук ...................................................................................... 43
Таблица 5-41: Паракорлук – ким кошулган? ............................................................ 43
Таблица 6-1: Укук бузуулар жөнүндө милицияга арыз берүү ..................................... 45
Таблица 6-2: Алдамчылык жөнүндө милицияга арыз берүү ...................................... 47
Таблица 6-3: Пара алуу жөнүндө бийлик органдарына билдирүү .............................. 48
Таблица 6-4: Милицияга арыз жазбоо үчүн негиздеме (1) ........................................ 49
Таблица 6-5: Милицияга арыз жазбоо үчүн негиздеме (2) ........................................ 50
Таблица 6-6: Жазуу түрүндөгү арызды алууга даяр болуу ........................................ 51
Таблица 6-7: Милициянын аракеттерине канааттануу .............................................. 53
Таблица 6-8: Милициянын аракеттерине нааразы болуу үчүн себептер (1) ................ 54
Таблица 6-9: Милициянын аракеттерине нааразы болуу үчүн себептер (2) ................ 55
Таблица 7-1: Жергиликтүү милицияга карата кабыл алуу ........................................ 56
Таблица 7-2: Жергиликтүү сотторго карата кабыл алуу ........................................... 57
Таблица 7-3: Жөө милиция патрулу менен жолугушуу .............................................. 58
Таблица 7-4: Өзүнүн демилгеси боюнча милицияга кайрылуу? ................................. 59
Таблица 7-5: Өзүнүн демилгеси боюнча – өздөрүн милиция кызматкерлери катары тааныштыруу? ........................................................................................................ 59
Таблица 7-6: Өзүнүн демилгеси боюнча - адилеттүү мамиле кылуу? ......................... 59
Таблица 7-7: Өзүнүн демилгеси боюнча - сый мамиле кылуу? .................................. 60
Таблица 7-8: Өзүнүн демилгеси боюнча - ишке карата канааттандыруу .................... 61
Таблица 7-9: ЖКК – өткөн жылы токтоттубу? ........................................................... 61
Таблица 7-10: ЖКК - өздөрүн милиция кызматкерлери катары тааныштыруу? .......... 62
Таблица 7-11: ЖКК – токтотуунун себеби эмнеде? .................................................. 62
Таблица 7-12: ЖКК – адилеттүү мамиле кылуу? ...................................................... 63
Таблица 7-13: ЖКК – сый мамиле кылуу? ............................................................... 63

Таблица 7-14: ЖКК – алардын учуруда милиция кызматкерлеринин аракеттери менен канааттандыбы? ........ 64
Таблица 7-15: Милициянын жөө патрулу - өткөн жылы токтоттубу? ........ 64
Таблица 7-16: Милициянын жөө патрулу - өздөрүн милиция кызматкерлери катары тааныштыруу? ........ 65
Таблица 7-17: Милициянын жөө патрулу – токтотуунун себебин түшүндүрүү? ........ 65
Таблица 7-18: Милициянын жөө патрулу - токтотуунун себеби эмнеде? ........ 66
Таблица 7-19: Милициянын жөө патрулу - адилеттүү мамиле кылыштыбы? ........ 67
Таблица 7-20: Милициянын жөө патрулу – сый мамиле кылыштыбы? ........ 67
Таблица 7-21: Милициянын жөө патрулу – милиция кызматкерлеринин аракеттерине канааттандыбы? ........ 68
Таблица 8-1: Ушул кылмыштын курмандыгы болуунун мүмкүнчүлүгүнүн логит коэффициенттери ........ 69
Таблица 9-1: Кылмыштын курмандыктарына жардам көрсөтүү боюнча агенттиктерге кайрылуу ........ 75
Таблица 9-2: Агенттиктин пайдасы ........ 75
Таблица 10-1: Акыркы беш жылдын ичинде кылмыштуулуктун деңгээли ........ 76
Таблица 10-2: Кийинки беш жылда кылмыштуулуктун деңгээли ........ 77
Таблица 10-3: Караңгы киргенден кийин жалгыз жүрүү ........ 78
Таблица 10-4: Тоноочулуктун курмандыгы болуунун мүмкүнчүлүгү ........ 79
Таблица 10-5: Террористтик акттын курмандыгы болуунун мүмкүнчүлүгү ........ 79
Таблица 10-6: Уюшулган кылмыштуулуктун алдында коркуу ........ 80
Таблица 10-7: Кыз ала качуунун алдында коркуу ........ 81
Таблица 11-1: Жазалоонун тиешелүүлүгү ........ 82
Таблица 11-2: Коңшу жашаган балдарга карата зомбулук ........ 83
Таблица 11-3: Тегеректеги кошуналардын ортосундагы социалдык карым-катыштар ........ 83
Таблица 11-4: Турак жайдын коргоосун камсыз кылуунун ыкмалары. ........ 84
Таблица 12-1: Борбор шаарларда виктимизациянын деңгээли (ICVS 1996-2005) ........ 85
Таблица 12-2: Бир жылдын ичинде паракорлук боюнча жайылуунун көрсөткүчү ........ 86

Таблица 12-3: Керектөөчүнү алдоонун натыйжасында виктимизация ...................................87
Таблица 12-4: Бир жылдын ичинде Бишкекте виктимизациянын деңгээли ......................... 87
Таблица 12-5: Үйлөрдүн коргоосун камсыз кылуунун ыкмалары. ........................................ 88
Таблица 12-6: Укук коргоо органдарына (милицияга) билдирилген укук бузуулардын үлүшү ............................................................................................................................ 89
Таблица 12-7: Жабырлануучуну канааттадыруу ...................................................................... 90

**Графиктердин тизмеси**

График 8-1: Бузуу менен батир уурулугунун курмандыгы болуунун мүмкүнчүлүгү [билими боюнча]............................................................................................................................ 71
График 8-2: Кол салуунун курмандыгы болуунун мүмкүнчүлүгү [жаш курагы боюнча]..... 72
График 8-3: Паракорлуктун курмандыгы болуунун мүмкүнчүлүгү [жынысы боюнча] ........ 73
График 8-4: Уурулуктун курмандыгы болуунун мүмкүнчүлүгү [шаар/айыл боюнча] ........ 74

**«Реформалар жана жыйынтык үчүн» Жарандык союзунан кириш сөзү**

Коомдук коопсуздуктун эл аралык изилдениши баардык тараптарга, биринчи кезекте, укук коргоо түзүмдөрүнө Кыргызстандагы криминогендик абал жөнүндө альтернативдүү маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүк берүүчү белгилүү окуя болду. Ушуну менен бирге, негизги көңүл акыркы беш жылдын ичинде ар кандай түрдөгү кылмыштардын курмандыктары болгон адамдарга багытталган.

Жалпыга белгилүү болгондой, постсоветтик доордо кылмыштуулуктун латенттик т.а. расмий статистикадан жашырылган деңгээли жетишерлик жогору[1]. Мунун себептеринин ичинен, укук бузууларды ачуунун деңгээли укук коргоо органдарынын ишмердигин баалоого байланыштуу болгону айрым кызматкерлерди кылмыштын бети ачылбайт деген негиздер бар болсо, жарандан түшкөн арызды мыйзамдарды кыйгап өтүп, каттабоого аргасыз кылат. 2015-жылы өкмөт абалды өзгөртүү үчүн манилүү кадам жасап, баалоонун[2] жаңы тутумун бекитсе дагы, ондогон жылдар боюу түзүлгөн мамилелерди тез арада толук жеңип чыгуу кыйын.

Ошондой эле милициянын ишинде натыйжасыздыкка кабылып, жапа чеккендердин кандайдыр бир бөлүгү өздөрү бийликке кайрылбай калат деп болжолдоого болот. Латенттүүлүктүн башка мүмкүн болгон себеби – бул инциденттерди статистиканын көз карашы менен ыңгайлуу болгондорго кайра квалификациялоо, мисалы, атайлап адам өлтүрүүнү кокустан болгон кырсыкка айландыруу[3]. Ошондой эле тутумдук себептерге субъективдүү факторлор да кошулат, жабырлануучуга коомдук басынтууну кошкондо. Акыркысы, өзгөчө, сексуалдык негиздеги кылмыштарга жана кыз ала качууга тийиштүү.

**Адистердин пикири боюнча “коом жана мамлекет, өлкөдөгү криминогендик жагдай жөнүндө чыныгы жана толук маалыматы жок кылмыштуулукту контролдоо боюнча ылайыктуу чараларды кабыл ала албайт”[4].**

Расмий статистика кылмыштуулуктун абалы жөнүндө маалыматтын жалгыз булагы боло албайт деген жыйынтыкка келип, криминология башка инструменттерди издөө боюнча аракеттерди көрө баштады. Дүйнөдө текшерилген ыкмалардын ичинен дүйнөнүн 80 өлкөлөрүндө апробацияланган Кылмыштардын курмандыктарын эл аралык изилдөөсү (ICVS[5]) колдонулат. Анын өзгөчөлүгү болуп социологдордун түздөн түз жапа чеккендерге кайрылып, акыркы 5 жылдын ичинде кылмыштарга кабылуу тууралуу тажрыйбасын сүрөттөп берүү сураныччы саналат.

Изилдөөнүн өз алдынча ири блогу укук коргоо органынын жасалган кылмышка жана курмандыкка көрсөтүлгөн жардамга карата реакциясынын натыйжалуулугун аныктоо үчүн арналган. **Жабырлануучулардын канааттануусу дүйнө жүзү боюнча полиция кызматтарына коюулуучу негизги заманбап талаптардын бири болуп саналат.** Дүйнөдө курмандык укук коргоо түзүмдөрүнө кайрылган учурда басынтуу жана түшүнбөстүк менен кагылышуудагы «экинчи жолку

[1] Корреспондент: Жашырылган далилдер. Эмне үчүн Украинанын кылмыштык деңгээли Германиянынкынан 9 эсе аз өндөнөт. жок, 2012-ж. 29-октябры: http://korrespondent.net/ukraine/events/1413659-korrespondent-skrytye-uliki-pochemu-kriminala-v-ukraine-yakoby-v-9-raz-menshe-chem-v-germanii

[2] КР өкмөтүнүн 2015-ж. 24-февралындагы пресс-релиз: http://www.gov.kg/?p=50800&lang=ru

[3] Криминология. Е.Алауханов, «Лантенттик кылмыштык» бөлүмү. – Алматы.2008

[4] Ошол эле жерде

[5] International crime victim survey

виктимизация» көйгөйү жөнүндө көп айтышат. Натыйжада адам экинчи ирет бийлик органдарынан жапа чегет.

Изилдөөнүн жүрүшүндө, баардык респонденттерге, алар укукка каршы аракеттерге кабылган же кабылбагандарына карабастан бир катар жалпы мүнөздөгү суроолор берилген.

Кылмыштардын курмандыктары тарабынан укук коргоо органдарынын ишин баалоо баардык жарандардын арасында ишеним деңгээлин ченөөгө караганда, бир катар учурларда, кыйла конкреттүү инструмент болушу мүмкүн.

«Реформалар жана жыйынтык үчүн» Жарандык союзунун демилгеси боюнча эл аралык социологиялык ГОРБИ компаниясын (Грузия) жана жергиликтүү Эл-Пикир компаниясын тартуу менен 2015-жылдын июнь-июль айларында Кыргызстанда ICVS методологиясын негиз катары алынган коомдук коопсуздуктун Эл аралык изилдөөсү жүргүзүлдү. Изилдөөчүлөрдүн командасын виктимология боюнча бүткүл дүйнөгө таанымал адис, Тильбург Университетинин профессору Ян Ван Дайк консультация берип турду. Суроолор тизмегин түзүүгө жана андан аркы талдоого анын кошкон салымын ашыра баалоого мүмкүн эмес. Социологиялык изилдөөнү уюштурууга USAID (эл аралык өнүктүрүү боюнча АКШ Агеттиги) колдоо көрсөттү.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер Министри Турганбаев Мелис Токтомамбетовичтин изилдөөнүн жыйынтыктарына болгон кызыгуусун белгилеп кетүү зарыл, бул тууралуу ал профессор Ван Дайк жана «Реформалар жана жыйынтык» Жарандык союзунун өкүлдөрү менен өткөн жолугушуусунда билдирди[6]. КР Ички иштер Министринин изилдөөнүн жыйынтыктарына болгон кызыгуусу, ал жетектеген ведомство ушул отчет менен кылдат таанышып чыгат деп үмүттөндүрөт.

Ошондой эле Өкмөт Аппаратынын өкүлдөрү менен да консультациялар өткөрүлдү. Алар тарабынан маселенин мазмуну боюнча берилген айрым сунуштары Кыргызстанда жүргүзүлгөн изилдөөгө киргизилди.

Калкка укук коргоо кызматтын көрсөтүүчү кызматына өтүү катары түшүнгөн милицияны реформалоо, албетте, укук коргоо практикасында начар жактарын табуу үчүн илимий негиз алды. Айрым кеңири жайылган кылмыштардын түрлөрүнөн жапа чеккендердин 2/3 милицияга кайрылбайт деген изилдөөнүн корутундулары сынга алуу үчүн негиз болбостон гана, мамилелерди арттырууга түрткү болууга тийиш.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын башка мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көчөлөрдө, жолдордо, калктуу райондордо коопсуздукту камсыз кылууда жетекчилик катары алууга болот. Кошумча катары, отчет сот органдарынын ишинин натыйжалуулугу тууралуу коомдук көз караште камтыйт, бул дагы сот реформасынын жүрүшүн талкууга түрткү болушу мүмкүн.

Албетте, жыйынтыктар бийлик органдары үчүн сапаттуу сунуштамаларды иштеп чыгуу жана өзүнүн практикалык ишмердүүлүгү үчүн маалымдарды колдоно алган жарандык коом үчүн баалуу болот.

---

[6] http://reforma.kg/news/ministr-vnutrennih-del

## 1. Резюме

Кыргызстанда Коомдук коопсуздукту изилдөө – 2015, 2015-жылдын июнь жана июль айларында жүргүзүлгөн өлкөлүк деңгээлде жарандарды жеке сурамжылоо катары берилет. Ушул изилдөө укук бузуулардын натыйжасында жарандарды виктимизациялоо боюнча эл аралык изилдөөнүн (ICVS) методологиясына жана анкетасына негизделген. Бул изилдөөнүн максаты өлкөдө укук бузуулардын натыйжасында жарандарды виктимизациялоонун деңгээли тууралуу объективдүү маалымдарды берүү жана коомдун укук бузууларга жана укук коргоо органдарына карата мамилеси тууралуу айтып берүү. Бул резюмеде отчеттун айрым негизги корутундулары кыскача берилген.

***Жайылуунун деңгээли***

Чогултулган маалымдар көрсөткөндөй Кыргызстанда зомбулук кылмыштарынын деңгээли салыштырмалуу төмөн. Кол салуулардын жана тоноолордун жайылуусу салыштырмалуу төмөн. Мисалы, беш жылдын ичинде кол салуулардын жайылуу көрсөткүчү 3,4%га барабар, ушул эле учурда тоноочулуктун беш жылдык көрсөткүчү 3%га барабар. Бирок, зомбулук кылмыштардын төмөн көрсөткүчтөрүнө карабастан, уурдоолордун жана бузуу менен уурдоолордун көрсөткүчтөрү жетишерлик жогору. Уурдоолордун жана бузуу менен уурдоолордун беш жылдык көрсөткүчтөрү 12%га жана 7,5%га барабар. Ошондой эле паракорлук да кеңири жайылган. Беш жылдын ичиндеги жайылуунун көрсөткүчү бүтүндөй өлкө үчүн 22%ды түзөт. Бирок, Ош шаары үчүн беш жылдык көрсөткүч кыйла жогору болуп чыкты– 58%.

Жалпысынан, укук бузуулар өлкөнүн башка региондоруна караганда, Бишкекте жогору деңгээлде жайылган. Жалпы өлкө менен салыштырганда, Бишкектен тышкары аймактарда мал уурдоо жана паракорлук гана жогору көрсөткүчтөргө ээ. Калган баардык кылмыштар (мисалы, автомобилдерди уурдоо, бузуу менен уурдоо, каракчылык, керектөөчүлөрдү алдоо, кол салуу) борбор шаарда кыйла жайылган. Жалпысынан, Ош шаарына салыштырмалуу Бишкекте кылмыштуулуктун көрсөткүчтөрү жогору: сурамжылоонун алкагында ченелген көпчүлүк суроолор, Бишкекке караганда Ош шаарында жайылуунун төмөн көрсөткүчтөрүнө ээ болушкан. Негизинен, кол салу, каракчылык, тоноочулук сыяктуу олуттуу кылмыштар борбор шаарда тез –тез болуп турушат.

***Кыз ала качуу***

Маалымдар көрсөткөндөй Кыргызстандагы аялдардын 5% алдын ала макулдугу жок никеге туруу үчүн уурдалган. Бул жогорку көрсөткүч тынчсызданууга себеп болууга тийиш. Мындан тышкары, бул укук бузууну изилдөө аркылуу өлчөө кыйын: жапа чеккендердин чыныгы саны кыйла жогору болушу мүмкүн. Көйгөйдүн маанилүүлүгү Кыргызстандын коомунда кыз ала качуу боюнча жалпы тынчсыздануу менен тастыкталат: бүтүндөй өлкө боюнча суралгандардын 43% өздөрүнүн кыздарын, неберелерин жана карындаштарын никеге туруу үчүн мүмкүн болгон ала качуу боюнча «абдан тынчсызданышат», же «өтө тынчсызданышат» болушканын билдиришти.

***Милицияга кылмыштар жөнүндө арыз берүү жана жабыркагандарды канааттандыруу***

Кылмыштардын курманы болгондордун салыштырмалуу аз пайызы болгон окуя жөнүндө милицияга факт жүзүндө билдирүүсү, бийлик үчүн тынчсыздануунун негизги себеби болууга тийиш. Көп учурда олуттуу кылмыштарга дагы арыз берилбей калат. Мисалы, уурдоолордун, кол салуулардын, тоноолордун жана бузуу менен уурдоолордун курмандыктарынын 30% гана болгон

окуя тууралуу милицияга билдиришти. Паракорлук жөнүндө 2-3% гана арыз беришти. Сурамжылоодо респонденттер бир катар себеп келтиришти: бийлик менен байланышуудан баш тартышты, укук бузууну «анча олуттуу эмес» деп эсептешти же милициянын аракеттеринин натыйжалуулугуна шек келтиришти.

Жапа чеккендерди канааттандыруунун деңгээли Кыргызстанда өтө төмөн. Жапа чеккендерди милициянын аракеттери менен канааттандыруунун көрсөткүчү изилдөөдө чөнелген укук бузуулардын бирөөсү боюнча да 40%дан ашкан жок. Көпчүлүк учурларда бул көрсөткүч кыйла төмөн болуп чыкты. Бузуу менен уурдоолордун, тоноолордун жана кол салуулардын курмандыктарынын жалпы санынын 21% гана алардын окуялары боюнча милициянын аракеттерине «ыраазы болушканын» же «абдан ыраазы болушканын» билдиришти. Суралгандардын дээрлик 61% ар кандай нааразычылык билдиришти. Болгон укук бузуулар жөнүндө милицияга арыз берүүлөрдүн жана жапа чеккендердин канааттандырылышынын абдан төмөн көрсөткүчтөрү бийлик менен жарандардын ортосундагы карым-катыштар боло тургандай анча жакшы эместигин күбөлөндүрөт.

***Жарандардын укук коргоо органдарына карата мамилеси***

Респонденттер тарабынан жергиликтүү милицияны кабыл алышы начарга салыштырмалуу кыйла жакшы болуп чыкты: респонденттердин болжол менен 35% милиция өз жумушун жакшы аткарып жаткандыгын айтышты, ушул эле учурда респонденттердин 24% тегерегинде милиция өз жумушун начар аткаргандыгын билдиришти. Ошондой эле, респонденттер милиция менен болгон өздөрүнүн мамилесин, негизинен жакшы деп баалашты: милиция менен болгон акыркы карым-катышында көбүнчөсү аларга адилеттүү жана сый мамиле жасашканын айтышты. Бирдей сандагы азыраак адам (30-40% ортосунда) аларга сый мамиле кылбастан, адилеттүү эмес мамиле жасашканын билдиришти. Жергиликтүү сотторго карата мамилеси милицияга салыштырмалуу кыйла начар.

***Тобокелдик топтору***

Демографиялык мүнөздөмөлөр кимдир бирөө кылмыштын курманы болуп калуу болжолун аныктоодо роль ойнойт. Ушундай болсо дагы, конкреттүү демографиялык белги негиздүү же негиздүү эмес болуп саналышы укук бузуудан көз каранды болот. Айрым жалпы мыйзам ченемдүүлүктөр маалымдарда чагылдырылган. Мисалы, шаардык жашоочулар айыл жашоочуларына салыштырмалуу кылмыштарга көбүрөөк дуушар болушу мүмкүн, ал эми улгайган адамдар жашыраак адамдарга салыштырмалуу кылмыштарга сейрек кабылышы мүмкүн. Ошондой эле бул маалымдар бай адамдар үчүн карактоого кабылуу мүмкүнчүлүгү жогору; аялдар кол салууга азыраак кабылышат; ал эми жогорку деңгээлдеги билими бар адамдар бузуу менен уурдоолордун же уурдоолордун курмандыктары болушу мүмкүн экендигин көрсөтүшөт.

***Жапа чеккендерди колдоо***

Кыргызстанда оор кылмыштардан жапа чеккендердин кээ бирлери жардам көрсөтүү боюнча адистештирилген агенттиктерге кайрылышат. Маалымдар көрсөткөндөй, бузуу менен тоноонун жана кол салуулардын курмандыктарынын 3%, каракчылык кол салуулардын курмандыктарынын 5% жана сексуалдык кол салуулардын курмандыктарынын 9% гана мындай агенттиктер тарабынан жардам алышкан. Ошондой болсо дагы, сурамжылоо мындай кызмат

көрсөтүүлөргө чоң сурам бар экендигин көрсөттү: 30%дан 64%га чейин курмандар мындай агенттиктердин жардамы алар үчүн абдан пайдалуу болоорун билдиришти.

***Кылмыштулуктун алдында коркуу***

Жалпысынан, Кыргызстадын жарандары кылмыштуулуктун деңгээли акыркы беш жылдын ичинде жогорулады деп эсетешет. Ошондой болсо дагы алар келечекке оптимизм менен карашат. Көпчүлүгүнүн оюу боюнча кылмыштуулуктун деңгээли кийинки беш жылдын ичинде төмөндөйт. Бишкектин тургундары, бир аз болсо дагы өлкө боюнча жарандарга караганда пессимисттик көз карашта. Өлкө боюнча респонденттердин көпчүлүгү өз районунда сутканын караңгы учурунда жөө жүрүүдөн коркушпагандыгын айтышты. Бирок, Бишкектин тургундарынын пикири боюнча бул «бир аз коопту» же «өтө коопту». Аягында, респонденттерде теракттын курмандыгы болуп калуу коркунучу бар: суралгандардын төрттөн бир бөлүгү мындай мүмкүнчүлүк аларды «такыр эле тынчсыздандырбайт» деп билдиришти.

***Глобалдуу перспективалар***

Баардык жагынан алып караганда Кыргызстандагы кылмыштуулуктун деңгээлин дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен салыштырууга ыңгайлуу: Бишкекте зомбулук кылмыштарынын деңгээли (мисалы, кол салуулар жана тоноолор боюнча) дүйнөдөгү орточо эсепке караганда төмөн. Ошондой болсо дагы, уурдоо, бузуу менен уурдоо сыяктуу айрым кылмыштар боюнча көрсөткүчтөр орточо дүйнөлүк көрсөткүчтөн жогору. Уурдоолордун саны 1990-жылдардын ортосунан өзгөчө жогорулап кетти. Башка коомдордогудай (мисалы, Батыш жана Борбордук Африкада) бүт тармактуу болбосо дагы паракорлук ошондой эле негизги көйгөй катары калууда.

Кыргызстанда укук бузуулар жөнүндө милицияга арыз бергендердин саны глобалдык перспективага салыштырмалуу төмөн. Арыз берилген кылмыштардын пайызы Бишкекте кыйла жогору, бирок мурункудай эле орточо дүйнөлүк көрсөткүчүнөн төмөн болуп калууда. Жапа чеккендер милиция кызматкерлеринин алардын окуяларына карата жасаган аракеттери менен канааттануу деңгээлинин көрсөткүчү да орто дүйнөлүк көрсөткүчүнө салыштырмалуу төмөн. Дүйнөнүн шаарлары боюнча үч олуттуу кылмыштар боюнча көрсөткүчтөрдү талдоо көрсөткөндөй респонденттердин 44% укук коргоо органдарынын алардын окуяларына карата жасаган аракеттери менен «канааттанышкан». Аларга салыштырмалуу Бишкекте респонденттердин 16% гана канааттанганын айтышты.

Эл аралык пикир бюнча, Кыргызстандагы (жана Бишкектеги) укук бузуулар бузуу менен уурдоолордун жогорку көрсөткүчтөрү, уурдоолордун башка түрлөрүнүн орточо жогору көрсөткүчтөрү (автотранспорту уурдоо жана чөнтөктөн уурдоолор), көчө тоноолордун ашыра эмес жогору көрсөткүчтөрү жана коркунучтар менен кол салуулардын төмөн деңгээли менен мүнөздөлөт.

Негизинен, Бишкектеги кылмыштардын жана коррупциянын көйгөйлөрү көптөгөн параметрлери боюнча Чыгыш Европанын борбор шаарлары үчүн мүнөздүү болгон көрсөткүчтөргө ээ. Бирок өзгөчөлүктөр да бар, алардын ичинен Бишкектеги зомбулук кылмыштарынын кыйла төмөн деңгээлин айтууга болот.

Кыргызстандын жарандарынын укук бузуулар жөнүндө укук коргоо органдарына билдирүүгө даяр болуусунун көрсөткүчү, өзгөчө айыл жерлеринде орточо дүйнөлүктөн кыйла төмөн. Жарандарды кылмыштар, анын ичинде сексуалдык зомбулук жана кыз ала качуу сыяктуу кылдат көйгөйлөр жөнүндө билдирүүгө демилгелөө максатыда милиция активдүү түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө тийиш.

Эл аралык көз караш боюнча коомчулук тарабынан милициянын укук коргоо ишмердүүлүгүн баалоо жетишерлик жогору болуп саналат, ал эми Чыгыш Европа менен салыштырганда бул баалар мындан да жагымдуу болуп көрүнүшөт. Бирок, укук бузуулардын курмандарынын канааттандыруу деңгээли эл аралык ракурста өтө төмөн. Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн (мисалы, Польшанын жана Эстониянын) укук коргоо органдарынын өкүлдөрү үлгү болуп, жапа чеккендердин канааттануу деңгээлин жогорулатуу үчүн Кыргызстандын милиционерлери менен курмандардын талаптарына жардамын аябаган мамилеси боюнча өздөрүнүн тажрыйбасы менен бөлүшө алышат.

Изилдөө көрсөткөндөй жарандардын көпчүлүгү милиция аларга сый менен жана адилеттүү мамиле кылуусун сезишпейт. Бул Бишкекте же бүтүндөй өлкө боюнча караганда Ош шаарында актуалдуу. Ушул жагдай өздүк курамды даярдоо жана кайра даярдоо максатында атайын программаларды уюштуруу боюнча ИИМдин жетекчилиги тарабынан ашыкча көңүлдү талап кылуучу олуттуу көйгөй болуп саналат.

Айрым кылмыштардын алдын алуу максатында төмөнкүдөй сунуштамалар иштелип чыкты:

- Бузуу менен уурдоолордун, анын ичинде кайталануунун санын төмөндөтүү үчүн турак жайды коргоонун заманбап техникалык каражаттары (сигнализация, атайын кулпулар, көзөмөлдөө камералары) жөнүндө жарандардын билиминин деңгээлин жогорулатуу зарыл, өзгөчө мындай кол салуулар үчүн аярлуу региондордо. Муну менен бирге уурдалган мүлктү сатып алуу жана сатуу жерлерин (базарлар, вокзалдар, күрөөканалар ж.б.) жана бул кылмыштуу бизнеске тартылган адамдарды табуунун тутуму жакшыртылууга тийиш.
- Массалык чогулуу жерлерде жана транспортто зомбулуктун, чөнтөк уурулуктардын жана каракчылыктын деңгээлин төмөндөтүү үчүн сырткы көзөмөлдөө камераларынын (CCTV) санын көбөйтүү, анын ичинде банкттардын, дарыканалардын, коомдук тамактануу объекттеринин, сода борборлорунун жана башка мекемелердин администрацияларын милдеттүү түрдө объекттин периметри боюнча мындай камераларды орнотууга мыйзамдуу түрдө милдеттендирүү.
- Пара алуу жана тоноп алуулардын алдын алуу үчүн административдик контролду күчөтүү менен катар күч органдарында (өзгөчө ЖКК), билим берүү жана саламаттыкты сактоо министрликтеринде түзүмдүк өзгөртүүлөрдү жүргүзүү, ошондой эле коррупциянын конкреттүү фактылары жөнүндө билдирүү үчүн «түз байланыштардын» тармагын кеңейтүү зарыл.
- Кыз ала качуу менен байланышкан кылмыштардын алдын алуу жана бөгөт коюу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

  1) Калктын, өзгөчө айыл жерлеринде, аялдарга каршы зомбулукка тиешелүү укуктук сабаттуулугун жогорулатуу боюнча маалымат компанияларын өткөрүү.

2) «ырым-жырымдуу ала качуу» дегенге кыздын макулдугу боюнча ала качууга жана зомбулукту, көндүрүүнү же коркутууну колдонуу менен ала качууга так процессуалдык чектөө берүү.

3) КРдин жазык мыйзамынын тиешелүү ченемин эл аралык стандарттарга жана аялдардын укуктары боюнча БУУнун конвенцияларына адаптациялоо.

## 2. Кириш сөз

Ушул отчетто Кыргызстанда коомдук коопсуздукту эл аралык изилдөөнүн - 2015 (PSS) маалымдары жана корутундулары берилген. Изилдөө укук бузуулардын натыйжасындагы виктимизациялоо боюнча эл аралык изилдөөнүн (ICVS) методологиясына негизделген. Бул изилдөө өлкөнүн 3500 жаранынын жеке сурамжылоосу болуп саналат. Респонденттердин жаш курагы - 16 жаш жана андан жогору. Маалымат 2015-жылдын июнь-июль айларында жергиликтүү Эл-Пикир изилдөө компаниясы тарабынан калем жана кагаз (PAPI) ыкмасы менен чогултулган. Изилдөөгө Бишкектен жана Ош регионунан (Ош областынан жана шаарынан) үстүртөн текшерүүлөр киргизилген. Бул үстүртөн текшерүүлөрдүн максаты регионалдык деңгээлде баалоонун жогорку сапатын камсыз кылуу болду. Төмөндө келтирилген көпчүлүк таблицаларда маалымдар бүтүндөй өлкө боюнча көрсөтүлгөн, андан кийин Бишкек жана Ош шаарлары боюнча бөлүштүрүлгөн.

ICVS долбоору 1989-жылы кылмыштардын улуттар аралык салыштырма статистикасын алуу максатында башталган. Полиция тарабынан катталган кылмыштар жөнүндө расмий статистикалык маалымдар кылмыштар жөнүндө билдирүү даярдыгына тиешелүү маданий ар түрдүүлүгүнөн жана юридикалык аныктамалардын айырмасынан көп учурда салыштырууга болбойт. Мындай көйгөйлөрдү жеңип чыгуу үчүн ICVS бүт өлкөлөрдө стандарттуу анкеталарды колдонот, бул салыштырууну жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет. ICVS жарандардын укук бузууларга байланыштуу алган тажрыйбасын, алардын коопсуздук жана кылмыштуулук боюнча жалпы коркууларын жана алардын укук коргоо органдарына карата мамилесин изилдейт. Ушул «Кыргызстандагы коомдук коопсуздук 2015» изилдөөсү убакыттын өтүшү менен өзгөрүүлөрдү аныктоо үчүн ICVS изилдөөлөрүндө келечекте колдонула турган баштапкы маалымдар менен камсыз кылат.

Маалымдарды координациялоо жана талдоо ГОРБИ изилдөө компаниясы (Грузия) жана Тильбург Университетинин (Нидерланд) профессору Ян Ван Дайк тарабынан жүзөгө ашырылды.

Изилдөө «Реформалар жана натыйжа үчүн» Жарандык союзу тарабынан демилгеленген.

### Таблицалардагы эскертүүлөр

Ар бир таблицада маалымдар бааланганы же бааланбаганы, жана алар пайыздар же жыштыктар болуп саналышы көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, ар бир таблицанын ылдый жагында таблицаларда жыйынтыктарды көрсөтүү үчүн колдонулган тандоонун өлчөмү «n» тамгасы менен белгиленген. Ошентип, мисалы, эгерде таблицанын ылдый жагында n=3500 деп жазылса, анда таблицаны түзүү үчүн толук тандоо колдонулду дегенди билдирет. Эгерде таблицада бир нече

тандоолордун маалымдары көрсөтүлсө, анда ар бир тандоонун (n) өлчөмү ар бир тиешелүү мамычанын астында берилет. Тандоонун өлчөмү окурманга натыйжалардын тактыгы жөнүндө көбүрөөк маалымат берүү үчүн көрсөтүлөт. Жалпысынан, аз сандагы байкоолорду жүргүзүүнүн натыйжасында алынган жыйынтыктар көп сандагы байкоолорго негизделгендерге салыштырмалуу анча ишеничтүү эмес.

## 3. Тандоонун демографиясы

Бул бөлүмдө ушул изилдөө үчүн чогултулган тандоолор кыскача сүрөттөлөт. 3-1 таблицасында Кыргызстандын тогуз региону боюнча респонденттердин тандоосунун бөлүштүрүлүшү көрсөтүлгөн. Жогоруда айтылып кеткендей, баардыгы 3500 адам сурамжылоого катышты. Таблицада көрүнүп тургандай респонденттердин көпчүлүк саны – бул Бишкектин тургундары (n=1000), ал эми эң аз саны – Нарындын тургундары (n=100). Экинчи мамычада тандоодо берилген, конкреттүү региондогу респонденттердин жалпы санынын пайызы көрсөтүлгөн. Бул - бааланбаган пайыз. Ошентип, Бишкектеги бааланбаган 1000 респондент тандоонун 28,57% түзөт. Баалангандан кийин Бишкектеги бул респонденттер тандоонун бештен бир бөлүгүнөн бир аз кемин түзүшөт (19,76%).

Бишкекте, Ош шаарында жана Ош областында респонденттердин саны, бул райондор жергиликтүү тургундары тарабынан көбүрөөк көрсөтүлүшү үчүн кыскартылган. Регионалдык деңгээлде тагыраак бааларды камсыз кылуу үчүн бул үч областта ашыкча тандоо жүргүзүлүшүнө байланыштуу. Тандоону баалоо ашыкча тандоосу менен региондор улуттук деңгээлдеги биздин бааларга таасирин тийгизбөө үчүн керек. Башка көрсөтүлбөсө, ушул отчеттун баардык таблицаларында бааланган маалымдар берилген.

Таблица 3-1: Регион боюнча тандоонун өлчөмү

| **Регион боюнча тандоонун өлчөмү** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Саны** | **Пайызы** | **Бааланган пайызы** |
| Бишкек | 1000 | 28.57 | 19.76 |
| Чүй | 380 | 10.86 | 19.25 |
| Нарын | 100 | 2.86 | 4.47 |
| Ысык-Көл | 220 | 6.29 | 9.27 |
| Талас | 100 | 2.86 | 4.61 |
| Ош (шаар) | 380 | 10.86 | 5.25 |
| Ош | 820 | 23.43 | 16.53 |
| Джалал-Абад | 340 | 9.71 | 14.76 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Баткен | 160 | 4.57 | 6.1 |
| | n=3,500 | 100 | 100 |

Тандоонун негизги демографиялык мүнөздөмөлөрү 3-2 таблицасында көрсөтүлгөн. Жогоруда берилген 3-1 таблицасындагыдай эле, респонденттердин жыштыгы (же «эсептөөсү») көрсөтүлгөн. Экинчи мамычада жалпы тандоодон бааланбаган пайыз көрсөтүлгөн, ал эми үчүнчү мамыча бааланган тандоого ылайык бул пайызды түздөйт. Ошентип, мисалы, 1648 эркек (тандоонун 47,09%) жана 1852 аял (тандоодон 52.91%) суралды. Бирок, баалоодон кийин бул маанилер 47,47% жана 52,53% көрсөтүштү.

Таблица 3-2: «Кыргызстанда коомдук коопсуздукту» изилдөө үчүн тандоонун мүнөздөмөсү

| Кыргызстанда ICVS изилдөөсүнүн тандоосун ун мүнөзөмөсү | | | |
|---|---|---|---|
| | **Саны** | **Пайызы** | **Бааланган пайызы** |
| **Жынысы** | | | |
| Эркек | 1648 | 47.09 | 47.47 |
| Аял | 1852 | 52.91 | 52.53 |
| **Жаш курагы** | | | |
| 16-24 | 876 | 25.03 | 24.64 |
| 25-34 | 924 | 26.4 | 25.79 |
| 35-44 | 615 | 17.57 | 17.98 |
| 45-54 | 596 | 17.03 | 15.72 |
| 55-64 | 324 | 9.26 | 9.84 |
| 65+ | 165 | 4.71 | 6.03 |
| **Билими** | | | |
| Билими жок | 15 | 0.43 | 0.28 |
| Башталгыч билим (3-4 класс) | 24 | 0.69 | 0.78 |
| Толук эмес орто (8-9 класс) | 321 | 9.17 | 9.11 |
| Орто жалпы билим берүүчү (10-11 клс) | 1,264 | 36.11 | 39.82 |
| Атайын орто | 779 | 22.26 | 21.92 |
| Аякталбаган жогорку | 251 | 7.17 | 6.63 |
| Жогорку (бакалавриат жана магистратураны кошкондо) | 830 | 23.71 | 21.12 |
| Илимий даражам бар | 16 | 0.46 | 0.34 |
| **Үй-бүлөөлүк абалы** | | | |
| Никеси жок | 860 | 24.57 | 23.75 |
| Никеси бар | 2,306 | 65.89 | 66.66 |
| Ажырашкан | 112 | 3.2 | 3.36 |
| Жесир | 173 | 4.94 | 4.94 |
| Баш тартам / жооп бергим келбейт | 36 | 1.03 | 0.94 |
| Билбейм | 13 | 0.37 | 0.35 |
| **Орто айлык киреше** | | | |
| 2500 сомдон аз | 108 | 3.09 | 3.16 |
| 2501 сомдон 5000 сомго чейин | 479 | 13.69 | 14.98 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5001 сомдон 7500 сомго чейин | 459 | 13.11 | 14.39 |
| 7501 сомдон 10000 сомго чейин | 521 | 14.89 | 15.26 |
| 10001 сомдон 12500  сомго чейин | 377 | 10.77 | 10.05 |
| 12501 сомдон 15000 сомго чейин | 405 | 11.57 | 10.99 |
| 15001 сомдон 20 000 сомго чейин | 365 | 10.43 | 9.21 |
| 20 000 сомдон жогору | 339 | 9.69 | 8.26 |
| Жооп бергенден кыйналып турам | 349 | 9.97 | 11.15 |
| Жооп беругдөн баш тартуу | 98 | 2.8 | 2.55 |

## 4. Ар кандай түрдөгү укук бузуулардын жайылуу деңгээли

4-1 таблицасында «Кыргызстанда коомдук коопсуздук - 2015» (PSS) изилдөөсүндөгү баардык кылмыштар үчүн жалпысынан өлкө боюнча ар кандай түрдөгү укук бузуулардын жайылуу деңгээли көрсөтүлгөн. Маалымдар жайылуу деңгээлин беш жыл жана бир жыл үчүн чагылдырышат. Ошондой эле маалымдар борбор шаарыбыз жана Ош шаары үчүн деталдаштырылган.

Таблица 4-1: Жайылуунун деңгээли

| Кыргызстанда 2014/2015-жылдары калк үчүн жайылуусу | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | | **Бишкек** | | **Ош (шаар)** | |
| | **5 жыл** | **1 жыл** | **5 жыл** | **5 жыл** | **1 жыл** | **5 жыл** |
| Автомобилди уурдоо | 1.24 | 0.72 | 2.49 | 0.79 | 1.55 | 1.30 |
| Автомобилден запас бөлүктөрдү же шаймандарды уурдоо | 4.59 | 2.29 | 8.92 | 4.15 | 6.48 | 4.66 |
| Мотоциклди уурдоо | 0.10 | 0.07 | 0.28 | 0.20 | 0.78 | 0.52 |
| Ведосипедди уурдоо | 2.65 | 0.88 | 3.96 | 1.69 | 6.22 | 3.89 |
| Мал уурдоо | 3.60 | 1.19 | 1.23 | 0.40 | 1.04 | 0.78 |
| Үйгө/батирге кирүү менен уурдоо | 7.56 | 2.86 | 14.33 | 5.09 | 7.25 | 2.59 |
| Банк картасын/онлайн банкингди кыянаттык менен колдонуу | 0.38 | 0.15 | 1.23 | 0.00 | - | - |
| Тоноо/каракчылык | 3.01 | 1.08 | 5.45 | 1.95 | 4.40 | 2.07 |
| Рэкет | 6.60 | 2.34 | 9.13 | 2.41 | 17.34 | 6.39 |
| Башка жекемүлктү уурдоо | 12.01 | 5.66 | 23.23 | 11.08 | 13.50 | 7.80 |
| Керектөөчүнү алдоо | 16.39 | 10.49 | 20.44 | 14.74 | 23.46 | 17.93 |
| Паракорлук | 22.17 | 14.21 | 17.57 | 10.95 | 58.26 | 39.59 |
| Кол салуу/Зомбулук менен коркутуу | 3.35 | 0.97 | 5.26 | 1.65 | 3.91 | 1.04 |
| Сексуалдык негиздеги кылмыштар (аялдар гана) | 3.45 | 1.20 | 6.09 | 1.74 | 7.21 | 2.40 |

өлкө n=3500; Бишкек n=1000, Ош шаары n=380; «Рэкет» үчүн тандоодо 24 жаштагы жана андан кичүү индивиддер кирет.

Жайылуунун көрсөткүчү болуп убакыттын ушул мезгилинде ушул кылмыштын курмандыктары болгон пайыздык туюнтулуштагы адамдардын санынын баалоосу саналат. Ошентип, мисалы, мурдагы беш жылдын ичинде калктын 1,24%да алардын үй-бүлөлүк автомобилдерин жана башка унаа каражаттарын айдап качышкан. Бирок, Бишкекте беш жылдык мезгилдин ичинде автомобилдерди айдап качуулардын көрсөткүчү эки эсе жогору (2,49%).

4-1 таблицасынан көрүнүп тургандай, жайылуунун деңгээли укук бузуулар боюнча кыйла вариацияланат. Зомбулук жана күч колдонуу менен байланышкан кылмыштар зомбулуксуз кылмыштарга салыштырмалуу сейрек кездешет. Мисалы, Кыргызстанда эң көп кездешүүчү укук бузуулар болуп керектөөчүлөрдү алдоо жана паракорлук саналат. Акыркы 12 айдын ичинде кыргызстандыктардын 14,2% пара алуу же пара берүү абалында болушканы жана болжол менен 10,5% алданган керектөөчүлөр болуп калганы белгиленди. Маалымдарда көп регионалдык вариациялар кездешет: мисалы, өткөн жылы пара берүүгө же пара алууга ниеттенгендер Бишкекте (11,1%) же бүтүндөй өлкө боюнча (14,2%) караганда Ош шаарында (39,59%) бир кыйла жогору. Рэкет боюнча жаштардын виктимизациясы менен ушундай эле абал (Ош шаарында бул көрсөткүч 6,4% түзөт).

Бирок, паракорлук мал уурдоо менен катар, жайылуу көрсөткүчтөрү борбор шаар үчүн төмөн болгон бирден бир кылмыштардан болуп саналат. Башкача айтканда, борбор шаардагы орто статистикалык адам үчүн жалпы өлкө боюнча орто статистикалык адамга салыштырмалуу кылмыштын курмандыгы болуу тобокелдиги жогору. Негизинен, ар кандай түрдөгү уурулуктун натыйжасында тоноочулук же виктимизация тууралуу арыз берген адамдардын пайызы жалпы өлкө боюнча салыштырганда борбор шаарда бир кыйла жогору. Акыркы 12 айдын ичинде Бишкекте уурлуктун курмандыктары болгон адамдардын саны 5,1% менен бааланат. Аларга карама-каршы өлкө боюнча алынган пайыздар 2,86% көрсөтөт. Зомбулук кылмыштар да борбор шаарда көбүрөөк жайылган: акыркы жылдын ичинде Бишкекте кол салуунун курмандыктары болгон адамдардын саны жалпы өлкө (0,97га каршы 1,65) боюнча салыштырганда болжол менен 70%га жогору.

## 5. Укук бузуулардын түрлөрү

Бул бөлүмдө кылмыштардын түрү боюнча виктимизацияны топко бөлүштүрүү берилген. Төрт негизги кошумча сөз башы берилген: (1) унаа каражаттары менен байланышкан укук бузуулар, (2) бузуу менен уурдоо жана уурулуктун башка түрлөрү, (3) байланыш кылмыштары, жана (4) салттуу эмес кылмыштар. Унаа каражаты менен байланышкан ар бир кылмыш үчүн (автомобиль/кичи автобустар, мотоцикл жана велосипед) биринчи кезекте тиешелүүлүгү жөнүндө суроо жаралат. Жеке ээлери катары билдиришкен адамдар гана мындан ары кийинки таблицаларда каралышат. Ошентип, таблицаларда убакыттын ушул мезгилинде курмандык болгон ээлеринин пайызы калктын жалпы санынын көрсөткүчүнүн пайыздарына каршы көрсөтүлгөн.

### 5.1. Унаа каражаттарына карата укук бузуулардын натыйжасындагы виктимизация

Бул бөлүмдө кылмыштын төрт ар кандай түрлөрү талдоого алынган: (1) унаа каражатын айдап качуу (автомобиль, кичи автобус же пикап), (2) өздүк унаа каражатын айдап качуу, (3)

мотоциклди уурдоо, жана (4) велосипедди уурдоо. Кылмыштын ар бир түрү боюнча маалымдар өз алдынча берилген жана талдоого алынган.

### 5.1.1. Автомобилди айдап качуу

Таблица 5-1: Автомобилге ээлик кылуу

| C1. Үй-бүлөөдө автомобилге ээлик кылуу (акыркы 5 жыл) | |
|---|---|
| Ооба | 49.05% |
| Жок | 50.95% |

n=3,500

Жогоруда берилген таблицада көрсөтүлгөндөй тандоодогу калктын жарымынын бир азы акыркы беш жылдын ичинде «автомобилдердин, кичи автобустардын же пикаптардын» ээлери болуп саналышат (49,1%). Ошентип, мындан ары бул бөлүмдө көрсөтүлгөн таблицаларда калктын ушул гана сегменти талдоого алынат.

5-2 таблицасын солдон оңго карай окууга тийиш. Таблицада берилген ар бир суроо (C2, D1.1и D1.2) буга чейин берилген суроого жооптун негизинде түзүлгөн. Биринчиден, респондентке акыркы беш жылдын ичинде анын үй-бүлөөлүк автомобилин айдап качыштыбы деген суроо берилди. Белгилеп кетчү нерсе, бул суроо акыркы беш жылдын ичинде автомобилге же кичи автобуска ээлик кылгандыгы тууралуу билдирген адамдарга гана берилүүгө тийиш. Эгерде адам автомобилим жок деп жооп берсе, анда автомобилди айдап качууга тиешелүү суроону калтырып, респондентке кийинки кылмыш тууралуу суроо берилет. 5-1 таблицасында көрсөтүлгөндөй респонденттердин болжол менен 49% (N=1796) акрыкы беш жылдын ичинде автомобилге же кичи автобуска ээлик кылгандары тууралуу билдиришти. 5-2 таблицасынын биринчи мамычасында калктын болжол менен 2,5% акыркы беш жылдын ичинде уурдалган автомобилдердин же кичи автобустардын ээлери болушканы көрсөтүлгөн.

Экинчи мамычага (D 1.1) «акыркы 12 айдын ичинде» же «бир кыйла мурда» убакыттарынын кесиндисинин ичинде уурдалган автомобилдерге же кичи автобустарга ээлик кылгандары тууралуу билдирген адамдар киргизилген. Ошентип, экинчи суроо биринчи суроонун негизинде түзүлөт жана унаа каражаттары анык түрдө уурдалган респонденттерге гана берилет. Экинчи мамычанын эң астында суроого карата тандоонун өлчөмү (n = 47) көрсөтүлгөн. Бул акыркы беш жылдын ичинде алардын автомобилин же кичи автобусун айдап качуусу тууралуу 47 адам арыз бергенин билдирет. Ушул 47 адамдын 58% акыркы 12 айдын ичинде анын автомобили уурдалгандыгы тууралуу мамычада көрсөтүлгөн.

Таблица 5-2: Автомобилди айдап качуу

| **Автомобилди айдап качуу** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C2. Акыркы 5 жылдын ичинде Сиздин же Сиздин үй-бүлөөңүздүн мүчөлөрүнүн жеңил автомобилин, кичи автобусун/ «маршруткасын», пикапты айдап качышканбы же уруксатсыз алышканбы? | | D1.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | D1.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 2.5% | Акыркы 12 айдын ичинде | 58.0% | Бир жолу | 81.5% |
| | | | | Эки жолу | 18.5% |
| | | | | Үч жолу жана андан көп | 0.0% |
| | | | | Билбейм | 0.0% |
| | | Буга чейин | 42.0% | | |
| | | Билбейм | 0.0% | | |
| Жок | 97.3% | | | | |
| Билбейм | 0.2% | | | | |
| n=1796 | | n=47 | | n=24 | |

Акырында, 5-2 таблицасынын (D1.2) үчүнчү мамычасында акыркы 12 айдын ичинде адамдын автомобили же кичи автобусу уурдалышынын жыштыгы көрсөтүлгөн. Ошентип, үчүнчү мамычада автомобили же фургону өткөн жылы уурдалгандыгы тууралуу билдирген гана адамдар көрсөтүлгөн (N = 24). Бул жерден көрүнүп тургандай, басымдуулук кылган учурларда (81,5%), адамдарда автомобилдери же кичи автобустары акыркы 12 айдын ичинде бир гана жолу уурдалган.

Таблица 5-3: Автомобилди айдап качуу – автомобилди кайтарып берүү?

| **D1.3 Акыркы жолу мындай иш болгондо Сизге унаа каражатын кайтарып бериштиби?** | |
|---|---|
| Ооба | 54.6% |
| Жок | 39.5% |
| Билбейм | 5.9% |

n=47

5-3 таблицасында акыркы беш жылдын ичинде (n = 47) үй-бүлөөлүк автомобилдери уурдалган респонденттердин ичинен жарымынан бир аз көбү алардын кайтарылып бериши тууралуу билдиришти (54,6%). Ал эми бул респонденттердин болжол менен 40% аларга унаа каражаттары кайтарылып берилбегени тууралуу билдиришти, ушул эле учурда 6% автоунаанын кайтарылып берилиши тууралуу билишпегенин айтышты.

### 5.1.2. Автомобилдин ичинен уурдоо

5-4 таблицасында автомобилинен кандайдыр бир буюмдар уурдалган адамдардын болжолдуу пайызы көрсөтүлгөн. Жогоруда берилген 5-2 таблицасын 5-4 таблицасын солдон оңду карай окуу тийиш. Биринчи мамычадагы С3 суроосу үчүн тандоо мурдагыдай эле үй чарбасында автомобил же кичи автобус бар деп билдирген респонденттер (n = 1796 адам) менен гана чектелет. Ошентип, автомобилдердин же кичи автобустардын ээлеринин ичинен 9,4% акыркы беш жылдын ичинде алардын унаа каражаттарынын ичинен буюмдарынын уурдалышы жөнүндө билдиришкен. Бул адамдардын ичинен жарымы уурулук акыркы 12 айдын ичинде болгону тууралуу билдиришти. Акырында, акыркы 12 айдын ичинде мындай уурулуктун курмандыктары болгон адамдардын 80% мындай иш алар менен бир гана жолу болгонун айтышты.

Таблица 5-4: Автомобилдин ичинен уурдоо

| **Автомобилдин ичинен буюмдарды же запастык бөлүктөрдү уурдоо** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C3. Мындан тышкары, акыркы 5 жылдын ичинде Сиздин же Сиздин үй-бүлөөңүздүн мүчөлөрүнүн жеңил автомобилинин, кичи автобусунун/ «маршруткасынын», пикаптын ичинен бир нерсе уурдалдыбы? | | D2.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | D2.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 9.4% | Акыркы 12 айдын ичинде | 50% | Бир жолу | 80.1% |
| | | | | Эки жолу | 12.2% |
| | | | | Үч жолу жана андан көп | 7.7% |
| | | | | Билбейм | 0.0% |
| | | Буга чейин | 47% | | |
| | | Билбейм | 3% | | |
| Жок | 90.0% | | | | |
| Билбейм | 0.6% | | | | |
| n=1796 | | n=192 | | n=93 | |

### 5.1.3. Мотоциклди айдап качуу

Унаа каражаттарын айдап качуу менен байланышкан үчүнчү изилденүүчү укук бузуу болуп, мотоциклди айдап качуу саналат. 5-5 таблицасында көрсөтүлгөндөй, акыркы 5 жылдын ичинде Кыргызстанда үй-бүлөөлөрдүн 2,6%да гана мотоцикл, скутер же мопед болгон.

Таблица 5-5: Мотоциклге ээлик кылуу

| **C4: Акыркы 5 жылдын ичинде үй-бүлөөдө мотоциклге ээлик кылуу** | |
|---|---|
| Ооба | 2.6% |
| Жок | 97.4% |

n=3,500

Кыргызстанда мотоциклди айдап качуу салыштырмалуу сейрек кезедешүүчү көрүнүш. 5-6 таблицасынын биринчи мамычасында мотоциклдердин, скутерлердин же мопеддердин ээлеринин 4% гана өз унаа каражаттарынын уурдалышы жөнүндө билдиришкен. Мындай уурулуктардын үчтөн эки бөлүгү акыркы 12 айдын ичинде болгонун белгилешти (68.9%, n=6).

Таблица 5-6: Мотоциклди уурдоо

| **Мотоциклди уурдоо** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C5. Акыркы 5 жылдын ичинде Сиздин же Сиздин үй-бүлөөңүздүн мүчөлөрүнүн мотоциклин, скутерин же мопедин айдап качышканбы же уруксатсыз алышканбы? | | D3.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | D3.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 3.8% | Акыркы 12 айдын ичинде | 68.9% | Бир жолу | 100.0% |
| | | | | Эки жолу | 0.0% |
| | | | | Үч жолу жана андан көп | 0.0% |
| | | | | Билбейм | 0.0% |
| | | Буга чейин | 14.0% | | |
| | | Билбейм | 17.0% | | |
| Жок | 95.5% | | | | |
| Билбейм | 0.8% | | | | |
| n=91 | | n=6 | | n=4 | |

### 5.1.4. Велосипеддерди уурдоо

Таблица 5-7: Велосипедге ээлик кылуу

| C6. Акыркы 5 жылдын ичинде үй-бүлөөдө велосипедге ээлик кылуу | |
|---|---|
| Ооба | 28.2% |
| Жок | 71.8% |

n=3,500, бааланган пайыз

Кыргызстанда мотоциклге ээлик кылууга караганда велосипедге ээлик кылуу кадыресе көрүнүш. 5-7 таблицасында калктын 28% үй чарбасында велосипеддер бар экендиги көрсөтүлгөн. Велосипеддерди уурдоо мотоциклдерди уурдоого салыштырмалуу бат-бат болуп турат. Акыркы беш жылдын ичинде калктын 9,4% мындай уурулуктан жапа чегишти (Кыргызстандагы мотоциклдердин баардык ээлеринин 3,8% салыштырмалуу). Ушул велосипед уурдоолордун болжол менен үчтөн бир бөлүгү өткөн жылы болгон, көпчүлүк курмандыктардын велосипеддери бир гана жолу уурдалган.

Таблица 5-8: Велосипедди уурдоо

| Велосипедди уурдоо | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C7. . Акыркы 5 жылдын ичинде Сиздин же Сиздин үй-бүлөөңүздүн мүчөлөрүнүн велосипеди уурдалдыбы? | | D4.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | D4.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 9.4% | Акыркы 12 айдын ичинде | 33.3% | Бир жолу | 93.8% |
| | | | | Эки жолу | 4.0% |
| | | | | Үч жолу жана андан көп | 2.3% |
| | | | | Билбейм | 0.0% |
| | | Буга чейин | 64.7% | | |
| | | Билбейм | 2.0% | | |
| Жок | 90.5% | | | | |
| Билбейм | 0.1% | | | | |
| n=991 | | n=103 | | n=43 | |

### 5.2. Бузуу менен уурдоолордун жана уурдоолордун башка түрлөрүнүн натыйжасындагы виктимизация

#### 5.2.1. Мал уурдоо

«Кыргызстанда коомдук коопсуздук 2015» (PSS) изилдөөсү мал уурдоо жөнүндө суроолорду камтыйт. Кыргызстанда айыл калкынын көп санын эске алуу менен мындай суроолор ICVS стандарттуу топтом болбосо дагы аларды изилдөөгө кошуу зарыл болду. 5-9 таблицасында маалымдар көрсөткөндөй өлкөдөгү көпчүлүк үй чарбалары (38,2%) акыркы беш жылдын ичинде үй жаныбарларына ээлик кылышат.

Таблица 5-9: Малга ээлик кылуу

| C8: Үй-бүлөөдө малга ээлик кылуу (акыркы 5 жыл) | |
|---|---|
| Ооба | 38.2% |
| Жок | 61.8% |

n=3,500

5-10 таблицасында көрүнүп тургандай акыркы беш жылдын ичинде малы бар үй чарбаларынан кеминде 10% үй жаныбарлары уурдалган. Алардын ичинен болжол менен үчтөн бир бөлүгү акыркы жылдын ичинде мал уурдоо жөнүндө арыз беришкен. 3 мамычада (D5.2) көрсөтүлгөндөй, уурулуктун кайталануу тобокелдиги бар. Респонденттердин 16% акыркы 12 айдын ичинде алардын малы бирден көп жолу уурдалганын билдиришти. Басымдуу көпчүлүгү (81,7%) бир гана жолу жапа чегишкен.

Таблица 5-10: Мал уурдоо

| Кража домашнего скота | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C9. Акыркы 5 жылдын ичинде Сиздин же Сиздин үй-бүлөөңүздүн мүчөлөрүнүн малы уурдалдыбы? | | D5.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | D5.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 9.4% | Акыркы 12 айдын ичинде | 33.1% | Бир жолу | 81.7% |
| | | | | Эки жолу | 11.3% |
| | | | | Үч жолу жана андан көп | 5.2% |
| | | | | Билбейм | 1.8% |
| | | Буга чейин | 61.0% | | |
| | | Билбейм | 5.8% | | |
| Жок | 90.4% | | | | |
| Билбейм | 0.2% | | | | |
| n=1071 | | n=112 | | n=40 | |

Таблица 5-11: Мал уурдалган жер

| D5.3 Акыркы жолу мал уурдоо окуясы кайсы жерде болгон? | |
|---|---|
| Мал сарайында | 28.0% |
| Үйдүн короосунан | 19.9% |
| Үйдөн алыс эмес жерден | 24.6% |
| Жайлоодон | 24.6% |
| Башка | 0.9% |
| Билбейм | 0.0% |

n=112

Акыркы 12 айдын ичинде малдын уурдалышы жөнүндө билдирген респонденттерге, мал кайсы жерден уурдалганы тууралуу кийинки суроо берилген. Бул маалымдар 5-11 таблицасында келтирилген. Таблицада жерлердин кеңири спектри жана болжолдуу жооптордун тегиз тартылышы көрсөтүлгөн. Респонденттер тарабынан белгиленген уурдоо жерлердин ичинен кеңири жайылганы мал короо жана кашаа болду (28%). Ошондой эле суралгандар мал жайлоодон, короодон жана үйдүн жанынан уурдалган деп жооп беришти.

### 5.2.2. Турак жайга кирүү менен уурдоо (бузуу менен)

Таблица 5-12: Бузуу менен уурдоо

| Үйгө/батирге кирип кетүү менен уурдоо | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C10. Акыркы 5 жылдын ичинде кимдир бирөө Сиздин турак жайга/батирге Сиздин уруксаатыңыз жок кирип, бир нерсе уурдадыбы же уурдоого аракет кылдыбы? | | D6.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | D6.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 7.6% | Акыркы 12 айдын ичинде | 37.9% | Бир жолу | 72.0% |
| | | | | Эки жолу | 23.1% |
| | | | | Үч жолу жана андан көп | 4.5% |
| | | | | Билбейм | 0.5% |
| | | Буга чейин | 60.3% | | |
| | | Билбейм | 1.8% | | |
| Жок | 92.3% | | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Билбейм | 0.1% | | |
| n=3500 | n=292 | | n=111 |

Тандалган калктын салыштырмалуу көп пайызы (7,6%) акыркы беш жылдын ичинде уурулуктун курмандыктары болушканы тууралуу билдиришти. Бул адамдардын 38% акыркы 12 айдын ичинде уурулуктун курмандыктары болушканын айтышты. Малды уурдоо окуясындай эле экинчи жолу уурлулуктун курмандыгы болуп калуу маанилүү эмес болуп саналбайт: бузуу менен уурдоолордун курмандыктарынын төрттөн бир бөлүгү акыркы 12 айдын ичинде бирден көп жолу уурулуктун мындай түрүнө кабалышканын айтышты (27,6%).

Таблица 5-13: Бузуу менен уурдоо – мүлк уурдалдыбы?

| **D6.3 Акыркы инцидент учурунда бир нерсе уурдалдыбы же бузулдубу?** | |
|---|---|
| Ооба | 72.4% |
| Жок | 27.4% |
| Билбейм | 0.3% |

n=292

Кийинки үч суроо акыркы 12 айдын ичинде алардын үйүндө уурулук болгонун билдиришкен респонденттерге берилди. Натыйжаларын 5-13, 5-14 жана 5-15 таблицаларынан көрсөңүздөр болот. Бузуу менен уурдоонун натыйжасында, бул курмандыктардын болжол менен үчтөн бир бөлүгүндө мүлкү уурдалган (таблица 5-13). 5-14 таблицасында жоголгон мүлктүн болжолдуу наркы көрсөтүлгөн. Респонденттердин 40%дан азыраагы 2501ден 10000 сомго чейинки суммада уурулуктан же алардын мүлкүн бузуудан зыян көрүшкөнү тууралуу билдиришти. 7%дан көбүрөөгү 50000 сомдон көбүрөөк суммада зыян көрүшкөнүн айтышты.

Таблица 5-14: Бузуу менен уурдоо - зыянды баалоо

| **D6.4. Уурдалган жана/же бузулган мүлктүн наркы** | |
|---|---|
| 0 - 2,500 *COM* | 19.7% |
| 2,501 - 10,000 *COM* | 39.0% |
| 10,001 - 25,000 *COM* | 21.5% |
| 25,001 - 50,000 *COM* | 12.4% |
| 50,001+ *COM* | 7.4% |

n=222, “билбейм”

киргизилген жок

5-15 таблицасынан курмандыктардын салыштырмалуу аз саны келтирилген зыянга компенсация алышканы анык болуп турат. 4% гана камсыздандыруу компаниялардан белгилүү компенсацияны алышканы жөнүндө билдиришти жана дагы 4% укук бузуучулардан бир аз компенсация алышканы тууралуу билдиришти. Ошентип, курмандыктардын 90%дан көбү эч кандай компенсация алышпаганын (же компенсация алганы жөнүндө эсинде жоктугун) айтышты.

Таблица 5-15: Бузуу менен уурдоо - компенсация

| **D6.5. Сиз камсыздоо компаниясынан же укук бузуучудан кандайдыр бир компенсация алдыңыз беле?** | |
|---|---|
| Ооба, камсыздоо компаниясынан толук компенсация | 2.3% |
| Ооба, камсыздоо компаниясынан жарым-жартылай компенсация | 1.7% |
| Ооба, укук бузуучудан толук компенсация | 2.6% |
| Ооба, укук бузуучудан жарым-жартылай компенсация | 1.3% |
| Жок | 82.7% |
| Билбейм | 9.4% |

n=292

### 5.2.3. Жеке мүлктү уурдоо

Уурулук жөнүндө бул суроо күч колдонуу же коркутуу менен байланышкан учурларды эсепке албайт. Демек, бул суроо чөнтөк уурулугу, капчыктарды, кийимдерди, зер буюмдарды же уюлдук телефондорду уурдоо сыяктуу кылмыштарга тиешелүү. Кыргызстандыктардын 12% баалоосу боюнча алар акыркы 5 жылдын ичинде уурулуктун курмандыктары болушкан. Бул курмандыктардын жарымынан азыраагы (47,1%) акыркы 12 айдын ичинде жапа чегишти. Өткөн жылы курмандыктардын көбү (81%) бир гана жолу жапа чегишти. Ошондой болсо дагы, бул респонденттердин бештен бир бөлүгү кайталанган курмандыктары болуп чыгышты.

Таблица 5-16: Уурдоо

| **Башка жеке мүлктү уурдоо** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C13 Акыркы 5 жылдын ичинде жеке Сиз мындай уурулуктун курмандыгы болдуңуз беле? | | D9.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | D9.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 12.0% | Акыркы 12 айдын ичинде | 47.1% | Бир жолу | 81.1% |
| | | | | Эки жолу | 13.9% |
| | | | | Үч жолу жана андан көп | 3.8% |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Билбейм | 1.2% |
| | | Буга чейин | 49.6% | | |
| | | Билбейм | 3.3% | | |
| Жок | 87.4% | | | | |
| Билбейм | 0.6% | | | | |
| n=3500 | | n=491 | | n=242 | |

Таблица 5-17: Уурдоо – чөнтөк уурулугу

| D 9.3 Бул чөнтөк уурулугу болгонбу? | |
|---|---|
| Ооба | 87.8% |
| Жок | 11.0% |
| Билбейм | 1.2% |

n=242

Акыркы 12 айдын ичинде жеке мүлк уурулугунун курмандыгы болгондордун басымдуу көпчүлүгү бул чөнтөк уурулугу болгон деп билдиришти (т.а. адам уурдалган буюмду алып бара жаткан же жанында алып жүргөн). 5-17 таблицасы мындай инциденттер 90% учурларда болгонун көрсөтөт.

## 5.3. Зомбулук кылмыштарынын натыйжасындагы виктимизация

Бул бөлүктө тиймектүү, зомбулук кылмыштар боюнча маалымдар камтылган: каракчылык, рэкет жана кол салуу. Бул кылмыштарга толуктоо катары аял-респонденттерге сексуалдык зомбулук жөнүндө суроо кошо берилген. Сексуалдык зомбулук жөнүндө суроосунун татаал табияты жана биздин чынчыл жоопторду алуудагы каалообуз, биз негизги интервьюдан кийин респондент-аялдарды бул интимдүү суроолорду камтыган анкетаны өз алдынча калем жана кагаз ыкмасы менен толтурууну сурадык. Интервьюер үчүн жашыруун бойдон калуу үчүн жооптор жабылган конверттерге салынган. Мындай кошумча сактык чаралары респонденттерге башка учурда жооп берүүдөн баш тартышы мүмкүн болгон суроолорго чынчыл жооп берүүгө мүмкүнчүлүк берди деген үмүтүбүз бар.

### 5.3.1. Тоноочулук

Таблица 5-18: Тоноочулук

| Тоноо/каракчылык | | |
|---|---|---|
| C11 . Акыркы 5 жылдын ичинде кимдир бирөө күч колдонуп же күч менен коркутуу аркылуу сизден бир нерсе уурдадыбы же уурдоого аракет жасадыбы? | D7.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | D7.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | 3.0% | Акыркы 12 айдын ичинде | 36.1% | Бир жолу | 87.7% |
| | | | | Эки жолу | 9.2% |
| | | | | Үч жолу жана андан көп | 3.1% |
| | | | | Билбейм | 0.0% |
| | | Буга чейин | 60.8% | | |
| | | Билбейм | 3.1% | | |
| Жок | 96.7% | | | | |
| Билбейм | 0.3% | | | | |

n=3500 n=131 n=52

Кылмышкер күч колдонуп же күч колдонуу коркутуулары менен адамдан бир нерсе уурдаган же уурдоого аракет жасаган укук бузуу тоноочулук деп аталат. Алынган баалоолор боюнча, акыркы беш жылдын ичинде Кыргызстандын 3% тоноочулуктун курмандыктары болушкан. Бул курмандыктардын үчтөн бир бөлүгүнөн көбү тоноочулук акыркы 12 айдын ичинде болгонун билдиришти. 5-18 таблицасынын үчүнчү мамычасында көрсөтүлгөндөй акыркы жылдын ичинде тоноочулукка кабылган көпчүлүк курмандыктар бир гана жолу тонолушкан. Ошондой болсо дагы, бир кыйла азчылык 12,3% эки же андан көп жолу тонолушканын билдиришти.

Таблица 5-19: Тоноочулук – буюмдар уурдалдыбы?

| **D 7.3 Акыркы болгон окуяда чынында эле бир нерсе уурдалдыбы?** | |
|---|---|
| Ооба | 68.8% |
| Жок | 29.6% |
| Билбейм | 1.7% |

n=131

Таблица 5-20: Тоноочулук – курал колдонуу мененби?

| **D7.4 Укук бузуучулардын бирөөсүндө курал болгонбу?** | |
|---|---|
| Ооба | 12.1% |
| Жок | 81.0% |
| Билбейм | 7.0% |

n=131

5-19 таблицасынан көрүнүп тургандай, өткөн жылы тоноочулуктун үчтөн эки бөлүгү мүлктүн жоголушуна алып келди (68,8%). 5-20 таблицасында тоноолордун табияты изилденет, кылмышкерлерде курал болгонбу деп респонденттерден сурашты. Көпчүлүк учурларда укук бузуучулар курал колдонушкан эмес: болгону респонденттердин 12%гана аларды тоногон учурда курал колдонулду деп билдиришти.

### 5.3.2. Рэкет

Таблица 5-21: Рэкет

| Рэкет | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C 12. Акыркы беш жылдын ичинде рэкеттин курмандыгы болгонсуңарбы? | | D8.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | D8.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 6.6% | Акыркы 12 айдын ичинде | 35.4% | Бир жолу | 76.1% |
| | | | | Эки жолу | 15.4% |
| | | | | Үч жолу жана андан көп | 8.6% |
| | | | | Билбейм | 0.0% |
| | | Буга чейин | 63.6% | | |
| | | Билбейм | 1.0% | | |
| Жок | 91.7% | | | | |
| Билбейм | 1.8% | | | | |
| n=876 | | n=71 | | n=27 | |

ICVS анкетасында рэкет деп эгерде курмандык кылмышкердин талаптарын аткаруудан баш тартса зомбулук же зомбулук менен коркутуу аталат. Ошондой эле бул теңтуштары тарабынан опуза талап кылуу деп аталат. Ушул изилдөөдө бул суроо 24 же андан жаш курактагы адамдарга берилген (n = 876). 5-21 таблицасынын биринчи мамычасында көрсөтүлгөндөй, акыркы беш жылдын ичинде рэкеттин курмандыктары болушканын билдиришти. Үчтүн эки бөлүгүнөн азыраагы (63,6%) бир жылдан ашыгыраак курмандыктар болушканын айтышты. Акырында, үчүнчү мамычадагы натыйжалар көрсөткөндөй, адамдардын төрттөн бир бөлүгү  акыркы 12 айдын ичинде эки же андан көп жолу курмандык болушканын билдиришти.

### 5.3.3. Кол салуу /Коркутуу

Сурамжылоонун жүрүшүндө, кол салууга же кол салуу коркунучуна тиешелүү суроолор ар кандай жолдор менен берилген. Негизинен, эркек жынысындагы респонденттерди аларга белгилүү болгон жана белгисиз адамдар тарабынан кол салууга дуушар болгон инциденттер тууралуу өз алдынча сурашкан. Аял респонденттерге сексуалдуу жана сексуалдуу эмес кол салуулар жөнүндө суроолорго өз алдынча жооп берүү сунушталган. Бул бөлүктөгү таблицалар эркектерге жана аялдарга баардык сексуалдык эмес учурларды бириктирүү жолу менен түзүлөт.

Эгерде эркек респондент акыркы беш жылдын ичинде ага белгилүү болгон жана белгисиз кылмышкерлер тарабынан кол салуу болгону тууралуу билдирсе, анда бул инциденттердин бири гана баалоого киргизилет. Бул баалоо убакыттын белгилүү мезгили ичинде белгилүү кылмыштын курмандыктары болгон адамдардын пайызын ченөөгө арналганына байланыштуу жасалат.

Таблица 5-22: Кол салуу

| **Кол салуу/ Зомбулук менен коркутуу** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C18,C19,C20. Акыркы 5 жылдын ичинде Сизге кол салышканбы же коркутушканбы? | | Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 3.4% | Акыркы 12 айдын ичинде | 28.4 % | Бир жолу | 57.0 % |
| | | | | Эки жолу | 34.1 % |
| | | | | Үч жолу жана андан көп | 8.9 % |
| | | | | Билбейм | 0.0 % |
| | | Буга чейин | 65.0 % | | |
| | | Билбейм | 6.7 % | | |
| Жок | 96.1% | | | | |
| Билбейм | 0.5% | | | | |
| n=3500 | | n=129 | | n=41 | |

Кол салуу жөнүндө баардык суроолордун негизинде топтолгон маалымдар: D13, D14, D15

5-22 таблицасында кол салууга кабылышканын же аларды кол салуу менен коркутушканы тууралуу билдирген адамдар жөнүндө маалымдардын пайыздык баалоосу берилген. Биринчи мамычада көрсөтүлгөндөй Кыргызстандын тургундарынын 3,4% акыркы 12 айдын ичинде кол салууларга кабылганы же аларды кол салуу менен коркуткандары тууралуу билдиришкен. Бул курмандыктардын кеминде үчтөн бир бөлүгү (28,4%) кол салуулар өткөн жылы болгонун айтышты. Маалымдарга ылайык, көпчүлүк адамдар бир жылдын ичинде бир нече жолу жапа чегишкенин белгилеп кетүү маанилүү. Үчүнчү мамычада көрүнүп тургандай, акыркы 12 айдын ичинде кол салуулар жөнүндө билдирген адамдардын 43% эки же андан көп жолу кол салууларга кабылышканын айтышты.

Таблица 5-23: Кол салуу – Коркутуу же күч колдонуу?

| **D13.3, D14.3, D15.3 Сизди жалаң коркутканбы же күч да колдонулдубу?** | |
|---|---|
| Жалаң коркутушкан | 53.6% |

| | |
|---|---|
| Күч колдонулган | 31.4% |
| Билбейм | 15.0% |

n=129

Кол салууларга кабылгандардын келинде үчтөн бир бөлүгү (31,4%) чынында эле күч колдонулганын билдиришти (таблица 5-23). Жарымынан көбүрөөк учурларда коркутуу гана колдонулган (53,6%). 5-24 таблицасы түшүндүргөндөй курал салыштырмалуу сейрек колдонулат: курмандыктардын болжол менен 10% кылмышкер курал колдонгонун айтышты.

Таблица 5-24: Кол салуу – курал колдонуу менен?

| D13.4, D14.4, D15.4 Укук бузуучулардын бирөөсүндө курал болгонбу? | |
|---|---|
| Ооба | 9.0% |
| Жок | 86.2% |
| Билбейм | 4.8% |

n=129

Таблица 5-25: Кол салуу – үчүнчү жактардын катышуусу менен?

| D13.5, D14.5, D15.5 Кылмыш болгон жерде башка адамдар болушканбы? | |
|---|---|
| Ооба | 36.1% |
| Жок | 59.4% |
| Билбейм | 4.6% |

n=129

Таблица 5-26: Кол салуу - Үчүнчү жак тарабынан жардам көрсөтүлдүбү?

| D13.6, D14.6, D15.6 Алардын бирөөсү укук бузуучуларды токтотууга жан/же милицияны чакырууга аракет жасадыбы? | |
|---|---|
| Ооба, милицияны чакырышты | 16.5% |
| Ооба, укук бузуучуларды токтотууга аракет жасашты | 29.6% |
| Жок | 53.9% |
| Билбейм | 0.0% |

n=51

Кол салуулардын көпчүлүк учурларында бир гана курмандык болгон (59,4%). Бирок, үчүнчү жак болсо дагы (таблица 5-25), курмандыктар билдиргендей убакыттын жарымынан көбүн алар эч

нерсе кылышкан эмес (таблица 5-26, 53,9%). 5-27 таблицасында кылмыш жасаган учурда кылмышкерлер көпчүлүгүндө алкоголдун таасири астында болушканы көрсөтүлгөн: курмандыктардын 55% көбү кылмышкер мас болгонун айтышты. Акырында, бул бөлүктүн акыркы таблицасында кол салуу учурунда курмандыктарга дене залалдарын келтиргени тууралуу суроо каралган. Акыркы 12 айдын ичинде кол салууларга кабылгандардын болжол менен жарымы ар кандай оордуктагы дене залалдарын алышканын билдиришти.

Таблица 5-27: Кол салуу – алкоголдун таасири астында?

| D13.7, D14.7, D15.7 Укук бузуучу алкоголдук мас абалында болгонбу? | |
|---|---|
| Ооба | 55.1% |
| Жок | 28.8% |
| Билбейм | 16.1% |

n=129

Таблица 5-28: Кол салуу - жаракат алындыбы?

| D13.8, D14.8, D15.8 Акыркы окуя учурунда Сиз кандайдыр бир көгүштөрдү, тырыктарды, кесүүлөрдү же жаракат алдыңарбы? | |
|---|---|
| Ооба | 47.1% |
| Жок | 49.6% |
| Билбейм | 3.3% |

n=129

### 5.3.4. Анкетаны өз алдынча толтуруу [аялдар үчүн гана]

Бул бөлүктө респондент аялдар суроолорго өз алдынча, интервьюердин жардамы жок анкетанын өз алдынча барагына жооп беришкен. Андан кийин респонденттер толтурулган анкетанын барагын жабылган конвертке салып, интервьюерге тапшырышкан. Бул ыкма талкууга алынган кылмыштардын сыпайлуулугуна байланыштуу колдонулган: сексуалдык зомбулук жана кыз уурдоо. Респонденттер кылмышты талкууга кажети жок болсо жана обочо жагдайда чынчыл жоопторду берүүгө бир кыйла мотивация алышына үмүттөндүргөн. Ыкма абдан ийгиликтүү болуп, кызыктуу натыйжаларга алып келди. Бирок, көпчүлүк адамдардын кылмыштардын бул түрлөрүн талкуудан баш тарткандарына байланыштуу, балким биз курмандыктардын анык санын жеткире баалай алган жокпуз.

Таблица 5-29: Сексуалдык негиздеги кылмыштар

| **Сексуалдык негиздеги кылмыштар** | | | |
|---|---|---|---|
| VQ1: акыркы 5 жылдын ичинде Сизге сексуалдык негизде кол салыштыбы? | | VQ2: Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | |
| Ооба | 3.5% | Акыркы 12 айдын ичинде | 34.7% |
| | | Буга чейин | 50.8% |
| | | Билбейм | 14.6% |
| Жок | 94.6% | | |
| Билбейм | 1.2% | | |
| Жооптон баш тартуу | 0.8% | | |
| n=1669 | | n=74 | |

Сексуалдык кылмыштар (кол салуулар) жөнүндө суроону түзүү төмөн жакта берилген.

VQ1: Кээ бир учурларда адамдар башка адамдарды сексуалдык жүйөлөр боюнча абдан кордогон формада тийишет,  кармалашат же кол салышат. Бул адам жашаган үйдө же башка жерде, мисалы, барда, көчөдө, мектепте же иштеген жеринде болушу мүмкүн. Акыркы беш жылдын ичинде сиздин тааныштарыңыздардан же бейтааныш  кимдир бирөө сизге карата  ушундай аракеттерди жасаганбы?

5-29 таблицасында бул аныктаманы колдонуп, өлкөдөгү сексуалдык кол салуулардын саны боюнча баасы көрсөтүлгөн. Суралган аялдардын болжол менен 3,5% акыркы беш жылдын ичинде сексуалдык зомбулукка кабылышканын билдиришти. Бул курмандыктардын үчтөн бир бөлүгүнөн көбүрөөгү (37,7%) акыркы 12 айдын ичинде зомбулукка кабылышканын билдиришти. 5-30 таблицасында курмандыктар билдирген сексуалдык зомбулуктун түрлөрү такталган. Билдирилген кол салуулардын ичинен  болжол менен 15% зордуктоо аракеттери түзөт, ушул эле учурда сексуалдык зомбулуктун баардык түрлөрүнүн көбүн кордогон аракеттер түзөт  (50,7%).

Таблица 5-30: Сексуалдык зомбулук – зомбулуктун түрү

| **VQ3: Акыркы окуяны Сиз кандай деп сүрөттөйттөйсүз** | |
|---|---|
| Зордуктоо | 6.9% |
| Зордуктоого аракет жасоо | 8.3% |
| Ыпылас аракеттер | 14.8% |
| Кордогон аракеттер | 50.7% |
| Билбейм/эсимде жок/жооптон баш тартуу | 19.4% |

n=74

Таблица 5-31: Сексуалдык зомбулук  - укук бузуучу менен кандай мамиледе?

| **VQ4: Укук бузуучу ким болгон?** | |
|---|---|
| Жубайы | 8.2% |
| Мурунку жубайы | 3.9% |
| Жигити | 4.1% |
| Мурунку жигити | 9.4% |
| Тууганы | 1.7% |
| Кошунасы | 11.6% |
| Досу | 3.5% |
| Кесиптеши | 0.8% |
| Кардар | 3.1% |
| Бөлөк кимдир бирөө | 3.1% |
| Бейтааныш | 32.6% |
| Баш тартуу | 18.1% |

n=74

Укук бузуучунун өздүгүн аныктоо тууралуу суроо берилген учурда жапа чеккендер менен карым-катыштарынын кеңири спектри аныкталып чыкты. Окуялардын үчтөн бир бөлүгүндө кол салуучу бейтааныш болгон. Экинчи, бир кыйла кеңири жайылган кылмышкерлердин түрү катары кошуна болуп чыкты (11,6%).  Жубайлары жана жигиттери, ошондой эле мурунку жубайлары жана мурунку жигиттери укук бузуучулардын бир топ бөлүгүн түзүшөт: чогуу алар сексуалдык кол салууларда күнөлүү болгон баардык адамдардын төрттөн бир бөлүгүн түзүшөт.

Таблица 5-32: Кыз ала качуу

| **VQ12: Жигитиңиз жана анын достору никеге туруу максатында Сизди ала качышканбы (кыз ала качуу)?** | |
|---|---|
| Ооба | 14.4% |
| Жок | 76.9% |
| Билбейм/Эсимде жок] | 1.6% |
| Никеси жок | 7.1% |

n=1669

Акырында, респонденттерди кыз ала качуу жөнүндө анкетасындагы эки суроого калем жана кагаз ыкмасы менен жооп берүүнү сурашты. Никеге туруу үчүн ала качкан аялдардын санын баалоо аракетинде баардык аялдарды, адегенде, алар жигити жана анын достору тарабынан уурдалышканбы деген суроо берилген. “Ооба” деп жооп бергендерге, алар алдын ала өздөрүнүн макулдугун беришкенби деген кийинки суроо берилген. 5-32 жана 5-33 таблицаларында бул эки суроо боюнча натыйжалары чагылдырылган.

Суралган аялдардын болжол менен 14,4% никеге туруу үчүн уурдалышканын билдиришти (таблица 5-32). Уурдалганын билдиришкен аялдардын 34% ала качууга алдын ала макулдугун бербегени тууралуу айтышканын белигилеп кетүү маанилүү. Ошентип, 1669 аялдын жоопторуна негизделип, биз баардык кыргызстандык аялдардын болжол менен 5% никеге туруу үчүн, алардын алдын ала макулдугу жок уурдалышканын аныктай алдык (14,4% * 34,0% = 4,89%).

5-32 таблицасы көрсөткөндөй кыз ала качуу өлкөнүн айыл райондорунда бир кыйла кеңири жайылган болуп эсептелет. Айыл райондорундагы аялдардын дээрлик 19% аларды никеге туруу максатында уурдашканын билдиришти, ушул эле учурда шаардык райондордо болжол менен 8% уурдалышканын билдиришти. Ушундай болсо дагы, ала ачууга алдын ала макулдугун берүү же бербөөгө карата шаардык жана айылдык райондордун ортосунда дээрлик эч кандай айырма болгон эмес.

Таблица 5-33: Кыз ала качуу – алдын ала макулдугун берүү

| **VQ.13: Сиз ушул ала качууга алдын ала макулдугуңузду бердиңизби?** | |
|---|---|
| Ооба | 63.5% |
| Жок | 34.0% |
| Билбейм | 2.5% |

n=195

### 5.4. Салттуу эмес кылмыштарды (укук бузууларды) жасоонун натыйжасындагы виктимизация

Отчеттун бул бөлүгү салттуу эмес кылмыштардын үч түрү боюнча натыйжаларды камтыйт: банк картасы/онлайн алдамчылык, керектөөчүлөрдү алдоо жана пара алуу.

#### 5.4.1. Банк картасы/ онлайн алдамчылык

Таблица 5-34: Банк картасы/онлайн алдамчылык

| Банк картасына /онлайн банкингне ээлик кылуу | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C16 . акыркы 5 жылдын ичинде, насыя картасын, дебет картасын, банк картасын же онлайн банк эсебин уурдоо максатында уруксаатсыз колдонуу жөнүндө маалымат болгонбу? | | D1.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | D1.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 1.8% | Акыркы 12 айдын ичинде | 39.6% | Бир жолу | 61.9% |
| | | | | Эки жолу | 38.2% |
| | | | | Үч жолу жана андан көп | 0.0% |
| | | | | Билбейм | 0.0% |
| | | Буга чейин | 55.2% | | |
| | | Билбейм | 5.2% | | |
| Жок | 97.9% | | | | |
| Билбейм | 0.4% | | | | |
| n=781 | | n=18 | | n=8 | |

Банк карталары жана онлайн алдамчылык менен байланышкан укук бузуулар Кыргызстанда салыштырмалуу сейрек кездешет. 5-34 таблицасынын биринчи мамычасында респонденттердин 1,8% тегерегинде онлайн алдамчылар тарабынан алардын банк карталары/насыя карталары же интернет-банкингги менен жасалган укук бузуулардан жапа чегишкен. Бул адамдардын болжол менен 40% алдамчылык акыркы 12 айдын ичинде жасалганын билдиришти. Адамдардын ушундай эле пайызы (38.2%) акыркы 12 айдын ичинде бирден көп жолу онлайн алдамчылыктын курмандыктары болушканын билдиришти.

Таблица 5-35: Банк картасы/онлайн алдамчылык – бир нерсе уурдалдыбы?

| D 11.3 Чынында эле бир нерсе уурдалдыбы? | |
|---|---|
| Ооба | 52.7% |
| Жок | 42.1% |
| Билбейм | 5.2% |

n=18

Акыркы 12 айдын ичинде курмандык болгон адамдардын болжол менен жарымы алардын кандайдыр бир суммасы уурдалганы тууралуу билдиришти. 40%дан көбүрөөгү эч нерсе уурдалган эмес деп билдиришти. Акырында, 5-36 таблицасында курмандыктар аларга карата жасалган укук бузуулардын түрлөрү боюнча бөлүштүрүлүшкөн. Болжол менен 25% алардын насыя карталары же банк карталары уруксатсыз колдонулганы тууралуу билдиришти, ушул эле учурда 37%дан көбүрөөгү алардын онлайн банк эсеби мыйзамсыз жеткиликтүү болушун билдиришти. Кызыктуусу, респонденттердин 38% уурулук кандай болгонун билбей калышканын айтышты.

Таблица 5-36: Банк картасы/онлайн алдамчылык – уурдоонун түрү

| D 11.4 Сиздин насыя, дебет же башка банк карточкасы менен колдонуштубу же уурулук (алдамчылык) интернет-банкинг аркылуу жүзөгө ашырылдыбы? | |
|---|---|
| Карточка колдонулду | 24.9% |
| Интернет-банкинг аркылуу | 37.4% |
| Билбейм | 37.7% |

n=18

### 5.4.2. Керектөөчүлөрдү алдоо

Таблица 5-37: Керектөөчүлөрдү алдоо

| Керектөөчүнү алдоо | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C14 Акыркы 5 жылдын ичинде жеке Сиз керектөөчү катары алдоонун курмандыгы болдуңузбу? | | D10.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | D10.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 16.4% | Акыркы 12 айдын ичинде | 64.0% | Бир жолу | 43.9% |
| | | | | Эки жолу | 25.2% |
| | | | | Үч жана андан көп жолу | 28.1% |
| | | | | Билбейм | 2.9% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Буга чейин | 30.3% | |
| | | Билбейм | 5.7% | |
| Жок | 82.1% | | | |
| Билбейм | 1.6% | | | |
| n=3500 | | n=679 | | n=451 |

Кыргызстандыктардын болжол менен 16% акыркы беш жылдын ичинде керектөөчүлөрдү алдоонун курмандыктары болушканын билдиришти (таблица 5-37, биринчи мамыча). Анкетада керектөөчүлөрдү алдоо: «аларга сатылган товарлардын же көрсөтүлгөн кызматтардын сапатына, санына же баасына карата алданышкан» деп белгиленет. Бул адамдардын үчтөн эки бөлүгү өткөн жылы керектөөчүлөрдү алдоонун курмандыктары болушканын айтышты. 5-37 таблицасынын үчүнчү мамычасында алданган керектөөчүлөр экинчи жолдон алдоонун курмандыктары болушу мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн: акыркы 12 айдын ичинде алданган керектөөчүлөрдүн 50%нан көбүнчөсү эки же андан көп жолу курмандыктар болгондугун билдиришти.

Таблица 5-38: Керектөөчүлөрдү алдоо – алдоонун түрү

| **D10.3. Сиз продукция сатып алдыңызбы же кызматтын/сервистин наркын төлөдүңүзбү?** | |
|---|---|
| Продукция сатып алгам | 62.6% |
| Кызматтын/сервистин наркын төлөдүм | 9.9% |
| Экөө тең | 19.5% |
| Билбейм | 8.0% |

n=679

Таблиц 5-39: Керектөөчүлөрдү алдоо - Интернет аркылуубу?

| **D 10.4 Бул интернет аркылуу жасалган тапшырык/сатып алуу болгонбу?** | |
|---|---|
| Ооба | 1.6% |
| Жок | 93.1% |
| Билбейм | 5.3% |

n=679

Акыркы эки таблицада алдамчылыктын өзгөчө түрлөрүнө карата бир кыйла кененирээк маалымат берилген. Респонденттер керектөөчүлөрдү алдоонун көпчүлүк учурунда кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга (9,9%) салыштырмалуу продуктуларды сатып алуу (62,6%) менен байланыштуу болгонун айтышты, ошондой болсо дагы 19,5% алдамчылык эки тең түрүнө карата болгонун билдиришти. 5-39 таблицасы көрсөткөндөй, керектөөчүлөргө карата онлайн алдамчылык азырынча Кыргызстанда эч кандай сар санаа жараткан жок. Респонденттердин кеминде 2% акыркы 12 айдын ичинде керектөөчүлөрдү онлайн алдамчылыктын курмандыктары болушканын билдиришти. Бул төмөн пайыз, албетте, интернет-дүкөндөр аркылуу товарларды сатып алган же интернет боюнча келишим түзгөн Кыргызстандын аз сандагы жарандары менен байланышкан.

### 5.4.3. Паракорлук

Таблица 5-40: Паракорлук

| Пара алуу | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| C17 . Акыркы 5 жылдын ичинде кимдир бирөө Сизден пара талап кылдыбы? | | D12.1 Бул акыркы 12 айдын ичинде (2014-жылдын июнь айынан бүгүнкү күнгө чейин), же буга чейин болдубу? | | D12.2 Акыркы 12 айдын ичинде бул канча жолу кайталанды? | |
| Ооба | 22.2% | Акыркы 12 айдын ичинде | 64.1% | Бир жолу | 55.5% |
| | | | | Эки жолу | 27.9% |
| | | | | Үч жана андан көп жолу | 14.2% |
| | | | | Билбейм | 2.4% |
| | | Жок | 32.0% | | |
| | | Билбейм | 3.9% | | |
| Жок | 77.4% | | | | |
| Билбейм | 0.4% | | | | |
| n=3500 | | n=1022 | | n=662 | |

Кыргызстандын калкынын негиздүү бөлүгү акыркы беш жылдын ичинде же пара берүүгө «аргасыз болгон», же алардан пара алуу «күтүлгөн». 5-40 таблицасынын биринчи мамычасында корсөтүлгөндөй, өлкөнүн жарандарынын 22% тегерегинде мындай абалга кабылышканын билдиришкен. Алардын ичинен үчтөн эки бөлүгүнүн азыраагы акыркы 12 айдын ичинде болгонун айтышкан. Акырында, үчүнчү мамычада курмандыктардын негиздүү үлүшү алардан жылдын ичинде кеминде бир жолу мажбурлап пара алууну күтүшкөн же пара бергени көрсөтүлгөн (42%).

5-41 таблицасы паракорлукка тартылган кызмат адамдарын изилдейт. Өтө эле жайылган жооптор билим берүү жана дарыгерлер чөйрөсүнө байланышкан адамдарга тиешелүү болгон. Алардын ар биринин үлүшүнө баардык даттануулардын төрттөн бир бөлүгү туура келди. Милиция кызматкерлери жана башка мамлекеттик түзүмдөрдүн кызмат адамдары да пара талап кылуучулар катары көрсөтүлүп өтүштү (14,4% жана 13,4%). Бажы кызматынын жана юридикалык кесибинин кызматкерлери сейрек көрсөтүлүп жатышты.

Таблица 5-41: Паракорлук – ким кошулган?

| D12.3 Айтыңызчы кайсы аткаминер кошулган? | |
|---|---|
| Милиция кызматкерлери | 14.4% |
| Саламаттыкты сактоо, курулуш, азык-түлүк продуктыларынын сапатын контролдоочу, санитардык көзөмөлдөө же лицензиялоо агенттиги чөйрөсүдөгү инспектор | 7.1% |

| | |
|---|---|
| (контролдоочу) | |
| Бажы кызматкери | 2.8% |
| Башка мамлекеттик чиновник | 13.4% |
| Сот адилеттиги чөйрөсүндө иштөөчү (судья, прокурор, сот кызматкери ж.б.) | 3.6% |
| Мугалим/профессор/окуу жайдын башка кызматкерлери | 26.0% |
| Доктур (же башка медициналык кызматкер) | 25.2% |
| Башка бирөө | 4.0% |
| Билбейм /эсимде жок | 3.6% |

n=1022, бааланган пайыз

## 6. Укук бузуулар жөнүндө милицияга арыз берүү жана жапа чеккендерди канааттандыруу

Бул бөлүмдө жогоруда аталып кеткен кылмыштардын баардык түрлөрүнө карата респонденттердин милиция менен өз ара карым-катышуусун мүнөздөөчү маалымдар берилген. Бардыгындай эле бул отчетто ушул маалымдарды кароодо тандоонун өлчөмү жөнүндө айтуу маанилүү. Тандоонун өлчөмү (N) дайыма тиешелүү болгон мамычанын астында болот.

Таблица 6-1: Укук бузуулар жөнүндө милицияга арыз берүү

| Инцидент милицияга билдирилгенби? | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Автомобил уурдоо | Автомобилдин ичинен запас бөлүктөрүн же шаймандарын уурдоо | Мотоциклди уурдоо | Велосипедди уурдоо | Мал уурдоо | Үйгө/батирге кирүү менен уурдоо | Башка жекемүлктү уурдоо |
| Ооба, телефон боюнча | 5.9% | 9.8% | 42.1% | 12.2% | 9.1% | 15.6% | 2.7% |
| Ооба, өзүм милиция бөлүмүнө келдим | 52.2% | 25.2% | 20.5% | 19.6% | 47.2% | 31.6% | 18.1% |
| Жок, арыз берген эмесмин | 42.0% | 64.3% | 37.5% | 68.3% | 42.2% | 52.9% | 78.7% |
| Билбейм | 0.0% | 0.8% | 0.0% | 0.0% | 1.5% | 0.0% | 0.5% |
| Бааланган пайыз | n=47 | n=192 | n=6 | n=103 | n=112 | n=292 | n=491 |

| | Тоноочулук | Рэкет | Кол салуу /коркутуу | Сексуалдык негиздеги кылмыштар | Кыз уурдоо | **4 кылмыш** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ооба, телефон боюнча | 13.7% | 5.1% | 9.1% | 31.8% | 2.5% | 8.5% |
| Ооба, өзүм милиция бөлүмүнө келдим | 27.2% | 5.1% | 10.3% | | | 22.0% |
| Жок, арыз берген эмесмин | 56.5% | 89.0% | 78.1% | 61.7% | 88.1% | 68.6% |
| Билбейм | 2.7% | 0.8% | 2.6% | 6.6% | 9.4% | 0.9% |
| Бааланган пайыз | n=131 | n=73 | n=129 | n=74 | n=195 | n=1043, бузуу менен уурдоонун, уурдоонун, тоноочулуктун, кол салуунун жалпы пайызы |

Полициянын ишине ишенимдин жана ишенимдүүлүктүн жакшы көрсөткүчү болуп жапа чеккендердин болгон укук бузуулар жөнүндө арыз берүүгө даярдыгы же каалабоосу саналат. 6-1 таблицасында акыркы 12 айдын ичинде милицияга кайрылуусу тууралуу билдирген жапа чеккендердин пайызы көрсөтүлгөн. Таблицадан көрүнүп тургандай, курмандыктардын негизги пайызы кылмыштар жөнүндө милицияга арыз беришпейт. Катталбаган кылмыштардын пайызы 40%дан (автомобил, мотоцикл жана мал уурдоо) 80%-90%га (кол салуу, уурдоо жана кыз уурдоо) чейин туруксуз болууда. Негизинен, кыз уурдоо дээрлик эч качан арыз бербеген кылмыштардан болуп саналат: курмандыктардын болгону 2,5% милицияга кайрылгандарын билдиришти.

6-1 таблицасынын акыркы мамычасында төрт олуттуу кылмыштардын түрлөрү берилген: бузуу менен уурдоо, уурулук, тоноочулук жана кол салуу. Ушул мамычадагы маалымдар калк олуттуу кылмыштар тууралуу милицияга билдирүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө жалпы көрүнүштү беришет. Тизмеге кирген кылмыштардын олуттуулугуна карбастан, маалымдар курмандыктардын үчтөн эки бөлүгүнөн көбүрөөгү (68,6%) кылмыш тууралуу

милицияга билдиришпегенин көрсөтүп жатат. Бул Кыргызстандагы кеңири коомчулуктун арасында милицияга карата ишенимдин жетишсиздиги бар экендигин анык көрсөтүп турат.

Таблица 6-2: Алдамчылык жөнүндө милицияга арыз берүү

| **Сиз же башка кимдир бирөө алдамчылык инциденти тууралуу арыз бергенсиңерби?** | | |
|---|---|---|
| | Банк картасын/ онлайн банкингди кыянаттык менен колдонуу | Керектөөчүлөрдү алдоо |
| Милицияга | 11.5% | 3.7% |
| Банкка/керектөөчүлөр уюмуна | 17.5% | 1.8% |
| Эки мекемеге тең | 13.5% | 0.5% |
| Жок | 57.4% | 91.8% |
| Билбейм | 0.0% | 2.2% |
| | n=18 | n=679 |

6-2 таблицасында алдамчылыктын ар кандай түрлөрү тууралуу берилген арыздар каралат. 6-1 таблицасында көрсөтүлгөн укук бузуулардай эле банк карталары/онлайн алдамчылык жана керектөөчүлөрдү алдоо менен алдамчылык тууралуу милицияга арыз берген калктын пайызы өтө төмөн. Негизинен, алданган керектөөчүлөрдүн 92% тегерегинде укук бузуу жөнүндө арыз бербөө чечимине келишти.

Таблица 6-3: Бийлик органдарына паракорлук жөнүндө билдирүү

| Сиз паракорлук инциденти жөнүндө кимге билдирдиңиз? | |
|---|---|
| Милицияга | 0.9% |
| Прокуратурага | 0.2% |
| Улуттук коопсуздуктун мамлекеттик комитетинин Коррупцияга каршы күрөшүү кызматына | 0.9% |
| Жок | 95.4% |
| Билбейм | 2.6% |

n=1022

Паракорлук мурдагы Советтер Союзунун көпчүлүк өлкөлөрүндө кеңири жайылган укук бузуу болуп саналат. 6-3 таблицасында элдер паракорлук жөнүндө бийликке канчалык тез-тез билдирүүсү, эгерде билдирсе кимге экени көрсөтүлгөн. Маалымдар оң болуп саналбайт. Паракорлуктун курмандыктарынын басымдуу көпчүлүгү – 95%дан көбүрөөк, алар болгон окуя тууралуу бийликке билдиришпегенин айтышкан. Паракорлуктун курмандыктарынын болгону эки пайызынин тегерегинде инцидент тууралуу тиешелүү органдарга билдиришкен.

Таблица 6-4: Милицияга арыз бербөөнүн негиздери (1)

| **Милицияга арыз бербөөнүн себептери** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Автомобил уурдоо | Автомобилдин ичинен запас бөлүктөрүн же шаймандарын уурдоо | Мотоциклди уурдоо | Велосипедди уурдоо | Мал уурдоо | Үйгө/батирге кирүү менен уурдоо | Башка жеке мүлктү уурдоо |
| Анча олуттуу эмес | 2 | 42 | 0 | 13 | 6 | 36 | 114 |
| Милиция эч нерсе кыла алмак эмес/ далилдердин жетишсиздиги | 4 | 39 | 0 | 22 | 26 | 50 | 136 |
| Милиция муну менен эч нерсе кыла алмак эмес | 2 | 27 | 1 | 26 | 12 | 43 | 120 |
| Коркконунан/милицияга болгон терс мамиле/милиция менен байланышкысы келген эмес | 0 | 7 | 0 | 1 | 1 | 7 | 8 |
| Башка мамлекеттик органдарга арыз беришти | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Өзүм чечтим/ бул ишти менин үй-бүлөм чечти/ мен күнөөлүнү билем | 5 | 7 | 1 | 7 | 7 | 21 | 21 |
| Камсыздандыруусу жок | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 2 |
| Өч алуудан коркуу | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Жайсыз/ милиция өтө алыс жайгашкан / убарасы өтө көп | 0 | 3 | 0 | 6 | 3 | 6 | 19 |
| Башка себептер | 3 | 8 | 0 | 2 | 2 | 8 | 13 |
| Билбейм | 3 | 1 | 0 | 1 | 2 | 2 | 2 |
| саны, респондент боюнча бир нече жооп болушу мүмкүн | n=19 | n=123 | n=2 | n=68 | n=56 | n=150 | n=375 |

6-4 жана 6-5 таблицаларында жапа чеккендер тарабынан укук бузуулар жөнүндө милицияга арыз берүүгө каалабаган себептери келтирилген. Таблицалардагы маалымдар пайыздар катары эмес, жыштыктар менен берилген. Ар бир курмандык милиция менен байланышууга каалабагандыгынын бир нече себебин атап кете алуусуна байланыштуу болгон. Эки таблицадан көрүнүп тургандай себептердин кеңири диапазону бар. Ошондой болсо дагы, баардык укук бузуулар боюнча көпчүлүк курмандыктар үч себепти айтышты, негизинен: укук бузуу анча олуттуу эмес, милиция муну менен бир нерсе кылууга мүмкүнчүлүгү болмок эмес жана милициянын колунан эч нерсе келмек эмес.

6-5 таблицасынын акыркы мамычасында 6-4 жана 6-5 таблицаларынын баардык маалымдары суммалашкан. Бул жерде келтирилген негиздемелердин жалпы санынын пайызы түрүндө негизги себеп канчалык бат-бат айтылганы көрсөтүлгөн. Башкача айтканда, баардык укук бузуулар боюнча «анча олуттуу эмес» деген жооп милиция менен байланышуудан баш тартуунун бардык негиздемелеринин 31,6% түзөт. Мамычадан көрүнүп тургандай, милицияга кайрылбоонун үч негизги себеби баардык далилдердин төрттөн үч бөлүгүнөн көбүрөөк түзөт (76,8%). Башка негиздемелердин ичинен жетиштүү жыштык менен (8,4%) «көйгөйдү өзүм чечтим/мен кылмышкерди билгем» сыяктуулар аталып кетти.

Таблица 6-5: Милицияга арыз бербөө үчүн негиздеме (2)

| **Милицияга арыз бербөөнүн себептери (2)** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Тоноочулук | Рэкет | Кол салуу /коркутуу | Банк картасын/ онлайн банкингди кыянаттык менен колдонуу | Керектөөчүлордү алдоо | Пара алуу | **Бардыгы (пайыз менен)** |
| Анча олуттуу эмес | 6 | 23 | 17 | 2 | 342 | 383 | 31.6% |
| Милиция эч нерсе кыла алмак эмес/ далилдердин жетишсиздиги | 22 | 14 | 25 | 4 | 115 | 188 | 20.6% |
| Милиция муну менен эч нерсе кыла алмак эмес | 23 | 19 | 20 | 4 | 214 | 257 | 24.6% |
| Корккондуктан/милицияга болгон терс мамиле/милиция менен байланышкысы келген | 7 | 1 | 8 | 1 | 22 | 44 | 3.4% |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| эмес | | | | | | | |
| Башка мамлекеттик органдарга арыз бериши | 0 | 0 | | 0 | 4 | 0 | 0.1% |
| Өзүм чечтим/ бул ишти менин үй-бүлөм чечти/ мен күнөөлүнү билем | 5 | 10 | 15 | 1 | 46 | 117 | 8.4% |
| Камсыздандыруусу жок | 1 | 0 | 2 | 0 | 1 | 9 | 0.5% |
| Өч алуудан коркуу | 1 | 2 | 1 | 0 | 0 | 25 | 0.9% |
| Жайсыз/ милиция өтө алыс жайгашкан / убарасы өтө көп | 3 | 0 | 6 | 1 | 19 | 21 | 2.8% |
| Башка себептер | 7 | 6 | 11 | 3 | 17 | 97 | 5.7% |
| Билбейм | 1 | 1 | 5 | 0 | 5 | 20 | 1.4% |
| респондент боюнча бир нече жооп болушу мүмкүн | n=70 | n=62 | n=99 | n=14 | n=639 | n=973 | n=2650, баардык кылмыштар боюнча топтолгон пайыз |

Таблица 6-6: Жазуу жүзүндөгү арызды алууга даярдыгы

| **Милиция Сиздин жазуу жүзүндөгү арызыңызды кабыл алдыбы?** | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Автомобил уурдоо | Автомобилдин ичинен запас бөлүктөрүн же шаймандарын уурдоо | Мотоциклди уурдоо | Велосипедди уурдоо | Мал уурдоо | Үйгө/батирге кирүү менен уурдоо | Башка жеке мүлктү уурдоо | Тоноочулук |
| Ооба | 91.8% | 89.8% | 77.6% | 52.5% | 91.8% | 88.8% | 85.9% | 84.0% |
| Жок | 8.3% | 10.2% | 22.4% | 41.5% | 8.2% | 6.8% | 9.0% | 16.0% |
| Билбейм | 0.0% | 0.0% | 0.0% | 6.0% | 0.0% | 4.4% | 5.1% | 0.0% |
| Бааланган пайыз | n=28 | n=67 | n=4 | n=35 | n=55 | n=142 | n=12 | n=59 |

| | Рэкет | Кол салуу /корку туу | Сексуалдык негиздеги кылмыштар | Кыз уурдоо | Банк картасын/ онлайн банкингди кыянаттык менен колдонуу | Керектөөчүнү алдоо | Пара алуу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | 84.1% | 86.3% | 88.6% | 100.0% | 33.2% | 63.8% | 37.8% |
| Жок | 15.9% | 10.8% | 3.8% | 0.0% | 66.8% | 5.8% | 35.6% |
| Билбейм | 0.0% | 2.9% | 7.6% | 0.0% | 0.0% | 30.4% | 26.6% |
| | n=10 | n=31 | n=20 | n=4 | n=113 | n=25 | n=23 |

6-6 таблицасында «Милиция Сиздин жазуу жүзүндөгү арызыңызды кабыл алдыбы?» деген суроого жооптордун натыйжалары берилген. Ошентип, бул жерде милицияга арыз бергендери тууралуу билдирген адамдардан гана алынган маалымдар көрсөтүлгөн. Көпчүлүк учурларда милиция баардык укук бузууларга карата жазуу жүзүндөгү арыздарды кабыл алууга даяр болгон. Ошондой болсо дагы, баардык жерде эле мындай болгон эмес. Негизинен, милиция велосипеддерди, банк карталарын уурдоо, онлайн-алдамчылык жана пара алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыздарды азыраак мүмкүндүк менен алууга даяр болгон. Тоноочулук, рэкет жана кол салуу сыяктуу бир кыйла олуттуу кылмыштарга  карата милиция тарабынан арыздарды алуу көрсөткүчтөрү анча оор эмес кылмыштарга салыштырмалуу жогорураак. Ошондой болсо дагы, милиция жазуу жүзүндөгү арыздарды кабыл алуудан баш тарткан кылмыш окуялары дагы эле көп. Мисалы, өткөн жылы милиция аларга кайрылган тоноочулуктун курмандыктарынын болжол менен 16%нан  жазуу жүзүндөгү арыздарын кабыл алган жок. Милицияга кайрылып, арыздары кабыл алынбай калган окшош  абалда рэкеттин курмандыктарынын 16% жана кол салуулар курмандыктарынын 11%.

Жапа чеккендердин укук бузуунун ар бир түрү боюнча милициянын аракеттерине канааттануу деңгээли төмөндө 6-7 таблицасында берилген. Жогоруда көрсөтүлгөн таблицадагыдай эле, 6-7 таблицасында милицияга кайрылган адамдардын гана жооптору чагылдырылган. Ишине карата милициянын аракеттерине «абдан ыраазы» болушун белгилешкен курмандыктардын саны аз экендиги дароо эле көрүнөт.  Болгону кылмыштын бир нече түрү гана (автомобилдин ичинен уурдоо, рэкет, кол салуу жана керектөөчүнү алдоо) эки маанилүү деңгээлге ээ, тагыраак айтканда «абдан ыраазы». Нормалдуу болуп, албетте, нааразычылык абалы саналат.
6-7 таблицасынын акыркы мамычасында үч өтө оор кылмыштарга карата суммаланган канааттануу көрсөтүлгөн: бузуу менен уурдоонун, тоноочулуктун жана кол салуунун. Кылмыштын бул үч түрү боюнча милиция менен канааттануу  деңгээли өтө төмөн болуп саналат: милицияга кайрылган бул кылмыштардын курмандыктарынын 60% милициянын аракеттерине «абдан нааразы» же «көбүнчө нааразы» болушканын билдиришти. Болгону 21% «абдан ыраазы» же «кобүнчө ыраазы» болушканын айтышты.

Таблица 6-7: Милициянын аракеттери менен канааттануу

| Милиция инцидентти чечишине канааттануу | Автомобил уурдоо | Автомобилдин ичинен запас бөлүктөрүн же шаймандарын уурдоо | Мотоциклд и уурдоо | Велосипедд и уурдоо | Мал уурдоо | Үйгө/батирге кирүү менен уурдоо | Башка жеке мүлктү уурдоо | Тоноочулу к |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Абдан ыраазы | 6.5% | 13.2% | 0.0% | 4.0% | 5.2% | 4.4% | 8.6% | 7.6% |
| Көбүнчө ыраазы | 31.4% | 20.1% | 0.0% | 12.2% | 14.3% | 13.5% | 20.1% | 18.8% |
| Ыраазы да эмес наразы да эмес | 7.4% | 8.5% | 0.0% | 5.6% | 9.2% | 10.9% | 7.7% | 21.4% |
| Көбүнчө наразы | 32.1% | 18.7% | 77.6% | 19.1% | 39.2% | 25.1% | 32.3% | 21.9% |
| Абдан наразы | 22.6% | 39.6% | 22.4% | 42.9% | 32.2% | 43.4% | 30.0% | 27.0% |
| Билбейм | 0.0% | 0.0% | 0.0% | 16.3% | 0.0% | 2.7% | 1.2% | 3.2% |
| Бааланган пайыз | n=28 | n=67 | n=4 | n=35 | n=55 | n=142 | n=12 | n=59 |

| | Рэкет | Кол салуу /корку туу | Сексуалдык негиздеги кылмыштар | Банк картасын/ онлайн банкингди кыянаттык менен колдонуу | Керектөөчүн ү алдоо | Пара алуу | Кыз уурдоо | **3 crime aggregate** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Абдан ыраазы | 21.6% | 10.8% | 0.0% | 0.0% | 27.3% | 0.0% | 29.1% | 5.9% |
| Көбүнчө ыраазы | 11.6% | 13.0% | 15.8% | 18.9% | 10.2% | 15.2% | 0.0% | 14.8% |
| Ыраазы да эмес наразы да эмес | 31.3% | 25.6% | 43.7% | 60.4% | 3.0% | 22.1% | 31.1% | 15.2% |
| Көбүнчө наразы | 15.9% | 24.3% | 33.4% | 0.0% | 9.3% | 23.4% | 0.0% | 24.2% |
| Абдан наразы | 11.6% | 20.5% | 7.1% | 0.0% | 26.7% | 7.6% | 39.8% | 36.6% |
| Билбейм | 8.0% | 5.9% | 0.0% | 20.7% | 23.7% | 31.8% | 0.0% | 3.2% |
| | n=10 | n=25 | n=20 | n=113 | n=25 | n=23 | n=4 | n=226, бузуу менен уурдоо, |

тоноочулук,
кол салуу

Таблица 6-8: Милициянын ишмердуулугүнө нааразы болуу үчүн себептер (1)

| Нааразычылыктын себептери | Автомобил уурдоо | Автомобилдин ичинен запас бөлүктөрүн же шаймандарын уурдоо | Мотоциклди уурдоо | Велосипедди уурдоо | Мал уурдоо | Үйгө/батирге кирүү менен уурдоо | Башка жеке мүлктү уурдоо |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Менин арызымды кабыл алышкан жок | 0 | 2 | 0 | 5 | 1 | 8 | 7 |
| Жетиштүү чараларды көрүшкөн жок | 2 | 11 | 1 | 11 | 15 | 35 | 21 |
| Кызыккан жок | 3 | 4 | 1 | 5 | 12 | 27 | 9 |
| Кылмышкерди табышкан жок же кармай албай коюушту | 6 | 14 | 0 | 5 | 20 | 62 | 27 |
| Мага тиешелүү буюмдарды кайтарып беришкен жок | 6 | 15 | 1 | 2 | 9 | 40 | 16 |
| Мен тиешелүү түрдө маалымат алган жокмун | 4 | 3 | 0 | 1 | 5 | 14 | 11 |
| Мага сылык мамиле кылышкан жок /сылык эмес | 0 | 2 | 1 | 2 | 0 | 4 | 2 |
| Кечигип келишти | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | 4 | 0 |
| Башка себеп | 1 | 3 | 0 | 0 | 1 | 5 | 3 |
| Билбейм | 0 | 1 | 0 | 1 | 0 | 1 | 0 |
| респондент боюнча бир нече жооп болушу мүмкүн | n=14 | n=40 | n=4 | n=21 | n=37 | n=97 | n=69 |

Эгерде жапа чеккендер алардын көйгөйүнө карата милициянын аракеттерине «абдан нааразы» же «көбүнчө нааразы» болушканын билдиришсе, аларга нааразычылыгынын себептерин түшүндүрүп берүү мүмкүнчүлүгү берилген. Бул натыйжалар 6-8 жана 6-9 таблицаларында көрсөтүлгөн. Респонденттерге бир нече себептерин санап кетүүгө мүмкүнчүлүк берилгенге байланыштуу, маалымдар жыштык түрүндө берилген. Баардык кылмыштар боюнча нааразычылык үчүн кеңири жайылган негиз болуп милициянын кылмышкерди кармоого же уурдалган буюмдарды кайтарып берүүгө мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу саналат. Ошондой эле көпчүлүк адамдар милициянын аракеттери «жетиштүү болгон эмес» же милиция көйгөйдү чечүүгө «кызыккан эмес» деп даттанышты.

Таблица 6-9: Милициянын ишмердүүлүгүнө наарazы болуу үчүн себептер (2)

| Наарazычылыктын себептери (2) | Тоноочулук | Рэкет | Кол салуу /корку туу | Банк картасын/ онлайн банкингди кыянаттык менен колдонуу | Керектөөчүнү алдоо | Пара алуу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Менин арызымды кабыл алышкан жок | 4 | 1 | 0 | 0 | 1 | 0 |
| Жетиштүү чараларды көрүшкөн жок | 11 | 0 | 6 | 0 | 6 | 6 |
| Кызыккан жок | 5 | 1 | 3 | 0 | 2 | 2 |
| Кылмышкерди табышкан жок же кармай албай коюушту | 18 | 1 | 2 | 0 | 2 | 2 |
| Мага тиешелүү буюмдарды кайтарып беришкен жок | 4 | 0 | 1 | 0 | 3 | 1 |
| Мен тиешелүү түрдө маалымат алган жокмун | 2 | 1 | 1 | 0 | 0 | 1 |
| Мага сылык мамиле кылышкан жок /сылык эмес | 4 | 0 | 1 | 0 | 1 | 0 |
| Кечигип келишти | 2 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 |
| Башка себеп | 2 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Билбейм | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| респондент боюнча бир нече жооп болушу мүмкүн | n=27 | n=3 | n=13 | n=0 | n=9 | n=8 |

## 7. Укук коргоо органдары тарабынан укук тартибин камсыз кылууга (укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнө) калктын мамилеси

Бул бөлүм укук тартибин камсыз кылууга жана алардын милиция менен өз ара аракеттешүүсүнө карата жарандардын көңүлүн изилдөөчү суроолорду камтыйт. Суроонун туюндурмасы ар бир таблицанын үстү жагында курсив менен жазылган.

*А8. Милициянын ишинен күтүлүүчү баардык натыйжаларды эске алуу менен, милиция Сиздин райондо: абдан жакшы жетишип жатат, жакшы жетишип жатат, начар жетишип жатат же абдан начар жетишип жатат деп айтат элеңиз?*

Таблица 7-1: Жергиликтүү милицияга карата кабыл алуу

| **А8 – Жергиликтүү милицияны кабыл алуу** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Абдан жакшы жетишип жатышат | 4.7% | 4.7% | 6.0% |
| Жакшы жетишип жатышат | 29.7% | 16.1% | 33.5% |
| Жакшы эмес, начар эмес жетишип жатышат | 31.0% | 25.6% | 28.0% |
| Начар жетишип жатышат | 14.4% | 19.5% | 19.5% |
| Абдан начар жетишип жатышат | 9.6% | 21.3% | 6.0% |
| Билбейм | 7.3% | 6.8% | 4.8% |
| Башка | 3.4% | 6.1% | 2.2% |

Өлкө n=3500; Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

Жергиликтүү милицияга карата кабыл алуу Кыргызстанда өтө кескин айырмаланат жана жакшы менен начар бааларынын ортосунда тең жарымынан бөлүнүшөт: Кыргызстандын калкынын болжол менен 34% милиция «абдан жакшы» же «жакшы» иштейт десе, 24% «абдан начар» же «начар» иштешет деп эсептешет. Тургундардын 31% милициянын ишмердүүлүгүнө «жакшы да эмес, начар да эмес» деп, нейтралдуу баа беришти. Бишкектин жашоочуларынын милициянын ишине, жалпы өлкө боюнча салыштырып караганда, мамилеси бир кыйла сын пикирлүү. Ошондой эле алар Ош шаарынын тургундарына караганда бир кыйла сындуу. Мисалы, Ош шаарынын тургундарынын дээрлик 40% милиция ишин «абдан жакшы» же «жакшы» аткарып жатат деп айтышса, борбор шаардагы респонденттердин 21% гана милицияны ушундай жакшы абалда кабыл алышат.

*А9. Соттордун ишинен күтүлүүчү баардык натыйжаларды эске алуу менен, Сиздин райондогу соттун ишин Сиз кандай баалайсыз? Алар: абдан жакшы жетишип жатат, жакшы жетишип жатат, начар жетишип жатат же абдан начар жетишип жатат деп айтат элеңиз?*

Таблица 7-2: Жергиликтүү сотторго карата кабыл алуу

| А9 – Жергиликтүү соттордук кабыл алуу | | | |
|---|---|---|---|
| | Өлкө | Бишкек | Ош шаары |
| Абдан жакшы жетишип жатышат | 1.6% | 2.4% | 3.4% |
| Жакшы жетишип жатышат | 13.9% | 7.1% | 19.6% |
| Жакшы эмес, начар эмес жетишип жатышат | 31.1% | 26.0% | 34.2% |
| Начар жетишип жатышат | 14.0% | 15.5% | 19.0% |
| Абдан начар жетишип жатышат | 10.9% | 23.8% | 5.7% |
| Билбейм | 18.3% | 12.1% | 11.5% |
| Башка | 10.3% | 13.2% | 6.7% |

Өлкө n=3500; Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

Жергиликтүү милиция сыяктуу Бишкектин тургундары жергиликтүү соттордук жактырганга салыштырмалуу жактырбаган мамиле жасашат. Бүт өлкө боюнча кыргызстандыктардын 25% соттор өз жумушун "начар" же "абдан начар" аткарышат деп жооп беришти, ушул эле суроого жооп берген Бишкектин тургундарынын саны 39% түздү. Ош шаарынын тургундарынын 25% тегерегинде жергиликтүү соттордун жумушун терс баалашат.

**Милицияга жана сотко болгон мамиле**

Бул бөлүмдө милицияга жана сотторго болгон мамилелер каралат. Талдоого алынган суроолордо респонденттерден милиция (же сот) алардын районунда канчалык жакшы, начар же абдан начар иштөөсү тууралуу сурашкан. Өзгөрүүлөр бир кыйла жогору баалар бир кыйла ылайыктуу айтылган создөргө ылайык келиши үчүн коддолушкан. Алынган натыйжалар сызыктуу регрессия моделин колдонуу менен бааланган.

| Өзгөрүлмө | (1)<br>Милицияга карата мамилеси | (2)<br>Сотко карата мамилеси |
|---|---|---|
| Аял | 0.067 | 0.082* |
| | (0.057) | (0.049) |
| Жаш курагы | 0.000 | -0.001 |
| | (0.002) | (0.002) |
| Билими | -0.140*** | -0.110*** |
| | (0.022) | (0.017) |
| Киреше | -0.003 | 0.006 |
| | (0.015) | (0.012) |
| Никеси бар | 0.056 | -0.029 |
| | (0.065) | (0.056) |
| Шаар | -0.330*** | -0.242*** |
| | (0.059) | (0.050) |
| Туруктуу | 4.197*** | 3.653*** |

| | | |
|---|---|---|
| | (0.138) | (0.112) |
| Обревиатуралар | 2,989 | 2,812 |
| R-squared | 0.040 | 0.033 |

Стандарттуу ката кашаада берилген
*** p<0.01, ** p<0.05, * p<0.1

Эки суроонун жыйынтыктары абдан окшош болгону таң калтырбайт. Башкача айтканда, айрым адамдар сотторду жана милицияны бирдей баалашат. Эки моделде тең билими жана шаардык аймакта жашоосу милиция менен сотторго карата жакшы мамилесине терс байланышкан. Бирок, аял жынысына таандык болушу сотко жакшы мамиле кылуу менен позитивдүү байланышкан. Ошентип, эркектерге салыштырмалуу аялдар соттор жөнүндө жогорку пикирде болушат.

#### 7.1.1. Жарандардын милиция менен баарлашуусу

*E1. Сиздин аймакта жөө патрулда жүргөн милиция кызматкерлерин орто эсеп менен сиз канчалык бат-бат көрөсүңөр (жолуктурасыңар)? Ушундай болуп жатканын сиз айта аласызбы…*

Таблица 7-3: Жөө милиция патрулу менен жолугушуу

| E1. Жөө патрулда жүргөн милиция кызматкерлерин канчалык бат-бат көрүшөт | Өлкө | Бишкек | Ош шаары |
|---|---|---|---|
| Бир күндө бир жолудан кобүрөөк | 2.9% | 2.2% | 8.3% |
| Бир күндө бир жолу | 11.4% | 8.6% | 23.1% |
| Болжол менен жумасына бир жолу | 17.0% | 18.6% | 19.2% |
| Болжол менен бир айда бир жолу | 18.7% | 17.6% | 15.3% |
| Бир айда бир жолудан аз | 28.5% | 33.3% | 23.1% |
| Билбейм/эсимде жок | 21.5% | 19.8% | 10.9% |

Өлкө n=3500; Бишкек n=1000, Ош шаары n=380; бааланган пайыздар

Ош шаарынын тургундары Бишкектин тургундарына салыштырмалуу патрулда жүргөн милиционерлерди көбүрөөк жолуктурушат: Ош шаарынын тургундарынын болжол менен 31% милиционерлерди күнүгө жолуктурушат, ушул эле учурда Бишкекте – 11%. Кыргызстандын жарандарынын 14% баалоосу боюнча, алар жөө патрулду күнүгө жулуктурушат.

#### 7.1.2. Өзүнүн демилгеси боюнча милицияга кайрылуу

*E2. Акыркы 12 айдын ичинде, 2014-жылдын июнунан баштап, сиз өз демилгеңиз боюнча ар кандай себептер менен милицияга телефон аркылуу, же көчөдөн кайрылдыңызбы, же милиция бөлүмүнө чалдыңызбы? Буга чейин айтылып кеткен милицияга кылмыш тууралуу билдирүү учурлары жөнүндө кайталабаңыз.*

Таблица 7-4: Өзүнүн демилгеси боюнча милицияга кайрылуу?

| E2. Акыркы 12 айдын ичинде милиция менен байланыш | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба | 7.2% | 11.3% | 5.5% |
| Жок | 92.0% | 88.2% | 93.5% |
| Билбейм/эсимде жок | 0.8% | 0.6% | 1.0% |

өлкө n=3500; Бишкек n=1000, Ош шаары n=380; бааланган маалымдар

Борбор шаарыбызда милиция жөнүндө көбүнчө терс элесте болгондугуна карабастан, Бишкектин тургундары акыркы жылдын ичинде милицияга кайрылышканын айтышты. Бүт өлкө боюнча жарандардын 7,2%на салыштырмалуу, Бишкектин 11,3% тургундары акыркы жылдын ичинде милицияга кайрылышкан.

*E3a. Акыркы окуя учурунда милициянын кызматкери өзүн тааныштырып кеттиби, ал өзүнүн кызматтык күбөлүгүн көрсөттүбү же анын маалымдары бейджикте/жетондо же формасында болгонбу?*

Таблица 7-5: Өзүнүн демилгеси боюнча – өздөрүн милиция кызматкерлери катары тааныштыруу?

| E3a. Милиция менен байланышуунун акыркы окуясы: | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Милициянын кызматкери өзүн тааныштырып кетти | 113 | 36 | 9 |
| Милициянын кызматкери кызматтык күбөлүгүн көрсөттү | 58 | 27 | 4 |
| Милиция кызматкеринин маалымдары бейджикте/жетондо же формасында болгон | 44 | 27 | 3 |
| Өзүн тааныштырган жок/күбөлүгүн көрсөткөн жок/жетондо маалымдары болгон эмес | 42 | 20 | 4 |
| Эсимде жок/билбейм | 13 | 5 | 1 |

өлкө n=270; Бишкек n=115; Ош шаары n=21; жооптордун саны

*E3b. Акыркы жолу милиция Сизге адилеттүү мамиле жасадыбы?*

Таблица 7-6: Өзүнүн демилгеси боюнча - адилеттүү мамиле?

| E3b. Акыркы байланыш учурунда милиция адилеттүү мамиле жасады | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба | 58.4% | 57.0% | 42.6% |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жок, анчалык адилеттүү эмес | 25.3% | 27.8% | 38.4% |
| Жок, такыр адилетсиз мамиле жасады | 12.7% | 10.5% | 19.0% |
| Билбейм/эсимде жок | 3.6% | 4.7% | 0.0% |

Өлкө n=253, Бишкек n=110, Ош шаары n=21; бааланган маалымдар

Жалпысынан бүт өлкө боюнча, милиция менен өз ара аракеттенишкен жарандардын көбү, аларга адилеттүү мамиле жасашканын билдиришти. Төмөндөгү 7-7 таблицасы милициянын аларга жасаган сый мамилеси тууралуу суроого окшош натыйжаларды көрсөтөт. Кызыктуусу, Ош шаарынын тургундары милициянын жумушун “жакшы” же “абдан жакшы” деп баалаганына карабастан, милиция аларга адилеттүү жана сый мамиле жасагандыгы жөнүндө азыраак айтышат.

*E4. Милиция сизге сый менен мамиле жасадыбы?*

Таблица 7-7: Өзүнүн демилгеси боюнча - сый мамиле?

| **E4. Акыркы байланыш учурунда милиция сый мамиле жасады** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба | 63.0% | 66.2% | 47.4% |
| Жок, көп деле сый мамиле жасаган жок | 26.4% | 27.9% | 33.7% |
| Жок, такыр начар мамиле жасады | 8.7% | 4.5% | 19.0% |
| Билбейм/эсимде жок | 1.9% | 1.5% | 0.0% |

өлкө n=253, Бишкек n=110, Ош шаары n=21; бааланган маалымдар

*E5. Жалпысынан, Сиз милициянын аракеттерине ыраазы же нааразы болдуңузбу?*

Таблица 7-8: Өзүнүн демилгеси боюнча – ишке карата канааттануу

| **Е5. Милициянын аракеттери менен канааттандым** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Абдан ыраазы | 24.7% | 19.9% | 23.7% |
| Кандайдыр бир деңгээлде ыраазы | 36.5% | 33.6% | 28.4% |
| Анча-мынча нааразы | 11.5% | 15.8% | 19.0% |
| Абдан нааразы | 24.1% | 25.6% | 29.0% |
| Билбейм/эсимде жок | 3.2% | 5.1% | 0.0% |

Өлкө n=253, Бишкек n=110, Ош шаары n=21; бааланган маалымдар

Бүт өлкө боюнча көптөгөн кыргызстандыктар милиция алардын даттанууларына жасаган мамилесине көп учурда нааразы болушат. Милицияга кайрылган баардык респонденттердин болжол менен 36% алардын иштеринин каралышына “анча-мынча нааразы” же “абдан нааразы” болушканын айтышты. Буга чейинки таблицалардагыдай эле бул бөлүмдө Ош шаарынын тургундары нааразычылыктын эң жогорку деңгээлдерин көрсөтүштү: даттанууларына карата милициянын жасаган аракеттерине 48% нааразы.

### 7.1.3. Рулда отурган респондентти Жол-кайгуул кызматы тарабынан токтотуу

*Е6. 2014-жылдын июнь айынан баштап милициянын кызматкери (ЖКК) Сизге келгенде же Сизди токтоткондо Сиз машина же мотоцикл айдап бара жаттыңыз беле?*

Таблица 7-9: ЖКК – өткөн жылы токтотконбу?

| **Е6. Акыркы 12 айдын ичинде рулда отурган учурда милиция тарабынан токтотулгандар** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба | 20.7% | 30.5% | 31.8% |
| Жок | 78.5% | 68.4% | 68.2% |
| Билбейм/эсимде жок | 0.8% | 1.1% | 0.0% |

өлкө n=3500, Бишкек n=1000, Ош шаары n=380, бааланган маалымдар

Калктын көпчүлүк бөлүгү ЖКК тарабынан өткөн жылы токтотулган. Респонденттердин дээрлик 21% алар ЖКК тарабынан токтотулгандарын билдиришти. Бул баа авто ээлери үчүн гана эмес, бүт өлкө үчүн эске алуу менен бул жогорку пайыз болуп саналат. Бишкекте жана Ошто токтотулган адамдар үчүн пайыздык көрсөткүч дээрлик бирдей, ошондой болсо дагы эки учурда тең ал орто эсеп менен өлкө боюнча бир кыйла жогору.

*E7a. Акыркы окуя учурунда милициянын кызматкери өзүн тааныштырып кеттиби, ал өзүнүн кызматтык күбөлүгүн көрсөттүбү же анын маалымдары бейджикте/жетондо же формасында болгонбу?*

Таблица 7-10: ЖКК - өздөрүн милиция кызматкерлери катары тааныштыруу?

| **E7a. Милиция менен байланышуунун акыркы окуясы (ЖКК)** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Милициянын кызматкери өзүн тааныштырып кетти | 457 | 125 | 95 |
| Милициянын кызматкери кызматтык күбөлүгүн көрсөттү | 145 | 65 | 14 |
| Милиция кызматкеринин маалымдары бейджикте/жетондо же формасында болгон | 170 | 95 | 7 |
| Өзүн тааныштырган жок/күбөлүгүн көрсөткөн жок/жетондо маалымдары болгон эмес | 147 | 55 | 6 |
| Эсимде жок/билбейм | 27 | 8 | 9 |

Өлкө n=830 Бишкек n=306 Ош региону n=122, жооптордун саны

7-10 таблицасында көрсөтүлгөндөй, токтотулган респонденттердин билдирүүлөрүнө ылайык ЖККнын көпчүлүк кызматкерлери өздөрүн тааныштырып, кызматтык күбөлүктөрүн көрсөтүштү.

*E7b. Сизди токтотуунун акыркы учуру жөнүндө сөз болгондо, милициянын кызматкери токтотуунун себебин түшүндүрдүбү?*

Таблица 7-11: ЖКК – токтотуунун себептерин түшүндүрүү?

| **E7b. Милициянын кызматкери токтотуунун себебин түшүндүрдүбү?** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба | 78.6% | 77.1% | 82.7% |
| Жок | 19.2% | 21.5% | 12.4% |
| Такыр жок | 2.3% | 1.3% | 4.9% |

Өлкө n=830; Бишкеки n=306; Ош шаары n=122; бааланган пайыз

Респонденттердин көпчүлүгү милиция аларга токтотуунун себептерин түшүндүргөнүн билдиришти.

*E8. Акыркы жолу милиция Сизге адилеттүү мамиле жасадыбы?*

Таблица 7-12: ЖКК – адилеттүү мамиле?

| **E8. Акыркы жолу милиция Сизге адилеттүү мамиле жасадыбы** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба | 53.0% | 53.0% | 44.5% |
| Жок, анча адилеттүү эмес | 33.6% | 33.6% | 31.8% |
| Жок, такыр адилетсиз мамиле жасады | 10.8% | 10.8% | 19.6% |
| Эсимде жок/билбейм | 2.6% | 2.6% | 4.1% |

Өлкө n=830; Бишкек n=306; Ош шаары n=122; бааланган пайыз

*E9. Милиция Сизге сый мамиле жасадыбы?*

Таблица 7-13: ЖКК – сый мамиле?

| **E9. Акыркы жолу милиция Сизге сый мамиле жасадыбы** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба | 60.0% | 56.6% | 43.7% |
| Жок, көп деле сый мамиле жасаган жок | 28.2% | 34.6% | 29.4% |
| Жок, такыр начар мамиле жасады | 10.5% | 7.5% | 22.9% |
| Билбейм/эсимде жок | 1.3% | 1.3% | 4.1% |

Өлкө n=830; Бишкек n=306; Ош шаары n=122; бааланган пайыз

7-12 жана 7-13 таблицаларында милиция кызматкерлеринин жарандарга адилеттүү жана сый мамиле кылуусу боюнча салыштырмалуу окшош натыйжалар чагылдырылган. Буга чейинки таблицаларда көрүнүп тургандай, Ош шаарынын тургундары Бишкектин же жалпы бүт өлкөнүн жашоочулары, аларга сый жана адилеттүү мамиле жасагандарын таанууга анча кызыгышпайт. Ош шаарынын тургундары алардын окуяларына тиешелүү ЖККнын аракеттерине ыраазы болушканын билдирүүгө анча кызыгышпаганы таң калтырбайт: жалпы өлкө боюнча жарандардын 50% салыштырмалуу Ош шаарынын тургундарынын 40% гана ыраазы болушкан (таблица 8-14).

*E10. Сиз милициянын (Жол-кайгуул кызматынын) аракеттерине ыраазысызбы же наразысызбы?*

Таблица 7-14: ЖКК – алардын учурунда милициянын аракеттерине канааттандыңызбы?

| E10. Милициянын (ЖКК) аракеттерине ыраазы | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Абдан ыраазы | 10.1% | 6.1% | 9.8% |
| Кандайдыр бир деңгээлде ыраазы | 39.8% | 39.0% | 29.6% |
| Анча-мынча наразы | 27.5% | 35.2% | 34.5% |
| Абдан наразы | 19.4% | 18.0% | 22.2% |
| Билбейм/эсимде жок | 3.3% | 1.6% | 4.1% |

Өлкө n=830; Бишкек n=306; Ош шаары n=122; бааланган пайыз

### 7.1.4. Жөө респондентти токтотуу

*E11. Сиз 2014-жылдын июнь айынан бери жөө бара жатканда милиция кызматкерлери Сизди токтотуп, суракка алдыбы?*

Таблица 7-15: Милициянын жөө патрулу - өткөн жылы токтоттубу?

| E11. Акыркы 12 айдын ичинде милиция тарабынан токтотулган жөө жүргөн респондент | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба | 7.8% | 9.0% | 6.0% |
| Жок | 91.6% | 90.5% | 93.7% |
| Билбейм/эсимде жок | 0.6% | 0.5% | 0.3% |

Өлкө n=3500; Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

7-15 таблицасынын маалымдары көрсөткөндөй, Кыргызстандын жөө жүргөн жарандарын бүтүндөй өлкө боюнча бирдей деңгээлде токтотушат. Ош шаарындагы жарандарды токтотуу мүмкүнчүлүгү Бишкектеги абалга окшош.

*E12a. Акыркы окуя учурунда милициянын кызматкери өзүн тааныштырып кеттиби, ал өзүнүн кызматтык күбөлүгүн көрсөттүбү же анын маалымдары бейджикте/жетондо же формасында болгонбу?*

Таблица 7-16: Жөө патрул - өздөрүн милиция кызматкерлери катары тааныштыруу?

| **E12a. Жөө жүргөн респонденттин милиция менен болгон акыркы байланышы** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Милициянын кызматкери өзүн тааныштырып кетти | 139 | 48 | 15 |
| Милициянын кызматкери кызматтык күбөлүгүн көрсөттү | 52 | 20 | 3 |
| Милиция кызматкеринин маалымдары бейджикте/жетондо же формасында болгон | 46 | 25 | 2 |
| Өзүн тааныштырган жок/күбөлүгүн көрсөткөн жок/жетондо маалымдары болгон эмес | 52 | 17 | 4 |
| Эсимде жок/билбейм | 9 | 5 | 0 |

Өлкө n=234; Бишкек n=89; Ош шаары n=23, жооптордун саны

7-16 таблицасы көрсөткөндөй, милиция жөө жүргөндөрдү токтотқондо алар өздөрүн тааныштырып, кызматтык күбөлүктөрүн көрсөтүштү.

*E12b. Сизди токтотуунун акыркы учуру жөнүндө сөз болгондо, милициянын кызматкери токтотуунун себебин түшүндүрдүбү?*

Таблица 7-17: Милициянын жөө патрулу– токтотуунун себебип түшүндүрдүбү ?

| **E12b. Милициянын кызматкери токтотуунун себебин түшүндүрдүбү?** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба | 81.6% | 89.2% | 82.9% |
| Жок | 12.7% | 10.8% | 8.6% |
| Билбейм | 5.8% | 0.0% | 8.6% |

Өлкө n=234; Бишкек n=89; Ош шаары n=23; бааланган пайыз

7-17 таблицасынын маалымдары боюнча милициянын кызматкери 80% жана 90% учурда жөө жүргөн жаранды токтоткондо себебин айткан. Бишкекте милиция жарандарды токтотуунун себептерин көбүрөөк түшүндүргөнүн маалымдар көрсөтүп турат.

*E13. Алар кандай себепти айтышты?*

Таблица 7-18: Жөө патруль - токтотуунун себеби эмнеде?

| E13. Алар кандай себепти айтышты? | Өлкө | Бишкек | Ош шаары |
|---|---|---|---|
| Милиция укук бузуу жөнүндө маалымат алды | 6.5% | 2.5% | 5.2% |
| Кылмыш жасоого шектүүнүн сүрөттөлүшүнө ылайык келүү | 1.3% | 3.8% | 0.0% |
| Өздүгүн жаңылыш тастыктоо учуру | 4.0% | 3.4% | 32.8% |
| Респондентти кылмыш болгон жердин жанын көрүшкөн | 2.9% | 6.3% | 0.0% |
| Респондент бир нерсенин күбөсү болгонбу деген суроо берүү үчүн | 8.4% | 12.5% | 5.2% |
| Респондент шек жаратты/ өзүн шектүү алып жүрдү деп айтты | 1.1% | 2.5% | 10.3% |
| Респондент тартипти бузду/мас жана жаңжал чыгаруу абалында болду/ көйгөй жаратып жатты деп айтты | 1.5% | 2.6% | 0.0% |
| Болгону жалпы суроолорду берди /маалымат алуу үчүн сурап жатты / багытты сурады | 9.6% | 10.1% | 5.2% |
| Респондент алкоголдун таасири астында болчу | 1.8% | 2.5% | 0.0% |
| Терроризмге каршы ишмердүүлүктүн алкагында | 0.2% | 0.0% | 5.2% |
| Бузуудан тышкары башка учурда | 6.7% | 12.5% | 0.0% |
| Мени өздүгүмдү тастыктоочу күбөлүгүмдү/паспортту көрсөтүүнү суроо үчүн токтотушту | 56.1% | 41.4% | 36.2% |

Өлкө n=196, Бишкек n=80, Ош шаары n=41, бааланган пайыз

Жогоруда берилген таблицада, жөө жүргүнчүнү токтотуу үчүн милиция тарабынан келтирилген ар кандай себептер саналып өттү. Талашсыз, жарандарды токтотуунун эң жайылган себептеринин бири болуп, паспортту же өздүгүн тастыктоочу күбөлүктү текшерүү болду, бул өлко боюнча келтирилген баардык себептердин ичинен болжол менен 56% түздү. Токтотуунун мындай себептери Бишкекте жана Ошто кыйла сейрек эскертилди (41,4% жана 36,2%).

*E14. Акыркы жолу милиция Сизге адилеттүү мамиле жасадыбы?*

Таблица 7-19: Жөө патруль - адилеттүү мамиле жасадыбы?

| **E14. Акыркы жолу милиция адилеттүү мамиле жасадыбы** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба | 60.4% | 61.3% | 47.1% |
| Жок, анча адилеттүү эмес | 22.6% | 27.5% | 39.1% |
| Жок, такыр адилетсиз мамиле жасады | 12.8% | 11.2% | 9.1% |
| Эсимде жок/билбейм | 4.3% | 0.0% | 4.8% |

Өлкө n=234 Бишкек n=89 Ош шаары n=23, бааланган пайыз

*E15. Милиция Сизге сый мамиле жасадыбы?*

Таблица 7-20: жөө патруль – сый мамиле жасадыбы?

| **E15. Акыркы жолу милиция сый мамиле жасадыбы** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба | 58.2% | 55.7% | 42.9% |
| Жок, көп деле сый мамиле жасаган жок | 23.9% | 32.3% | 48.1% |
| Жок, такыр начар мамиле жасады | 14.3% | 11.2% | 9.1% |
| Билбейм/эсимде жок | 3.6% | 0.8% | 0.0% |

Өлкө n=234; Бишкек n=89; Ош шаары n=23; бааланган пайыз

Жөө сейилдеп жүргөндө милиция тарабынан токтотулган элдердин көбү, аларга адилеттүү (60,4%) жана сый (58.2%) мамиле жасашканын билдиришти. Ош шаарында бул пайыздар болжол менен 15 пунктка төмөн. Негизинен, 43% гана акыркы жолу токтоткон учурда аларга сый мамиле жасашканы тууралуу айтышты.

*E16. Негизинен, Сиз милициянын аракеттерине ыраазы же нааразы болдуңузбу?*

Таблица 7-21: Милициянын жөө патрулу – милициянын аракеттерине ыраазыбы?

| **E16. Милициянын аракеттерине ыраазы** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Абдан ыраазы | 18.2% | 15.9% | 25.7% |
| Кандайдыр бир деңгээлде ыраазы | 39.5% | 42.2% | 51.4% |
| Анча-мынча нааразы | 19.8% | 18.7% | 18.1% |
| Абдан нааразы | 18.3% | 20.2% | 4.8% |
| Билбейм/эсимде жок | 4.4% | 3.0% | 0.0% |

Өлкө n=234; Бишкек n=89; Ош шаары n=23; бааланган пайыз

Токтотулгандардын ичинен 58% азыраагы милициянын аракеттерине “жетишерлик ыраазы” же “абдан ыраазы” болушканын айтышты. Ош шаарынын тургундары калган кыргызстандыктарга салыштырмалуу жөө сейилдеп жүргөн учурда токтоткондо патруль аларга карата адилеттүү жана сый мамиле жасашканын азыраак деңгээлде белгилешкенине карабастан, алар башка кыргызстандыктарга караганда милициянын аракеттерине көбүрөөк ыраазы болушкан: 57,7% бүт өлкө боюнча 77,1% каршы.

## 8. Тобокелдик топтору

Отчеттун бул бөлүмү кимдир бирөөнү кылмыштын курмандыгы болуу мүмкүнчүлүгүнө ар кандай факторлордун таасир тийгизишин баалоого аракет жасаган статистикалык моделдерди камтыйт. Башкача айтканда, бул главанын максаты адамдардын кайсы чөйрөсү кылмыштын белгилүү түрүнүн курмандыгы болуу тобокелдигинин жогорку (же эң кичине) тобунда болгонун изилдөө.

Бул бөлүктө берилген натыйжалар, логит моделдерден алынган. Үлгүнүн негизиндеги модель адам акыркы беш жылдын ичинде белгилүү кылмыштын курмандыгы болуу мүмкүнчүлүгүн алдын ала айтат. Маанилүү демографиялык өзгөрүлмөлөрдү[7] киргизүү жолу менен биз кимдир бирөө үчүн курмандык болуу мүмкүнчүлүгүн кандай фактолор жогорулатышын аныктай алабыз. Талдоо үчүн кылмыштуулуктун беш түрү тандалып алынган: бузуу менен уурдоо, кол салуу, пара алуу жана уурдоо (чөнтөк). Натыйжалар төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн. Берилген натыйжалар логит коэффициент болуп саналгандыктан алардын чоңдуктары түздөн түз интерпретацияланууга тийиш.

Таблица 8-1: Ушул кылмыштын курмандыгы болуунун мүмкүнчүлүгүнүн логит коэффициенттери

| | (1)<br>Бузуу менен уурдоо | (2)<br>Тоноочулук | (3)<br>Кол салу | (4)<br>Пара алуу | (5)<br>Уурулук |
|---|---|---|---|---|---|
| Аялдар | 0.130 | -0.173 | -0.411* | -0.192** | 0.388*** |
| | (0.155) | (0.224) | (0.225) | (0.089) | (0.133) |
| Жаш курагы | -0.006 | 0.001 | -0.018** | -0.014*** | -0.013*** |
| | (0.005) | (0.007) | (0.007) | (0.003) | (0.004) |
| Билими | 0.146** | -0.007 | -0.071 | -0.032 | 0.118*** |
| Киреше | (0.059) | (0.071) | (0.089) | (0.034) | (0.045) |
| | -0.005 | 0.095* | -0.043 | 0.033 | -0.012 |
| | (0.042) | (0.050) | (0.056) | (0.022) | (0.030) |
| Никеси бар | 0.029 | -0.483** | -0.474** | 0.293*** | -0.094 |
| | (0.172) | (0.241) | (0.238) | (0.098) | (0.142) |
| Шаардын тургуну | 0.430*** | 1.185*** | 0.870*** | 0.138 | 0.641*** |
| | (0.161) | (0.266) | (0.242) | (0.089) | (0.131) |
| Константа | -3.327*** | -4.448*** | -2.240*** | -0.829*** | -2.659*** |
| | (0.397) | (0.493) | (0.509) | (0.213) | (0.317) |

[7] [1]Моделге алты ковариация киргизилген. Аял – бул аялдар үчүн 1 коду менен дихотомиялык өзгөрүлмө, ал эми эркектер үчүн 0 коду менен. Жаш курагы 16дан баштап 89г чейин туруктуу өзгөрүлмө болуп саналат. Билими жана киреше 8 маани менен катар өзгөрүлмө болуп саналат, бул жерде кыйла жогорку маани кыйла жогорку билимди же жогорку кирешни билдирет. Нике – бул үй-бүлөлү адамдар үчүн 1 маанисин, ал эми калгандар үчүн 0 маанисин кабыл алган дихотомиялык өзгөрүлмө. Акырында, шаар жерлеринде жашаган адамдар 1 кодун, ал эми калгандары 0 кодун алышты.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Байкоолор | 3,053 | 3,053 | 3,053 | 3,053 | 3,053 |

Логит коэффициенттер кашааларда стандарттуу каталар менен берилген
*** p<0.01, ** p<0.05, * p<0.1

Жогоруда көрсөтүлгөн таблицада кимдир бирөө үчүн кылмыштардын белгилүү түрүнүн курмандыгы болуу мүмкүнчүлүгүнө кандай факторлор статистикалык маанилүү таасир тийгизе алышы жөнүндө болжолдоо берилген. Маанилүүлүгүнүн деңгээли коэффициенттин жанындагы жылдыздардын саны менен белгиленген. Жылдыздын жоктугу коэффициент нөлдөн айырмаланат деп (жок дегенде 90% ишенич менен) айта албашыбызга көрсөтөт. Башкача айтканда, таасир бар экендигине биз анча ишенбейбиз. Коэффициенттин оң же терс болгону, болжолдонгон өз ара аракеттенишүү оң же терс болгонун көрсөтөт.

Жогорку беш моделдин жыйынтыктары төмөн жакта кыскача сүрөттөлөт. Логит коэффициенттер өз алдынча түздөн түз интерпретанцияланбаганына байланыштуу, маанилүү фактор маңызы боюнча канчалык маанилүү экендигин көрсөтүү үчүн маанилүү факторлордун бир катар графиктери төмөн жакта көрсөтүлөт. Алдын ала айтылган мүмкүндүктөрдүн графиктери моделдеги калган башка өзгөрүлмөлөрдү, маанилердин туруктуу деңгээлинде кармап, берилген өзгөрүлмөнү (мисалы, жаш курагы же билими) өзгөртүү жолу алынган. Ошентип, биз берилген гана өзгөрүлмөнүн таасирин баалай алабыз. Ошондой эле графиктер, биз өзүбүздүн бааларыбызга канчалык ишенгенибизди көрсөткөн жаңылыш интервалдарынын 95% камтыйт.

**Бузуу менен батир уурулугу**

Биринчи мамычадагы модель билим деңгээли да, шаарда жашоосу да кимдир бирөө үчүн бузуу менен уурдоонун курмандыгы болуусуна статистикалык маанилүү жана оң таасир тийгизишин көрсөтөт. Башкача айтканда, канчалык адам билимдүү болсо, ошончолук ал акыркы беш жылдын ичинде мүлкү уурдалгандыгы тууралуу билдириши мүмкүн. Так ошондой эле, шаардык райондордо жашаган респонденттер, айыл жерлерде жашаган адамдарга караганда мүлкү уурдалгандыгы тууралуу билдириши мүмкүн.

График 8-1: Бузуу менен батир уурулугунун курмандыгы болуунун мүмкүндүгү [билими боюнча]





График кандайдыр бир адамдын, бул адамдын билим факторуна негизделип, үйүнүн тонолуу мүмкүндүгүн көрсөтөт (башка баардык факторлорду алардын орточо маанисинде кармоодо). Ошентип, биз билимдин эң төмөн деңгээлинен бир кыйла жогорку деңгээлине илгерилеши менен бузуу менен уурдоонун курмандыгы болуу эки эсе жогорулайт (болжол менен 0,05тен болжол менен 0,1ге чейин). Бул жетишинче салмактуу жана негиздүү натыйжа.

**Тоноочулук**

Бай (чоң кирешеси менен) жана шаарда жашаган адамдар көбүрөөк мүмкүндүк менен тоноочулуктун курмандыктары болушу мүмкүн. Тоноочулардын  баалуу буюмдары бар бай адамдарга багыт алуусу таң калтырбайт. Акырында, кирешеге жана шаарда жашоого каршы, никеде туруу тоноочулуктун курмандыгы болуу мүмкүндүгү менен терс тең салмактуулугу белгиленет.  Ошентип, никеде турган адамдардын тонолгон абалда болуу мүмкүндүгү төмөн болот.

**Кол салуу**

Улуу курактагы никеде турган аял үчүн кол салуунун курмандыгы болуунун мүмкүнчүлүгү төмөн. Тоноочулуктагыдай эле, бузуу менен уурдоодо шаарда жашаган адамда курмандык болуунун мүмкүнчүлүгү жогору.

График 8-2: Кол салуунун курмандыгы болуунун мүмкүнчүлүгү [жаш курагы боюнча]






График кол салуунун курмандыгы болуунун мүмкүнчүлүгүнө жаштын негиздүү таасир тийгизүүсүн көрсөтөт. Эң жаш адамдарда (башка баардык факторлорду алардын орточо маанисинде кармоодо) кол салуунун курмандыгы болуу мүмкүндүгү 0,45 катары бааланат. 80 жана андан жогорку жаштагы адамдар үчүн мүмкүндүк болжол менен жарымынан азыраак - 0,2 бааланат.

**Паракорлук**

Мүмкүндүгү азыраак жаштагы аялдар жана адамдар акыркы беш жылдын ичинде пара алуунун курмандыгы болушканын билдиришет. Кызыктуусу, никеде турган адамдар көп учурда паракорлуктун курмандыктары болушат (тоноочулук менен кол салуудан айырмаланып, бул

кылмыштардын курмандыктары болуп калуунун мүмүкүндүгү азыраак). Шаардык жашоочулар үчүн коэффициент негиздүү болуп саналбашын белгилеп кетүү зарыл. Башкача айтканда, шаар же айыл жеринде жашоо, адамдарды пара алуунун курмандыктары болуудан коргобойт.

График 8-3: Паракорлуктун курмандыгы болуу мүмкүндүгү [жынысы боюнча]





Гистограмма аялдар жана эркектер үчүн паракорлуктун курмандыктары болуу мүмкүндүгүн көрсөтүп турат. Айырмасы, статистикалык жактан негиздүү болуп (95%), негизи боюнча анча чоң эмес: башка баардык факторлорду алардын орточо маанисинде кармоодо, паракорлуктун курмандыктары болуунун мүмкүнчүлүгү эркектер үчүн 0,25ке барабар, ушул эле учурда аялдар үчүн бул мүмкүнчүлүк болжол менен 0,21 түзөт.

**Уурдоо**

Таблицанын акыркы мамычасында жеке мүлктү уурдоо боюнча жыйынтыктар берилген. Бир кыйла билимдүү шаардык аялдар акыркы беш жылдын ичинде уурулуктун курмандыктары болушканын билдирүү мүмкүнчүлүгү жогору. Канчалык адам улуу болсо, ал уурулуктун курмандыгы болуу мүмкүндүгү ошончолук жогору.

График 8-4: Уурулуктун курмандыгы болуу мүмкүндүгү [шаар/айыл боюнча]




Жогорудагы гистограмма көрсөткөндөй, шаар жерлеринде жашаган адамдар үчүн уурулуктун курмандыктары болуу мүмкүнчүлүгү кыйла жогору. Айылдын тургуну үчүн уурулуктун курмандыгы болуу мүмкүнчүлүгү болжол менен 0,079 түзөт (башка баардык факторлорду алардын орточо маанисинде кармоодо), ушул эле учурда шаардык жашоочу үчүн уурулуктун курмандыгы болуу мүмкүнчүлүгү 0,139 түзөт (башка баардык факторлорду алардын орточо маанисинде кармоодо). Бул уурулуктун курмандыгы болуу мүмкүнчүлүгүнүн жогорулоосу болжол менен 75% түзөт.

## 9. Кылмыштын курмандыктарына жардам көрсөтүү

Бул бөлүмдө эки таблица оор кылмыштардан жапа чеккендерге кызмат көрсөтүүгө тиешелүү. Жапа чеккендерден алар менен болгон инциденттен кийин кылмыштын курмандыктарына жардам көрсөтүү боюнча агенттиктерге кайрылышканын сурашты. Эгерде алар «жок» же «билбейм» деп жооп беришсе, алардан кылмыштын курмандыктарына жардам көрсөтүүчү агенттиктердин жеткиликтүү болушу, алар үчүн пайдалуу болобу деп сурашты. Маалымдар көрсөткөндөй, көптөгөн курмандыктар адистештирилген агенттиктерден, эгерде мындайлар болсо, жардам алууну каалашкан.

Таблица 9-1: Кылмыштын курмандыктарына жардам көрсөтүү боюнча агенттиктерге кайрылуу

| Инцидентен кийин курмандыктарга колдоо көрсөтүү боюнча адистештирилген мекеме менен байланыш | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Үйгө/ батирге кирүү менен уурдоо | Тоноочулук | Кол салуу /коркутуу | Сексуалдык негиздеги кылмыштар |
| Ооба | 2.7% | 5.0% | 3.2% | 8.7% |
| Жок | 71.2% | 61.0% | 67.0% | 75.0% |
| Билбейм | 26.1% | 34.0% | 29.9% | 16.3% |
| | n=292 | n=131 | n=129 | n=74 |

Таблица 9-2: Агенттиктин пайдасы

| Сиз кандай деп ойлойсуз, бул инциденттен кийин сиз же сиздин үй-бүлөдө кимдир бирөө үчүн мындай адистештирилген мекеменин кызмат көрсөтүүлөрү пайдалуу болобу? | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Үйгө/ батирге кирүү менен уурдоо | Тоноочулук | Кол салуу /коркутуу | Сексуалдык негиздеги кылмыштар |
| Ооба | 45.0% | 30.1% | 40.8% | 63.5% |
| Жок | 23.0% | 28.5% | 19.9% | 24.7% |
| Билбейм | 32.0% | 41.4% | 39.4% | 11.8% |
| | n=284 | n=124 | n=125 | n=66 |

6-10 таблицасында көрсөтүлгөндөй, жапа чеккендердин кыйла аз саны инциденттен кийин кылмыштардын курмандыктарына жардам көрсөтүү боюнча агенттиктерине кайрылышкан. Мындай адамдардын пайызы төмөндөн 2,7%дан (тоноочулуктун курмандыктары) жогоркуга чейин (8,7% сексуалдык зомбулуктун курмандыктары) туруксуз болот. Бирок, кайрылуулардын мындай төмөн деңгээлдери инциденттен кийин адистештирилген агенттиктин кызматтарына кызыккан адамдардын салыштырмалуу жогорку саны менен карама-каршы болуп турат. Ушул эле учурда, көпчүлүк адамдардын аракеттери эки ача болуп калууда (жооп: «Билбейм»), курмандыктардын болгону 20%дан 30%га чейин мындай жардам аларга пайда алып келбегендигин айтышты. Сексуалдык негиздеги кылмыштардын курмандыктарынын үчтөн төрт бөлүгү мындай кызматтар алар үчүн пайдалуу болушун билдиришти. Ошентип, Кыргызстанда мындай кызмат көрсөтүүлөрдө муктаждык бар экендигин маалымдар жетишерлик так көрсөтүп турат.

## 10. Уюшкан кылмыштуулуктун алдында коркуу

Бул секциядагы суроолор респонденттердин кылмыштуулук жана коопсуздук жөнүндөгү жалпы элесин, ошондой эле келечектеги виктимизациялоого карата алардын коркууларын байкаштыруу максатында берилет. Төмөн жакта берилген баардык таблицалардын биринчи мамычаларында натыйжалар жалпы Кыргызстан үчүн бааланган пайыздар түрүндө көрсөтүлгөн. 2 жана 3 мамычалары Бишкек, Ош шаары жана Ош областы үчүн бааланган пайздарды чагылдырат.

Суроонун так түзүлүшү ушул бөлүмдө курсив менен киргизилген. Бул окурман натыйжаларды жакшыраак интерпритациялоосу үчүн жасалат.

Төмөн жакта көрүнүп тургандай, жалпысынан, борбор шаардагы респонденттер бүт өлкө боюнча респонденттерге салыштырмалуу кылмыштуулуктун деңгээлине карата бир кыйла пессимисттүү көз караштa: кылмыштуулуктун деңгээли жогорулап, жана жакынкы жылдары дагы өсөт деп белгилешкен. Башка жагынан, борбор шаардын тургундарынын уюшкан кылмыштуулук тарабынан аларды тынчсызданткан укук бузуулар жөнүндө, кыз ала качуу жөнүндө билдирүү мүмкүндүгү же терракттын курмандыктары болуу мүмкүнчүлүктөрү аз.

*А1. Сиздин оюуңуз боюнча, акыркы 5 жылдын ичинде, Кыргызстандагы кылмыштуулук өстүбү, ошол эле деңгээлде калдыбы же төмөндөдүбү?*

Таблица 10-1: Акыркы беш жылдын ичинде кылмыштуулуктун деңгээли

| **А1 – Акыркы 5 жылдын ичиндеги кылмыштуулуктун деңгээли** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Өстү | 45.6% | 48.6% | 43.2% |
| Ошол эле деңгээлде калды | 26.3% | 29.4% | 31.6% |
| Төмөндөдү | 17.3% | 10.5% | 20.6% |
| Билбейм | 10.8% | 11.5% | 4.7% |

Өлкө n=3500; Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

*A2. Сиз кандай деп ойлойсуз, келечектеги 5 жылдын ичинде, Кыргызстандагы кылмыштуулук өсөбү, ошол эле деңгээлде калабы же төмөндөйбү?*

Таблица 10-2: Кийинки беш жылдын ичинде кылмыштуулуктун деңгээли

| **A2 – Кийинки 5 жылга кылмыштуулуктун деңгээли** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Өсөт | 24.4% | 31.5% | 27.9% |
| Ошол эле деңгээлде калат | 25.2% | 30.1% | 30.1% |
| Төмөндөйт | 32.2% | 19.8% | 32.0% |
| Билбейм | 18.2% | 18.7% | 10.0% |

Өлкө n=3500; Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

Кыргызстандын тургундарынын 45%нан көбүрөөгү кылмыштуулук акыркы 5 жылдын ичинде өстү деп эсептейт. Бул цифра Бишкекте бир аз жогору (48,6%) жана Ош областында бир аз төмөн (43,2%). Бишкектин тургундарына салыштырмалуу, Ош областында адамдардын кыйла көп саны аларда кылмыштуулуктун деңгээли акыркы 5 жылдын ичинде төмөндөгөнү тууралуу айтышат (10,5% каршы 20,6%га).

Мындан тышкары, 10-2 таблицасында көрсөтүлгөндөй Ош шаарынын респонденттери Бишкектеги респонденттерге салыштырмалуу келечекте кылмыштуулуктун деңгээлине карата бир кыйла оптимисттүү көз караште: Ош шаарынын болжол менен 32% тургуну кылмыштуулуктун деңгээли кийинки беш жылдын ичинде төмөндөйт деп эсептешет, ушул эле учурда Бишкектин 20%нан азыраагы ушундай эле көз караште.

*A3. Караңгы киргенден кийин Сиз өз районуңузда жөө жүргөндө өзүңүздү канчалык коопсуз сезесиз? Сиз өзүңүздү абдан коопсуз, жетиштүү коопсуз, анча-мынча коопту же абдан кооптуу сезесиз?*

Таблица 10-3: Караңгы киргенден кийин жалгыз жөө жүрүү

| **А3 – Караңгы киргенден кийин Сиз өз районуңузда жөө жүргөндө өзүңүздү канчалык коопсуз сезесиз?** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Абдан коопсуз | 37.7% | 14.4% | 30.8% |
| Жетиштүү коопсуз | 22.4% | 31.3% | 24.6% |
| Анча-мынча кооптуу | 20.6% | 27.4% | 30.1% |
| Абдан кооптуу | 12.2% | 17.6% | 10.9% |
| Эч качан чыкпайм | 6.3% | 7.8% | 3.4% |
| Билбейм | 0.8% | 1.6% | 0.3% |

Өлкө n=3500; Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

Караңгы киргенден кийин жалгыз жөө сейилдөөгө чыгуу жөнүндө суроо ICVS 1992-жылдан бери көчө кылмыштарына карата аярлуулугун ченөө үчүн колдонулган. Бишкектин тургундары караңгыда жалгыз жөө жүрүү "абдан коопсуз" же "жетиштүү коопсуз" деп айтышы, жалпы кыргызстандыктар менен салыштырганда азыраак болушу мүмкүн (45,7% каршы 60,1%). Бирок, Ош шаарынын тургундары ортодо жайгашышкан: алар өздөрүн Бишкектин тургундарына караганда кыйла коопсуз, ал эми өлкө боюнча азыраак коопсуз абалда сезишет (55,4% өздөрүн же "абдан коопсуз" же "жетишинче коопсуз" сезишет). Бирок, Ош шаарынын тургундары коркунучту алардын жүрүм-турумуна таасир тийгизишпейт: ушул эле учурда Бишкектин болжол менен 8% караңгы киргенден кийин үйдөн көчөгө чыгышпайт деп билдирсе, Ош шаарынын 3,4% гана ошол эле пикирди карманышат.

*А4. Сиздин оюуңуз боюнча кийинки 12 айдын ичинде кимдир бирөө Сиздин үйдүгө/батирге кирип, уурулук жасоого аракет кылышы канчалык деңгээлде мүмкүн?*

Таблица 10-4: Тоноочулуктун курмандыгы болуу мүмкүндүгү

| А4 - Кийинки 12 айдын ичинде кимдир бирөө Сиздин үйгө/батирге кирип, уурулук жасоого аракет кылышы канчалык деңгээлде мүмкүн? | Өлкө | Бишкек | Ош шаары |
|---|---|---|---|
| Такыр мүмкүн эмес | 37.3% | 14.5% | 30.1% |
| Мүмкүн эмес | 24.7% | 28.7% | 29.0% |
| Кыйла мүмкүн | 28.8% | 40.7% | 37.1% |
| Толук мүмкүн | 4.0% | 6.4% | 1.8% |
| Билбейм | 5.2% | 9.8% | 2.1% |

Өлкө n=3500; Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

Кыргызстандын тургундарынын болжол менен 33% жакынкы 12 айдын ичинде "толук мүмкүн" же "жетиштүү мүмкүн" бузуу менен уурдоолордун курмандыктары болушат деп эсептешет. Ош шаарынын тургундарына караганда, Бишкектин жашоочулары келе жаткан жылы бузуу менен уурдоонун курмандыктары болушат деп эсептешет (47,1% каршы 38,9%) жана бул "толук мүмкүн" же "жетиштүү мүмкүн" деп эсептешет. Мындан тышкары, Бишкек менен салыштырганда, Ош шаарынын эки эсе көп тургундары жаңы жылы кимдир бирөө алардын үйүнө кирип кетиши "такыр мүмкүн эмес" деп эсептешет.

*А5. Өлкөдө террористтик акттын курмандыгы болуу сизди канчалык деңгээлде тынчсыздандырат?*

Таблица 10-5: Террористтик акттын курмандыгы болуу мүмкүндүгү

| А5 – Террористтик акттын курмандыгы болуу менен тынчсыздануу | Өлкө | Бишкек | Ош шаары |
|---|---|---|---|
| Такыр тынчсызданбайм | 23.9% | 27.4% | 16.2% |
| Анча-мынча тынчсызданам | 33.1% | 37.9% | 38.2% |
| Жетиштүү тынчсызданам | 25.1% | 23.6% | 33.7% |
| Абдан тынчсызданам | 15.0% | 7.7% | 9.6% |
| Билбейм | 2.9% | 3.4% | 2.3% |

Өлкө n=3500; Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

10-5 таблицасында адамдын террористтик акттын курмандыгы болуу мүмкүнчүлүгү менен байланышкан тынчсыздануусунун деңгээли берилген. Бишкектин тургундарынын арасында кыйла пессимисттик көңүлдү сүрөттөгөн буга чейинки таблицаларга салыштырмалуу, бул бөлүмдө борбор шаардын жашоочулары, жалпы өлкө боюнча караганда, террористтик акттын курмандыктары болуудан сейрек коркушат. Ушул эле учурда, бүт өлкө боюнча респонденттердин болжол менен 24% бул аларды «такыр тынчсыздандырбайт» деп айтышты, ушундай эле жоопту Бишкектин 27,4% тургуну айтты. Бирок, алардан айырмаланып, Ош областынын тургундарынын 16% гана бул аларды “такыр тынчсыздандырбайт» деп билдиришти. Жалпысынан, Кыргызстандын жарандарынын 40% терракттын курмандыктары болуу мүмкүндүгү аларды «абдан тынчсыздандырат» же «өтө тынчсыздандырат» деп айтышат. Бишкекте респонденттердин болгону 31% тегерегинде ошондой эле тынчсыздангандары тууралуу билдиришти, ушул эле учурда Ош областында бул көрсөткүч дээрлик 43%га барабар.

*А6. Сиздин өлкөдө уюшкан кылмыштуу топторунун таасири тууралуу Сиз канчалык тынчсызданасыз?*

Таблица 10-6: Уюшкан кылмыштуулуктун алдында коркуу

| **А6 – Кылмыштуу топтордун таасири тууралуу тынчсыздануу** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Такыр тынчсызданбайм | 21.7% | 23.7% | 11.5% |
| Анча-мынча тынчсызданам | 34.1% | 37.5% | 41.1% |
| Жетиштүү тынчсызданам | 24.6% | 23.8% | 33.4% |
| Абдан тынчсызданам | 15.2% | 9.9% | 11.4% |
| Билбейм | 4.4% | 5.2% | 2.6% |

Өлкө n=3500; Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

Уюшкан кылмыштуулуктун курмандыгы болуу мүмкүнчүлүгүнөн коркуу (таблица 10-6) терракттын курмандыгы болуу коркунучу менен абдан окшош бөлүнүшкө ээ(таблица 10-5): Бишкектеги көпчүлүк респонденттер, жалпы өлкө боюнча салыштырмалуу уюшкан кылмыштуулуктан анча тынчсызданышпайт, ушул эле учурда Ош шаарынын тургундарын, жалпы өлкө боюнча салыштырмалуу уюшкан кылмыштуулук кыйла тынчсыздандырат. Өлкөнүн жашоочуларынын болжол менен 40% уюшкан кылмыштуулуктун таасирине “өтө тынчсызданышат” же “абдан тынчсызданышат”. Бишкекте бул сан 34% тегергин, ал эми Ош шаарында 45% тегерегин түзөт.

*А7. Сиздин кызыңыз/небереңиз/сиңдиңиз никеге туруу максатында кимдир бирөө тарабынан уурдалышы (кыз уурдо/ала качуу) менен Сиз канчалык тынчсызданасыз?*

Таблица 10-7: Кыз ала качуунун алдында коркуу

| **А7 – Кыз ала качуу тууралуу тынчсыздануу** | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Такыр тынчсызданбайм | 29.1% | 29.7% | 21.5% |
| Анча-мынча тынчсызданам | 15.4% | 20.0% | 16.5% |
| Жетиштүү тынчсызданам | 16.9% | 16.2% | 32.4% |
| Абдан тынчсызданам | 25.9% | 11.9% | 22.1% |
| Билбейм | 2.5% | 3.0% | 0.5% |
| Колдонулбайт | 10.1% | 19.3% | 7.1% |

Өлкө n=3500; Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

Бул бөлүмдүн акыркы 7-7 таблицасында кыз ала качуу боюнча коркуулар изилденет. Маалымдар баардык өлкө боюнча жооптордун кеңири ар түрдүүлүгүн көрсөтөт. Бул кыргызстандыктардын 29,1% «такыр тынсчыздандырбайт», ушул эле учурда 25,9% буга абдан тынсызданышат. Ош шаарынын тургундары борбор шаардын жашоочуларына караганда кыз ала качуу тууралуу көбүрөөк тынчсызданышат: Ош шаарынын 54,5% тургуну алардын тууганадарын никеге туруу максатында ала качууга “өтө тынчсызданышат” же “абдан тынчсызданышат”. Бирок, Бишкекте респонденттердин 28,1% тынчсыздануунун окшош деңгээлин көрсөтүштү. Баалоо боюнча, жалпы өлкө боюнча, адамдардын 43% туугандарынан кимдир бирөөнү ала качуу тууралуу“өтө тынчсыздануусун” же “абдан тынчсыздануусун” айтышты.

## 11. Ар кандай суроолор: жазалоо, коңшулаштык жана алдын алуу чаралары

Ушул отчеттун корутунду бөлүмүндө жазалоонун айрым түрлөрүн колдоодон баштап, жарандардын өз турак жайлары жана мүлкү үчүн коопсуздукту камсыз кылуу маселелерине чейин суроолордун эклектикалык аралашмасы камтылган.

*А10. Адамдарда укук бузуучуларга бериле турган жазалоолор тууралуу ар кандай түшүнүктөр бар. Мисалы үчүн, экинчи ирет батирге кирүү боюнча айыпталган жана бул жолу телевизорду уурдаган 21 жаштагы жаш уланды алсак. Төмөн жакта берилген жазалардын ичинен кайсынысы Сиздин оюуңуз боюнча бул учурга туура келет? Сиз ага: айып, эркиндигинен ажыратууну, коомдук-пайдалуу жумуштарына жөнөтүүнү, шарттуу жаза берүү же башка жазалоону берет элеңиз?*

Таблица 11-1: Жазалоонун ылайык келүүсү

| А10 - Тиешелүү жазалоо | Өлкө | Бишкек | Ош шаары |
|---|---|---|---|
| Айып | 16.9% | 16.6% | 13.6% |
| Эркиндигинен ажыратуу | 26.9% | 30.7% | 26.4% |
| Коомдук-пайдалуу жумуштарына жөнөтүү | 29.4% | 28.8% | 27.6% |
| Шарттуу жаза берүү | 19.0% | 11.7% | 26.7% |
| Башка жаза | 1.1% | 1.8% | 0.0% |
| Билбейм | 6.7% | 10.3% | 5.7% |

Өлкө n=3500 Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

Таблица 11-1 аткарылган укук бузууларга тиешелүү жазалоонун түрлөрү жөнүндө суроолор боюнча натыйжаларды көрсөтөт. Респонденттерге телевизор уурдаган жаш рецидивист тонообчу тууралуу кыскача үзүндүнү окуп чыгууну сунушташты. Үзүндү текст жогору жакта берилген. Маалымдар талдоого алынган үч ар кандай тандоолор боюнча бир аз айырманы көрсөтүп турат. Айыпты, абакты же коомдук жумуштарды колдоочу адамдардын пайызы, баардык үч тандоо үчүн өз ара 3-4%га айырмаланышат. Эки башка тандоонун респоденттерине салыштырмалуу шарттуу абак мөөнөтүн аз мүмкүндүк менен сунуштаган Бишкектеги респонденттерде эң чоң айырма байкалат.

Жалпысынан бүт өлкө боюнча, кыргызстандыктардын көбү коомдук жумуштарды сунушташмак (29,4%). Бирок, дээрлик бирдей саны абака камоо түрүндөгү жазаны тандап алышмак (27%). Айып жана эркидигинен шарттуу ажыратуу биригип 36% түзөт. Ошентип, калктын басымдуу бөлүгү кылмышкер рецидивист болсо дагы, бузуу менен уурдоо үчүн абака камоого каршы чыгышат.

*F9. Сиз айылда/кошуна турган ата-энеси өз балдарына карата туруктуу зомбулук көрсөтүүчү кандайдыр бир үй-бүлөөнү билесизби (укпаган жүрүм-турумду оңдоо үчүн сейрек чаап коюулардан тышкары)?*

Таблица 11-2: Коңшу жашаган балдарга карата зомбулук

| F9 - Балдарга карата зомбулук колдонуучу үй-бүлөнүн билими | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Ооба, бирөөнү | 3.6% | 4.9% | 3.9% |
| Ооба, бир нече | 4.3% | 5.3% | 5.4% |
| Жок | 92.2% | 89.8% | 90.7% |

Өлкө n=3500 Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

Адамдар тарабынан каралуучу балдарга карата зомбулук Кыргызстанда салыштырмалуу сейрек кездешет. Респонденттердин болжол менен 4-5% өз балдарына карата туруктуу зомбулук көрсөткөн үй-бүлөлөр жөнүндө билүүсүн айтышты. Баардык тандоолор боюнча баалар экиден көп эмес пайызга вариацияланат. Бишкектин тургундары, мындай үй-бүлөлөрдү тааныгандары тууралуу көбүрөөк айтышат, бирок айырма чоң эмес.

*F8. Сиз айылыңызда/кошуналарыңар менен социалдык карым-катыштарыңарды кантип сүрөттөйсүз?*

Таблица 11-3: Тегеректеги кошуналардын ортосундагы социалдык карым-катыштар

| F8 - Кошуналардын ортосундагы социалдык карым-катыштар | | | |
|---|---|---|---|
| | **Өлкө** | **Бишкек** | **Ош шаары** |
| Жарандар бири-бирине жардам беришет | 55.0% | 39.2% | 74.8% |
| Жарандар башкалардын ишине кийлигишпейт | 27.5% | 35.7% | 20.2% |
| Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн экөө тең | 14.7% | 19.0% | 3.1% |
| Билбейм | 2.8% | 6.1% | 1.8% |

Өлкө n=3500 Бишкек n=1000; Ош шаары n=380; бааланган пайыз

Ош шаарынын тургундары өздөрүн, өлкөнүн орточо тургунуна караганда бир кыйла бириккен деп эсептешет: Ош шаарындагы респонденттердин төрттөн үч бөлүгү жарандар «негизинен бири бирине жардам көрсөтүшөт» деп билдиришти. Бул Бишкекте 39% айырмаланып жана жалпы өлкө боюнча 55%. Борбор шаардын жашоочулары үчүн, жалпы өлкө боюнча салыштырып алганда,

«жарандар негизинен, өз иштери менен жүрүшөт» деген сөз кыйла жалпыга таандык экендиги таң калтырбайт. Кызыктуусу, Ош шаарынын тургундары Бишкектин жана жалпы өлкөнүн жашоочуларына караганда, алардын району эки типтин “кошулмасы” болуп саналат деп кыйла сейрек айтышкан.

Таблица 11-4: Турак жайдын коопсуздугун камсыз кылуунун ыкмалары.

| Сиздин үй төмөнкүдөй болуп корголгонбу:... | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Күзөт сигнализациясы | Эшиктеги атайын кулпулар | Терезелер/эшиктер үчүн атайын торлор | Бузуучуну аныктай алган ит | Бийик тосмо |
| Ооба | 3.20% | 58.63% | 19.84% | 18.23% | 32.00% |
| Жок | 94.60% | 39.17% | 77.95% | 79.57% | 65.80% |
| Билбейм | 0.06% | 0.06% | 0.06% | 0.06% | 0.06% |
| Жоо берүүдөн баш тартуу | 2.14% | 2.14% | 2.14% | 2.14% | 2.14% |
| | n=3500 | n=3500 | n=3500 | n=3500 | n=3500 |

| Сиздин үй төмөнкүдөй болуп корголгонбу:... | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Кароолчу же күзөтчү | Бири-биринин үйлөрүнө көз салып туруу боюнча кошуналар менен өз ара макулдашуу | Үй бузуудан камсыздандырылган | Жогоруда айтылып кеткен ыкмалар менен корголгон эмес |
| Ооба | 1.05% | 45.07% | 5.06% | 6.49% |
| Жок | 96.74% | 52.73% | 92.74% | 91.31% |
| Билбейм | 0.06% | 0.06% | 0.06% | 0.06% |
| Жоо берүүдөн баш тартуу | 2.14% | 2.14% | 2.14% | 2.14% |
| | n=3500 | n=3500 | n=3500 | n=3500 |

Бул бөлүмдөгү акыркы суроо Кыргызстандын жарандары тарабынан өз үйлөрүн же жашаган жерлерин коргоо үчүн колдонуучу коргоону камсыз кылуунун ар кандай ыкмаларын изилдейт. Таблица 11-4 көрсөткөндөй, эң эле жайылгандарга эшиктерге атайын кулпуларды орнотуу сыяктуу кадимкидей алдын алуу чаралары кирет (58,6%). Экинчи эң жайылган жоoп – кошуналар бири биринин үйлөрүнө көз салып турушат. Бийик дарбаза да респонденттер тарабынан көп айтылат (32%). Анча көп эмес адамдарда күзөт сигнализациясы коюлган – болгону 3,2%. Бул Батыш Европа же АКШ менен салыштырганда абдан аз болуп саналат. Ошондой эле Кыргызстандын абдан аз саны өз турак жайын камсыздандырып алган (5%).

## 12. Кыргызстандагы кылмыштуулук глобалдуу перспективанын көз карашы менен

Бул бөлүмдө Кыргызстанда Коомдук Коопсуздук – 2015 Изилдөөсүнүн натыйжалары дүйнө боюнча башка өлкөлөрдө алынган натыйжалар менен салыштырылат. Ушул изилдөөнүн негизги компоненти болуп саналган ICVS стандарттуу анкетасынын жардамы менен ишке ашты. Ошентип, маалымдар Кыргызстадагы кылмыштуулукту башка континенттердин өлкөлөрүндөгү кылмыштуулукту кантип салыштыруу тууралуу жакшы элес берет. Ошондой эле, мурда 1996-жылы ICVS изилдөөсүнүн натыйжасында алынган маалымдар да берилет. Бул маалымдар акыркы эки он жылдыктын ичинде кылмыштуулуктун абалы канчалык өзгөргөнүн аныктоого жардам берет.

Таблица 12-1: Борбор шаарларда виктимизациянын деңгээли (ICVS 1996-2005)

| | Автомобилди уурдап качуу | Үйгө /батирге кирүү менен уурдоо | Тоноочулук/ каракчылык | Бөлөк жеке мүлктү уурдоо | Кол салуу жана коркутуу |
|---|---|---|---|---|---|
| Африка (10 шаар, 2000) | 1.5 | 8 | 4 | 11.6 | 5.2 |
| Азия (5 шаар, 2000) | 0.2 | 4.8 | 0.8 | 8.1 | 2.6 |
| Карибдер (5 шаар, 2014) | 1.9 | 4.2 | 2.9 | 4.8 | 7.1 |
| Чыгыш Европа (20 шаар, 2000) | 0.8 | 4.4 | 1.8 | 8.2 | 2.9 |
| Латын Америка (7 шаар, 2000) | 1.4 | 5.9 | 7.8 | 11 | 4.7 |
| АКШ (Нью-Йорк, 2005) | 1.6 | 1.9 | 2.3 | 7.7 | 5.1 |
| Батыш Европа (18 шаар, 2005) | 1.2 | 2.3 | 1.4 | 5.4 | 4.1 |
| Дүйнөдөгү орточо көрсөткүч | 1.2 | 4.5 | 3 | 8.1 | 4.5 |
| **Бишкек (2015)** | **0.8** | **5.1** | **2** | **11** | **1.7** |

12-1 таблицасында дүйнөнүн белгилүү региондорундагы борбор шаарлар үчүн виктимизациянын орточо көрсөткүчтөрү берилген. Ошондой эле таблицада дүйнө боюнча орточо

көрсөткүчтөр көрсөтүлгөн[8]. Орточо маалымдар көрсөткөндөй, Бишкек глобалдык масштабда кылмыштуулуктун деңгээли өтө жогорку болгон шаар болуп саналбайт: автоунааны айдап качуу, тоноочулук жана каракчылык кол салу сыяктуу укук бузуулардын көрсөткүчтөрү орточо дүйнөлүктөн төмөн. Негизинен, кол салуулардын көрсөткүчү, орточо дүйнөлүк көрсөткүчтөн кыйла төмөн  (1,7 каршы 4,5). Кол салуулардын жайылуусунун орточо көрсөткүчү, 12-1 таблицасында көрсөтүлгөн ар бир региондо орточого караганда, чынында, Бишкекте төмөн.

Тийишкен кылмыштардын жайылуусунун төмөн деңгээлине карабастан (тоноочулук жана кол салуу), изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, Бишкекте бузуу менен уурдоонун жана уурулуктун (чөнтөк уурулугу)  деңгээли орточо дүйнөлүктөн жогору. Ошондой эле, бул көрсөткүчтөр мурдагы Чыгыш Европанын өлкөлөрүнүн борбор шаарларына карганда жогору.

Таблица 12-2: Бир жылдын ичинде пара берүү боюнча көрсөткүчтүн жайылуусу

| **Дүйнөдө** | **2000** | **16** |
|---|---|---|
| Батыш & Борбордук Африка | 2000 | 39 |
| Борбордук Азия | 2000 | 20 |
| Түндүк  Америка | 2000 | 7 |
| Батыш & Борбордук Европа | 2000 | 5 |
| Чыгыш Европа | 2000 | 22 |
| Пекин | 2013 | 4 |
| **Кыргызстан** | **2015** | **14** |
| Дүйнөдө | 2000 | 16 |
| Азербайджан | 2010 | 4 |
| Молдова | 2010 | 7 |
| Грузия | 2010 | 0,2 |

Булак: ICVS 2000-2015

Бир жылдын ичинде Кыргызстанда паракорлуктун жайылуу үлүшү жетишерлик жогору жана 14% түзөт. Бул цифра дүйнө боюнча орто эсеп менен төмөн (16%), ал дүйнөнүн региондору боюнча вариациялардын көп санын жашырат (т.а. батыш жана борбордук Африкадагы көрсөткүч

[8] The comparative data in this chapter come from “Van Dijk, J. 2008. *The World of Crime: Breaking Silence on Problems of Security, Justice and Development Across the World* SAGE publications” and “ Van Dijk. J. and John van Kesteren. *Caribbean Crime in International Perspective*. (unpublished)”.

39% тегереги түзөт). Бирок, Кыргызстанда паракорлуктун деңгээли чыгыш Европанын өлкөлөрүнө (22%) жана борбордук Азиянын башка өлкөлөрүнө 20%) салыштырмалуу кыйла төмөн[1].

Кыргызстан үчүн ICVS акыркы изилдөөлөрүнүн натыйжаларын мурдагы совет республикаларынын катарында салыштыруу ыңгайсыз: Азербайджанда, Молдовада жана Грузияда паракорлуктун жайылуусунун көрсөткүчтөрү эки эсе төмөн. Баалар бюнча, Грузияда бул укук бузуунун жайылуу деңгээли Кыргызстанга караганда 50 эсе төмөн.

Таблица 12-3: Керектөөчүлөрдү алдоо натыйжасында виктимизация

| **Дүйнөдө (2000)** | **23** |
|---|---|
| Африка (2000) | 26 |
| Түндүк Америка (2000) | 12 |
| Батыш & Борбордук Европа (2000) | 16 |
| Чыгыш Европа (2000) | 38 |
| **Бишкек (2015)** | **15** |

Булак: ICVS 2000-2015

Керектөөчүлөрдү алдоо дүйнөнүн башка региондоруна салыштырмалуу, Кыргызстанда анча жайылбаган укук бузуу болуп саналат. 23% түзгөн, анын дүйнөлүк масштабда жайылуусунун деңгээли менен салыштырганда, Бишкектеги жайылуунун көрсөткүчү 15% түздү.

Таблица 12-4: Бир жылдын ичинде Бишкекте виктимизациянын деңгээли

| | Бишкек 1996 | Бишкек 2015 |
|---|---|---|
| Автомобилди уурдоо | 0.7 | 0.8 |
| Велосипедди уурдоо | 1.9 | 1.7 |
| Үйгө /батирге кирүү менен уурдоо | 5.3 | 5.1 |
| Тоноочулук /каракчылык | 2 | 2 |
| Бөлөк жеке мүлктү уурдоо | 6 | 11 |
| Кол салуу/ зомбулук менен коркутуу | 2.5 | 1.7 |
| Сексуалдык негиздеги кылмыштар (аялдар гана) | 2.3 | 1.74* |
| Керектөөчүнү алдоо | 73 | 15 |
| Паракорлук | 22 | 11 |

*өз алдынча толтурулуучу анкета

Булак: ICVS 1996 (Van Dijk, 2008) and ICVS 2015

12-4 таблицасында 1996 жана 2015-жылдары Бишкектеги виктимизациянын көрсөткүчтөрү берилген. Бул маалымдар акыркы эки он жылдыктын ичинде борбор шаарда укук бузуулар менен иштин абалы канчалык өзгөрүшү жөнүндө түшүнүк бришет. Көп жагынан жакшы жакка өзгөрүү байкалууда: кол салуу, сексуалдык инциденттер, керектөөчүлөрдү алдоо жана паракорлук сыяктуу укук бузуулардын көрсөткүчтөрү, токсонунчу жылдардын ортосуна салыштырмалуу кыйла төмөн болуп чыкты. Негизинен, керектөөчүлөрдү алдоо жана паракорлук 1996-жылга салыштырмалуу кыйла төмөндөдү.

Башка көптөгөн кылмыштар ошол эле деңгээлде калышты. Айрымдарынын саны жогорулады. Автоунааны айдап качуу, велосипедди уурдоо, бузу менен уурдоо жана тоноочулук жыйырма жыл мурдагыдай ошол эле деңгээлде калган. 1996-жылдан бери дээрлик өзгөрбөгөн, бузуу менен уурдоонун саны жогору бойдон калып, орточо дүйнөлүк көрсөткүчтөн өйдө. Негизги терс тенденция уурулук боюнча байкалууда. 1996-жылы Бишкектеги бир жылдын ичиндеги виктимизациянын көрсөткүчү 6 пайыздын тегерегин түзгөн. Бүгүнкү деңгээли дээрлик эки эсе өсүп, 11% түзөт.

Төмөн жакта 12-5 таблицасында үйлөрдү коргоонун эки жөнөкөй ыкмасы жөнүндө маалымдар берилген: күзөт сигнализациясынын тутумун жана атайын эшик кулпуларын колдонуу жолу аркылуу. Кыргызстанда күзөт сигнлизациясынын тутумун колдонуу өтө чектелген болуп саналат. Үй чарбалардын 19% күзөт сигнализациясы болгон 2005-жылдагы ICVS орточо дүйнөлүк көрсөткүчүнө салыштырганда, мындайдын болушу тууралуу кыргызстандык үй-бүлөлөрдүн 3% гана билдиришкен. Күзөт сигнализациясынын тутумун колдонуу АКШда жана Улуу Британияда кыйла жогору. Бирок, Кыргызстанда атайын эшик кулпуларын колдонуучу үй чарбаларынын пайызы дүйнө боюнча орто эсеп менен кыйла жогору - 59% суралган кыргызстандыктар эшиктеринде атайын кулпулар болгонун айтышты, ушул эле учурда ICVS орточо көрсөткүчү - 47%.

Таблица 12-5: Үйлөрдүн коргоосун камсыз кылуунун ыкмалары

| | Күзөт сигнализациясы | Эшиктеги атайын кулпулар |
|---|---|---|
| **Кыргызстан** | **3%** | **59%** |
| ICVS 2005 (орточо) | 19% | 47% |
| АКШ | 28% | 60% |
| Нидерланды | 15% | 78% |
| Улуу Британия | 42% | 60% |

Бул бөлүмдүн биринчи таблицасында көрсөтүлгөндөй, Кыргызстанда бузуу менен уурдоолодун саны орточо дүйнөлүк деңгээлден жогору. Атайын эшик кулпулары бузуу менен уурдоонун превенциясы үчүн пайдалуу болсо дагы, күзөт сигнализациясын колдонууну жогорулатуу, өлкө боюнча мындай уурулуктардын санынын кыскаруусуна алып келиши мүмкүн.

Таблица 12-6: Укук коргоо оргадарына (милицияга) арыз берилген укук бузуулардын үлүшү

| | **Төрт кылмыш (автомобилди уурдоону кошпогондо)** | **Автомобилди урдоо** | **Үйгө/батирге кирүү менен уурдоо** | **Тоноочулук/ каракчылык** | **Бөлөк жеке мүлктү уурдоо** | **Кол салуу & коркутуу** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Африка (10 шаар) | 49 | 89 | 63 | 37 | 22 | 28 |
| Азия (6 шаар) | 35 | 78 | 43 | 38 | 16 | 28 |
| Карибдер (5 шаар) | 43 | 81 | 68 | 59 | 45 | 26 |
| Б. Европа (15 шаар) | 60 | 89 | 78 | 55 | 54 | 32 |
| Ч. Европа (18 шаар) | 48 | 83 | 64 | 36 | 23 | 25 |
| Латын Америкасы (7 шаар) | 35 | 90 | 36 | 23 | 13 | 25 |
| Нью-Йорк (АКШ) | 57 | 97 | 77 | 52 | 36 | 35 |
| Дүйнөдөгү орточо көрсөткүч | 49 | 87 | 65 | 44 | 31 | 31 |
| **Кыргызстан** | **30** | **58** | **47** | **41** | **21** | **19** |
| Бишкек | 44 | 77 | 68 | 55 | 28 | 36 |

Булак: ICVS 2000-2015

Жогоруда берилген таблицада ар кандай өлкөлөрдө полицияга арыз берилген кылмыштардын пайыздык үлүшү көрсөтүлгөн. Бишкек үчүн мындай арыздар боюнча көрсөткүч болжол менен орточо дүйнөлүк деңгээлге ылайык келсе (б.а. 4 кылмыш боюнча арыздардын жалпыланган числосу дүйнө боюнча 49% жана Бишкекте 44% тегерегин түзөт), Кыргызстан боюнча арыздардын үлүшү жалпысынан өтө төмөн.

Таблица 12-7: Жапа чеккендерди канааттандыруу

Жапа чеккендердин арызына карата укук коргоо органдарынын аракеттери менен канааттануунун пайыздык көрсөткүчү

| | 3 бириктирилген кылмыш | Үйгө/ батирге кирүү менен уурдоо | Тоноочулук/ каракчылык | Кол салуу |
|---|---|---|---|---|
| Африка (10 шаар) | 31 | 28 | 33 | 41 |
| Азия (6 шаар) | 45 | 40 | 49 | 48 |
| Карибдер (5 шаар) | 56 | 48 | 54 | 43 |
| Батыш Европа (15 шаар) | 63 | 67 | 58 | 56 |
| Чыгыш Европа (18 шаар) | 30 | 30 | 28 | 34 |
| Латын Америка (7 шаар) | 29 | 24 | 30 | 39 |
| Нью-Йорк (США) | 54 | 47 | 43 | 69 |
| Дүйнөдөгү орточо көрсөткүч | 44 | 41 | 42 | 47 |
| **Бишкек** | **16** | **14** | **22** | **16** |

Булагы: ICVS 1996-2015

Бишкекте жапа чеккендердин канааттануу деңгээли, дүйнөнүн башка регионуна салыштырмалуу кыйла төмөн. Бузуу менен уурдоо, каракчылык жана кол салуу боюнча көрсөткүчтөрдү бириктирүүдө, Бишкекте жапа чеккендердин 16% гана милициянын аракеттерине «абдан ыраазы» же «ыраазы». Мындан айыраланып, чыгыш Европа боюнча орточо эсеп 30%, ал эми дүйнө боюнча 44% түзөт.

**Корутундулар жана сунуштамалар:**

Эл аралык пикир бюнча, Кыргызстандагы (жана Бишкектеги) укук бузуулар бузуу менен уурдоолордун жогорку көрсөткүчтөрү, уурдоолордун башка түрлөрүнүн орточо жогору көрсөткүчтөрү (автотранспорту уурдоо жана чөнтөктөн уурдоолор), көчө тоноолордун орточо жогору көрсөткүчтөрү жана коркунучтар менен кол салуулардын төмөн деңгээли менен мүнөздөлөт.

Негизинен, Бишкектеги кылмыштардын жана коррупциянын көйгөйлөрү көптөгөн параметрлери боюнча Чыгыш Европанын борбор шаарлары үчүн мүнөздүү болгон көрсөткүчтөргө ээ. Бирок өзгөчөлүктөр да бар, алардын ичинен Бишкектеги зомбулук кылмыштарынын кыйла төмөн деңгээлин айтууга болот.

Кыргызстандын жарандарынын укук бузуулар жөнүндө укук коргоо органдарына билдирүүгө даяр болуусунун көрсөткүчү, өзгөчө айыл жерлеринде орточо дүйнөлүк көрсөткүчтөрүнөн кыйла төмөн. Жарандарды кылмыштар, анын ичинде сексуалдык зомбулук жана кыз ала качуу сыяктуу кылдат көйгөйлөр жөнүндө арыз берүүгө демилгелөө максатында милиция активдүү түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө тийиш.

Эл аралык көз караш боюнча коомчулук тарабынан милициянын укук коргоо ишмердүүлүгүн баалоо жетишерлик жогору болуп саналат, ал эми Чыгыш Европа менен салыштырганда бул баалар мындан да жагымдуу болуп көрүнүшөт. Бирок, укук бузуулардын курмандарынын канааттандыруу деңгээли эл аралык ракурста өтө төмөн. Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн (мисалы, Польшанын жана Эстониянын) укук коргоо органдарынын өкүлдөрү үлгү болуп, жапа чеккендердин канааттануу деңгээлин жогорулатуу үчүн Кыргызстандын милиционерлери менен курмандардын талаптарына жардамын аябаган мамилеси боюнча өздөрүнүн тажрыйбасы менен бөлүшө алышат.

Изилдөө көрсөткөндөй жарандардын көпчүлүгү милиция аларга сый менен жана адилеттүү мамиле кылуусун сезишпейт. Бул Бишкекте же бүтүндөй өлкө боюнча караганда Ош шаарында актуалдуу. Ушул жагдай өздүк курамды даярдоо жана кайра даярдоо максатында атайын программаларды уюштуруу боюнча ИИМдин жетекчилиги тарабынан ашыкча көңүлдү талап кылуучу олуттуу көйгөй болуп саналат.

Айрым кылмыштарды превенциялоо максатында төмөнкүдөй сунуштамалар иштелип чыкты:

- Бузуу менен уурдоолордун, анын ичинде кайталануунун санын төмөндөтүү үчүн турак жайды коргоонун заманбап техникалык каражаттары (сигнализация, атайын кулпулар, көзөмөлдөө камералары) жөнүндө жарандардын билиминин деңгээлин жогорулатуу зарыл, өзгөчө мындай кол салуулар үчүн аярлуу региондордо. Муну менен бирге уурдалган мүлктү сатып алуу жана сатуу жерлерин (базарлар, вокзалдар, күрөөканалар ж.б.) жана бул кылмыштуу бизнеске тартылган адамдарды табуунун тутуму жакшыртылууга тийиш.
- Массалык чогулуу жерлерде жана транспортто зомбулуктун, чөнтөк уурулуктардын жана каракчылыктын деңгээлин төмөндөтүү үчүн сырткы көзөмөлдөө камераларынын (CCTV) санын көбөйтүү, анын ичинде банкттардын, дарыканалардын, коомдук тамактануу объекттеринин, сода борборлорунун жана башка мекемелердин администрацияларын

милдеттүү түрдө объекттин периметри боюнча мындай камераларды орнотууга мыйзамдуу түрдө милдеттендирүү.

- Паракорлук жана тоноп алууларды превенциялоо үчүн административдик көзөмөлдү күчөтүү менен катар күч органдарында (өзгөчө ЖКК), билим берүү жана саламаттыкты сактоо министрликтеринде түзүмдүк өзгөртүүлөрдү жүргүзүү, ошондой эле коррупциянын конкреттүү фактылары жөнүндө билдирүү үчүн «түз байланыштардын» тармагын кеңейтүү зарыл.
- Кыз ала качуу менен байланышкан кылмыштарды превенциялоо жана бөгөт коюу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

1) Калктын, өзгөчө айыл жерлеринде, аялдарга каршы зомбулукка тиешелүү укуктук сабаттуулугун жогорулатуу боюнча маалымат компанияларын өткөрүү.

2) «Ырым-жырымдуу ала качуу» дегенге кыздын макулдугу боюнча ала качууга жана зомбулукту, көндүрүүнү же коркутууну колдонуу менен ала качууга так процессуалдык чектөө берүү.

3) КРдин жазык мыйзамынын тиешелүү ченемин эл аралык стандарттарга жана аялдардын укуктары боюнча БУУнун конвенцияларына адаптациялоо.

**Тарыхта алгачкы жолу Кыргызстанда жеке коопсуздуктун абалына сереп жүргүзүү**

Негизги фактылар жана корутундулар

Профессор Ян Ван Дайк, Тилбург университети, Нидерланд

**Виктимизация менен байланышкан жыйынтыктар жана практикалык корутундулар**

Өлкөлөр боюнча урбанизациянын ар кандай деңгээлдери жыйынтыктарга таасир тийгизбеши үчүн эл аралык салыштыруулар кылмыштуулуктун деңгээли өзгөрүүсүз жогору болгон борбор шаарларда жүргүзүлгөн серептердин жыйынтыктары менен чектелген. Борбор шаардагы кылмыштуу жагдай өлкөдө кылмыштуулук көйгөйлөрүнүн көрсөткүчү катары колдонулат. Төмөн жакта берилген таблицада виктимизация боюнча негизги корутундулар жалпы жазык кылмыштар боюнча жалпыланган.

## Борбор шаарларда виктимизациянын деңгээли;

| | Автомобилди айдап кетүү | Бузуу менен уурдоо | Тоноочулук | Жеке мүлкгү уурдоо | Кол салуулар жана коркутуу |
|---|---|---|---|---|---|
| Африка (10 шаар) 2000 | 1.5 | 8.0 | 4.0 | 11.6 | 5.2 |
| Азия (5 шаар) 2000 | 0.2 | 4.8 | 0.8 | 8.1 | 2.6 |
| Кариб Бассейн өлкөлөрү (5 шаар)(2014) | 1.9 | 4.2 | 2.9 | 4.8 | 7.1 |
| Чыгыш Европа (20 шаар) 2000 | 0.8 | 4.4 | 1.8 | 8.2 | 2.9 |
| Латын Америкасы (7 шаар) | 1.4 | 5.9 | 7.8 | 11.0 | 4.7 |
| АКШ (Нью-Йорк) (2005) | 1.6 | 1.9 | 2.3 | 7.7 | 5.1 |
| Батыш Европа (18 шаар) (2005) | 1.2 | 2.3 | 1.4 | 5.4 | 4.1 |
| Орточо дүйнөлүк көрсөткүч | 1.2 | 4.5 | 3.0 | 8.1 | 4.5 |
| Бишкек (2015) | 0.8 | 5.1 | 2.0 | 11.1 | 1.7 |

Эл аралык пикир боюнча, Кыргызстандагы (Бишкек) укук бузуулар бузуу менен уурдоолордун жогорку көрсөткүчтөрү, уурдоолордун башка түрлөрүнүн орточо жогору көрсөткүчтөрү (автотранспорту уурдоо жана чөнтөктөн уурдоолор), көчө тоноолордун орточо жогору көрсөткүчтөрү жана кол салуулардын/коркутуулардын төмөн деңгээли менен мүнөздөлөт. Кыргызстандын жыйынтыктарын эл аралык келечекке киргизүүгө багытталган презентациянын

биринчи планына чыгарылбаса дагы, сереп кыз ала качуу өлкөдө, өзгөчө айыл жерлеринде кадыресе практика болуп саналышын тастыктады. Ошондой эле сереп көрсөткөндөй көпчүлүк үй-бүлөөлөр бул көйгөй алардын туугандарына кандай таасирин тийгизет деп сар санаа болушат.

Мындан тышкары, жаштардын арасында теңтуштары тарабынан опуза талап кылуу көп кездешет. Респонденттердин аз саны районунда балдар ырайымсыз мамилеге дуушар болгон үй-бүлөлөрдү билишкенин белгилешти.

Эл аралык көз караш боюнча, паракорлук, өзгөчө Ош областында салыштырмалуу жайылган көрүнүш болуп саналат, бирок башка анча өнүккөн эмес өлкөлөрдөн жогору эмес. Керектөөчүлөрдү алдоо дүйнөнүн өлкөлөрүнөн көп эмес.

Кыргызстанда/Бишкекте кылмыштуулук жана коррупция көйгөйлөрү көпчүлүк жагынан Чыгыш Европанын өлкөлөрүндө жолуктурууга болот, Кыргызстанда зомбулук кылмыштары азыраак болгонун кошпогондо. Акыркысы, Кыргызстанда, көпчүлүк үйдөгү жана коомдук зомбулуктун актылары алкоголду ичүү менен байланыштуу болгон башка өлкөлөргө караганада, алкоголду колдонуу анча жайылбаганы менен түшүндүрүлөт.

1996-жылы Бишкекте 1000 респондентти тандоонун негизинде ICVS (кылмыштуулуктун курмандыктарына эл аралык сереп жүргүзүү) жүргүзүлгөн. Бул учурда сереп ЮНИКРИ кызматкерлеринин жетекчилиги астында өткөрүлдү. Натыйжалар тиешелүү түрдө жарыяланган, (мисалы, Ван Дайк, 2008[9]), бирок, өлкөдө өзгөчө көңүлдү бурдура алган жок. 2015-жылдын жыйынтыктары менен салыштыруу көрсөткөндөй, өлкөдө мүлк кылмыштары жыйырма жыл мурдагыдай эле бийик деңгээлде калган, ал эми зомбулук кылмыштары бир кыйла төмөндөгөн. Пара алуу жана керектөөчүлөрдү алдоо деңгээлинин төмөндөшү бир кыйла болду.

Мүлк кылмыштарына карата биринчи жыйынтык болжолдогондой, акыркы он жылдын ичинде баардык батыш өлкөлөрдө болуп жаткан дүйнө боюнча мүлк кылмыштарынын дееңгээлинин улануучу төмөндөөсү азырынча Кыргызстанда баштала элек. Мүмкүн болгон түшүндүрмө коопсуздуктун универсалдуу каражаттарын колдонууну кечиктирүүдө камтылган (автомобилдердеги айдап качууга каршы жана тиричилик коопсуздук орнотмолору сыяктуу, ошондой эле күзөт сигнализациялары сыяктуу коопсуздук орнотмолорун сатып алуу). Күзөт сигнализациясы чынында эле сейрек колдонулушун сурамжылоо тастыктайт (баардык үй чарбаларынын 3%).

Практикалык корутундулар, өкмөт кошумча коопсуздукту жайылтууну активдүү колдоого алуу мүмкүнчүлүгүндө камтылган. Бул контекстте төмөн камсыздандыруучу жабуу маанилүү аспект болуп саналат. Бузуу менен уурдоодон камсыздандырууну илгерилөө коопсуздуктун минималдуу талаптарын коюу менен коштолушу мүмкүн.

Паракорлук жана керектөөчүлөрдү алдоо деңгээлинин төмөндөөсү, балким, өлкө бул аспекте, мисалы Грузияга окшоп, рынок экономикасына өткөндөн кийин экономикалык жана саясий туруксуздук фазасынан чыгышын болжолдойт. Муну үмүттөндүрүүчү корутудулар катары кароого болот.

Жыйынтыктардын негизинде сунуштардын тизмеси төмөнкүлөрдө камтылган:

---

9 Ян Ван Дайк, Кылмыштуулук дүйнөсү; SAGE Ca, 2008

1. Кайталануучу виктимизациянын алдын алуу, базарларда уурдалган товаларды сатуунун контролун жакшыртуу үчүн негизги түйүндөрдү табуу жолу менен бузуу менен уурдоонун деңгээлин төмөндөтүү, коопсуздук чараларын илгерилөө, анын ичинде бузуу менен уурдоонун курмандыктарыны арасында ж.б..

2. Кабарлоо жана көзөмөлдөө аркылуу (күзөт видеокөзөмөлдөө системасы) негизги түйүндөрдө (базарларда, коомдук унаада) чөнтөк уурулугунун деңгээлин төмөндөтүү.

3. Паракорлукка каршы күрөшүү боюнча кампаниялар, өзөчө Ош бластында.

4. Кыз ала качуу адамдын жана негизинен аялдын укуктарын бузуу катары маалымдоо боюнча, өзгөчө айыл жерлеринде, маалыматтык кампаниялар. Кыз ала качуу түрк же көчмөн маданияттарда өнөкөт болуп калуу фактысы аракет кылуудан баш тартуунун себеби болбоого тийиш. Мындай кампаниялардын түзүмү 2000-жылдары көптөгөн батыш өлкөлөрүндө аялдарга карата өткөрүлгөн зомбулукка каршы ийгиликтүү кампаниялардан идеяларды ала алат. Бул чөйрөдө илгертен бери болгон карым-катыштар натыйжалуу өзгөтүлүшкөн.

**Кабыл алуу/мамиле кылуу жана практикалык корутундулар менен байланышкан натыйжалар**

Кыргызстан үчүн анкетанын жоромолуна кылмыштуулуктун тенденциясын кабыл алуу жөнүндө суроолор киргизилген. Респонденттердин басымдуу көпчүлүгү кылмыштуулуктун деңгээли көтөрүлдү же стабилдүү болуп калды деп эсептейт. Бул көз караш акыркы жылдары катталган кылмыштардын төмөндөө тенденцияларына ылайык келбейт. Мындай ылайык келбөө, коомдун кылмыштуулукту кабыл алуусу, белгилүү болгондой, чыныгы кылмыштуулуктун тенденциясынан артта калышы менен түшүндүрүлөт. Кызыктуу факт, Ош областынын тургундары кылмыштуулуктун деңгээли төмөндөө тенденциясына ээ деп эсептөөгө жакын. Акыркы пикирге, балким, этностук конфликттер 2010-жылдан бери болбогонуна байланыштуу жеңилдик сезимдери таасир тийгизишкен. Ошондой эле Ош областынын тургундары кылмыштуулук чөйрөсүндөгү келечектеги тенденциялар тууралуу бир кыйла оптимисттүү көз караштa. Ушул эле учурда, Ош областынын тургундары мүмкүн болуучу террористтик кол салууларга байланыштуу кыйла тынчсызданышат. Виктимизация тобокелдиктерин кабыл алуу жана коркуу сезими, чыныгы кылмыштуулуктун деңгээли жогору болгон Бишкекте кыйла жогорку көрсөткүчтөрү менен бүт өлкө боюнча болжолдуу бирдей жайылган. Башка өлкөлөрдөгү ICVS башка сурамжылоолорунда тобокелдиктерди мындай кабыл алуу жана коркуу сезимдери анык тобокелдиктер менен параллелдүү кадам ташташат. Эл аралык көз караш боюнча улуттук көрсөткүчтөр өлкөдө бузуу менен уурулук (жогорку) жана зомбулук кылмыштары (орточодон төмөнгө чейин) боюнча виктимизациянын анык тобокелдиктерине да ылайык келет.

*Курмандыктардын тажрыйбасы*

ICVS анкетасында кылмыштуулуктардын идентификацияланган курмандыктарына алардын мындан кийинки аракеттери жана милиция менен болгон тажрыйбасы жөнүндө суроо берилген. Кылмыштар тууралуу милицияга билдирүүгө даярдыгы орточо дүйнөлүктөн, өзгөчө Бишкектин аймагынан тышкары айыл жерлеринде бир кыйла төмөн болушу аныкталган.

## Полицияда катталган кылмыштардын пайызы; ICVS

## 2005-2015

| | Кылмыштын 4 түрү (автомобилди айдап качууну кошпогондо) | Автомобилди айдап качуу | Бузуу менен уурдоо | Тоноочулук | Жеке мълктъ уурдоо | Кол салуу жана коркутуу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Африка (10 шаар) | 49 | 89 | 63 | 37 | 22 | 28 |
| Азия (6 шаар) | 35 | 78 | 43 | 38 | 16 | 28 |
| Кариб. бассейн. өлкөлөрү(5 шаар) | 43 | 81 | 68 | 59 | 45 | 26 |
| Батыш Европа (15 шаар) | 60 | 89 | 78 | 55 | 54 | 32 |
| Чыгыш Европа (18 шаар) | 48 | 83 | 64 | 36 | 23 | 25 |
| Латын Америкасы (7 шаар) | 35 | 90 | 36 | 23 | 13 | 25 |
| Нью-Йорк (АКШ) | 57 | 97 | 77 | 52 | 36 | 35 |
| Орточо дүйнөлүк көрсөткүч | **49** | **87** | **65** | **44** | **31** | **31** |
| **Кыргызстан** | **35** | **58** | **47** | **41** | **21** | **13** |
| **Бишкек** | **44** | **77** | **68** | **55** | **28** | **36** |

Өлкөдө кылмыштар жөнүндө билдирүүлөрдүн статистикасы, көпчүлүк өлкөлөрдө мындай кылмыш тууралуу дээрлик дайыма полицияга арыз берилген - атомобилдерди уурдоо боюнча азырынча төмөн. Жапа чеккен аялдар дээрлик эч качан сексуалдык кылмыштар жана кыз ала качуу жөнүндө арыз беришпейт.

Мүлктүк кылмыштар тууралуу билдирүүлөрдүн төмөн пайызы милициянын контролунан тышкары фактор болуп саналган камсыздандыруунун төмөн жабуусу менен түшүндүрүлөт. Милиция, кандай гана болбосун, өлкөдө кылмыштуулук жөнүндө маалымдоону арттыруу максатында сексуалдык кордоо сыяктуу кылдат кылмыштар жөнүндө да билдирүүгө жарандарга активдүү дем берип турууга тийиш. Бул жагынан кылмыштар тууралуу билдирген курмандыктарга мамиле негизги мааниге ээ.

Эл аралык көз караште Кыргызстанда милициянын курмандыктарга карата мамилеси менен канааттануу деңгээли аябагандай төмөн (төмөн жактагы жыйынтыктарды кара).

**Полициянын мамилеси менен канааттанган кылмыш тууралуу билдирген курмандыктардын пайызы; ICVS 1996-2015**

| | 3 бириктирилген | Бузуу менен уурдоо | Тоноочулук | Кол салуу | |
|---|---|---|---|---|---|
| Африка (10 шаар) | 31 | 28 | 33 | 41 | |
| Азия (6 шаар) | 45 | 40 | 49 | 48 | |
| Кариб. Бассейнинин өлкөлөрү (5 шаар) | 56 | 48 | 54 | 43 | |
| Батыш Европа (15 шаар) | 63 | 67 | 58 | 56 | |
| Чыгыш Европа (18 шаар) | 30 | 30 | 28 | 34 | |
| Латын Америкасы (7 шаар) | 29 | 24 | 30 | 39 | |
| Нью-Йорк (АКШ) | 54 | 47 | 43 | 69 | |
| Орточо дүйнөлүк көрсөткүч | **44** | **41** | **42** | **47** | |
| **Бишкек** | **21** | **18** | **26** | **28** | |

Tilburg University

Кылмыш тууралуу милицияга билдирген курмандыктардын анча көп эмес саны милиция алардын ишин жүргүзүүсү менен канааттанышкан. Бул жагынан алып караганда, Чыгыш Европада курмандыктардын канааттануусу анча жогору болбосо дагы Кыргызстандын милициясы чынында эле башка өлкөлөрдүн полициясына салыштырмалуу начар көз караштa бөлүнүп турат.

Белгилеп кетүү зарыл, адамдардын анча көп эмес саны камсыздандыруу менен камсыз болгон өлкөлөрдө полиция кызматкерлери, өздөрүнүн жоготууларынын ордун толтурууга үмүттөнгөн кылмыштар жөнүндө билдирген курмандыктардын талаптарын канааттандыруу үчүн өзгөчө күч аракеттерин жумшоого милдеттүү. Финансылар менен шартталган мындай талап, курмандыктардын наараzы болуу себептеринин ичинен чагылдырылат (мисалы, «милиция кылмышкерди тапкан жок», «менин акчамды кайтарып берген жок» көп айтылчу). Ошондай болсо дагы, финансылык кызыкчылыктары, эреже катары анча курч болбогон зомбулук кылмыштарынын курмандыктарынын арасында да төмөн.

Курмандыктардын төмөн канааттандырылышы кызмат көрсөтүүгө багытталган стилде эмес, аскердик стилде иштеген полициянын өзгөчүлүгү болуп саналат, бул мурдагы совет өлкөлөрүнүн укук коргоо органдары үчүн мүнөздүү. Ошондой эле курмандыктардын төмөн канааттандырылышы Грузияда жүргүзүлгөн сереп төө учурунда аныкталган аярлуу жерлердин бири болгон.

Кыргызстандын милициясы кылмышкер идентификацияланбай жаткан учурда курмандыктардын канааттануусун кантип жогорулатуу керек деген суроону карап чыгууга тийиш. Чыгыш Европа (Польша, Эстония) боюнча баардык полиция күчтөрү кылмыш тууралуу билдирген курмандыктарды досторчо кабыл алууга жана колдоого полиция кызматкерлерин үйрөтүү жолу менен курмандыктардын канааттануусун жогорулатуу боюнча «алдынкы тажрыйбасын» берүүгө даяр.

Күтүлгөндөй эле, натыйжалар сексуалдык негиздеги кылмыштардын анча көп эмес курмандыктары атайын колдоо алышканын көрсөттү. Аялдар үчүн бир нече башкалкалоолордон тышкары, өлкөдө кылмыштардын курмандыктарын колдоо кызматтары жок. Ушул сурамжылоонун натыйжасына ылайык, көпчүлүк курмандыктар курмандыктарды колдоо формаларын киргизүүнү оң жагынан кабыл алышмак. Мындай кызматтардын санын жогорулатуу зарылчылыгы бар экендиги анык.

Көпчүлүк батыш өлкөлөрдө, Польша менен Венгрияны кошкондо, акыркы жылдары курмандыктарды колдоо боюнча толук кандуу уюмдар түзүлгөн. Мүмкүн болуучу альтернативалуу модель болуп жакын арада Грузияда киргизилген курмандыктарды колдоо боюнча консультанттарды дайындоо саналат.

Баардык респонденттерге өз районунда кылмыштуулук менен күрөшүүдө полициянын ишмердүүлүгүн баалоо сунушталган. Кийинки таблицада эл аралык көз караштагы натыйжалар көрсөтүлгөн.

**Кылмыштуулук менен күрөшүүдө жергиликтүү полициянын ишмердүүлүгүн баалоо (нормалдуу, жакшы же абдан жакшы)**

| Өлкө | % |
|---|---|
| США | 88 |
| Англия жана Уэльс | 75 |
| Германия | 74 |
| Венгрия | 70 |
| Голландия | 70 |
| **Кыргызстан 2015** | **65** |
| Швеция | 65 |
| Франция | 60 |
| Испания | 58 |
| Эстония | 47 |
| Польша | 41 |
| **Орточо көрсөткүч** | **70** |

Tilburg University

Таблицадан көрүнүп тургандай коомчулук тарабынан Милициянын ишмердүүлүгүн баалоо эл арлык көз караш менен сөзсүз жагымдуу, жана албетте, Чыгыш Европага салыштырмалуу бир кыйла жакшы. Бул кылмыштуулук жөнүндө билдирүүлөрдүн жана курмандыктардын өтө төмөн канааттануусунун төмөн пайызына карата тиешелүү корутундуларды экинчи иретке калтырууга болбойт, бул өлкөдө милициянын кызмат көрсөтүү жаатында негиздүү реформаларды жүргүзүү зарылчылыгын так көрсөтөт.

«Реформалар жана жыйынтык  үчүн» Жарандык союзу

www.reforma.kg

icvs@reforma.kg

«Реформалар жана жыйынтык үчүн» Жарандык союзу изилдөөнүн процессине тартылган эксперттердин жана активисттердин командасы:

Тимур Шайхутдинов, Урмат Казакбаев, Гульшайыр Абдирасулова, Гульнура Жунушова, Самара Папиева, Анна Зубенко

ICVS.REFORMA.KG

реформы
и результат

«РЕФОРМАЛАР ЖАНА ЖЫЙЫНТЫК ҮЧҮН» ЖАРАНДЫК СОЮЗУ – ӨЛКӨДӨ ПОЗИТИВДҮҮ ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮ КОЛДОГОН ЖАНА ИШ ЖҮЗҮНДӨ ЖАЙЫЛТУУГА ШАРТ ТҮЗГӨН, КЫРГЫЗСТАН БИРИКМЕЛЕРИНИН ЖАНА ЖАРАНДАРЫНЫН ЫКТЫЯРДУУ, ФОРМАЛДУУ ЭМЕС, АЧЫК, ЖАЛПЫ УЛУТТУК ТАРМАГЫ.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ, БИШКЕК Ш.
E-MAIL: KG@REFORMA.KG
HTTP://WWW.REFORMA.KG